Жусуп Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университети

Кыргыз филологиясы факультети

Кыргыз адабияты кафедрасы

**Сайра Исаева**

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫ ТУУРАЛУУ ЭТЮДДАР

Бишкек 2013

УДК 811.51
ББК 83.3(2)
И 85

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окуу-медотикалык кеңешинин 2013-жылдын 26-июнундагы чечиминин негизинде басууга сунуш кылынган.

**Жооптуу редактор:** Карымшаков Санарбек, филология илимдеринин кандидаты, доцент
**Рецензенттер:** Садыков Абдыкадыр, филология илимдеринин доктору, профессор.
Искендерова Суусар, филология илимдеринин доктору, профессор.

Исаева С.Н.

И- 85 Азыркы кыргыз поэзиясы тууралуу айрым этюддар
– Б.; 2013. – 115 б.

ISBN 978-9967-02-927-9

Адабиятчы-педагог С.Исаеванын бул кошумча окуу куралы кийинки он жыл аралыгындагы кыргыз поэзиясынын өнүгүү тенденцияларын талдоого алган. Аларда өткөөл мезгилдеги улуттук поэзиянын жанрдык, тематикалык, идеялык, стилдик маселелери анын ирдүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгынын мисалында сөзгө алынат.

Китеп кыргыз тили жана адабияты боюнча адис-филологдорго, студенттерге, аспиранттарга арналат.

И 4603020100-13 УДК 82/821
ISBN 978-9967-02-927-9 ББК 83.3(2)
**© Исаева С.Н.**

## КАЙРА КУРУУ МЕЗГИЛИНДЕГИ ПОЭТИКАЛЫК ТУУНДУЛАР

Шайлообек Дүйшеев – уюткулуу кыргыз поэзиясынын мамлекетибиз эгемендүү болгондон кийин жылдызы жанган белгилүү таланттардын бири. Ошондон бери ал айрым акындардай том-том кылып, аты бар, заты жок ыр китептерди биринин артынан бирин чыгарган жок. Анын сырты жупуну көрүнгөн жыйнактары китеп текчелеринде саргайып жатпай, ыр жандуу окурмандардын жүрөгүнөн түнөк таап, кыйласы элдик ырларга айланып кетти. Мындай болушуна, акынды поэзиясынын бийиктигине алып келген себептердин бири анын табият тартуу кылган ыр жандуулугуна, талантына барып такалары талашсыз.

«Аккан арыктан суу агат» дегендей, акындын энеси Нурбү апа да жөнөкөй кептерди да уйкаштырып сүйлөгөн, кошокту да катыра айткан, сөз баккан аял эле. Көрсө, ага акындык талант, шык эне сүтү менен келгендей. Акындын алгачкы «Аптап» аттуу жыйнагынан эле келечектен көптү үмүттөндүргөн акындык талант байкалса, «Кайдыгерлик» аттуу чакан жыйнагы аны ошол шыктуу, таланттуу делген акындардын алдыңкы катарына алып чыгып, элге таанымал даражага жеткирди. Бул жагынан ал жолдуу болду.

Орустун улуу акыны М.Исаковский чыныгы акындардын касиетин мүнөздөп мындай дейт: «Сила их в том, что поэт сумел вложить в самые обычные слова такие большие чувства и мысли, придал им такую большую значимость и весомость, что читатель не может оставаться равнодушным».(1) Бул пикирдин чындыгы Ш.Дүйшеевдин поэзиясынан ачык, даана байкалат. Акын ырларын атайын жасалма каражаттар менен шөкөттөп, кооздоп олтурбай, элдин баар алышуусунда дамамат, жыш колдонгон карапайым эле сөздөргө эмоционалдык жан киргизип, ал аркылуу омоктуу ой айта алат да, аны окурмандын сезим-туюмуна таасир бергидей, жан-дүйнөсүнө кыттай уюп, жаңырык чыгаргыдай сезимде бере алат. Акын кандай гана турмуш чындыгын сүрөттөбөсүн, анын күрөө тамырын кармай билип, көркөм дүйнө менен турмуш чындыгын жуурулуштура, кээде олуттуу, кээде жеңил ирония же жумшак юмор менен кемелине келтирүүгө жетишет. Ш.Дүйшеевдин поэзиясындагы мындай өзгөчөлүк анын алгачкы ырларында эле акырындап байкалса, улам кийин ал өзгөчөлүк калыптанып, тереңдеп, кеңейип, анын өздүк стили катары көрүнө баштады.

Акындын чыгармачылыгындагы ушундай сапаты илигиртпей байкаган Б.Сарногоев ушундан улам: «Бир топ эле акындар бар, бирок акындын акыны бар да. Шайлообекти абдан жакшы көрөм, өзү чоң акын. Азамат, менин купулума толот. Айылдын турмушун да, шаардын турмушун да катыра жакшы билет, катыра жазат. Жанагы Хасан Каскадеров деген мыкты чыга баштады, Советбек Урманбетовдун баласы Кыялбек деген, а да түзүк, А.Өмүрканов да дурус»(2) десе, Кыргыз эл акыны С.Эралиев:

«Ш.Дүйшеевдин алгачкы ырлар жыйнагы менен таанышып, ага ак жол каалап, макала жазганым эсимде. Анткени, Ала-Тоо койнунан атылган жаңы булактай, анын үнү таза ачык угулуп турган. Андан бери акын аябай өстү, такшалды, тажырыйба алды. Бүгүн Шайлообек – кыргыздын белгилүү акындарынын бири.

(1) Исаковский М. О поэтах, о стихах, о песнях. – Москва: Современник, 1972. – С.10.

(2) Сарногоев Б. Түшүмө Ош базар кирет. Ат кирет, суулар, тоолор кирет // Агым. – 2002. – 18-январь.

Акын, деген сөз эч качан бир киши эмес, эгер ал чыныгы талант болсо, адамдар үчүн жана алардын аң-сезимин ойготуп туруу үчүн жазат. Шайлообектеги ушул өзгөчөлүктү сыйлайм. Бул анын ыр-поэмаларындагы образдуу, оригиналдуу айткан ойлорунан көрүнүп турат. Акындын түгөнбөс күлазыгы – адамдар жана алардын күндөлүк турмушу»(1), – деп алкоосун билдирди. Ал эми белгилүү журналист жана адабиятчы Э.Нурушев: «Чыныгы акын, нукура поэзия адамдын жан-дүйнөсүндө бир коомдук илимдин, кала берсе жашоодогу сыйкырдуу кубулуштардын, айтып бере алгыс көрүнүштөрдүн түйүнүн чечкенге дымактанган парапсихологиянын, атүгүл эзотерика менен **теософиянын** мурда **жайлай алгыс өңүрлөрүнө** сүңгүп кирип, ички бир изги сезимдерге, илме кайып кыялдарга чейин жетип, алардын алчы-таасын аңтарып таштай алат. Ошондон улам болуу керек, акындар көбүнесе бейтаасын (абстракциялык) түшүнүктөрдү көбүрөөк ырга кошот.

Шайлообекте мындай ырлар бар, бирок алар кантсе да анын акындык эн белгиси болуп бере алган жок. Шайлообек өз чыгармаларында азыркы турмуштун кадимки эле нагыз фактыларына, саясий экономикалык, социалдык жана гуманитардык маанидеги конкреттүү, күндүн күйүп арбаган актуалдуу проблемаларына арбын кайрылды. Болгондо да ошол карандай фактыларга эстетикалык бийик ырай берип, окуган же уккан адамдын көңүл көйгөйүндө кыттай уюп калгыдай кыяпка жеткирип, анык поэзияга айлантты. Дал ушул касиет аны башкалардан аттын кашкасындай айырмалаган акындын эн белгиси болуп калды»(2), – деп анын башкалардан өзгөчөлүгүн таасын бөлүп көрсөтүп, талантына баа берди.

Ооба, акын ырларында куру кыялга, ач кыйкырыкка, жалган ойго, кооз сөзгө алданбайт, ал эл турмушунун күнүмдүк көйгөйлөрүнөн чоң проблемаларды таап, жөн жазбайт, жан-дилиндеги ой-сезимдерин кошуп, көркөм жазат. Ал ойдон чыгарылган, жасалма маселелерди, ынанымсыз кырдаал-мүнөздөрдү ырга салуудан качат. Анын ырларында турмуштун өзүндөй жөнөкөй да, татаал да, ачуу да, таттуу да жагдайлар, ой-сезимдер орун алат.

(1) Эралиев С. Жүз жашка шилтенген биринчи кадамың менен, Шаке! // Асаба. – 2000. – 8-декабрь.

(2) Нурушев Э. Акындардын академиги // Кыргыз маданияты. – 2011. – февраль. – № 1.

«Мен бул ырда кыргыздын канында бар, бар кайдыгерликти жаздым. Кыргыздын бардык нерсеге жасаган кайдыгерлик мамилеси акындык жан дүйнөмдү тынч койбоду. Бул ырды менин программалык ырым десем да болот. Мурун мени адабий чөйрө гана тааныса, «Кайдыгерлик» мени белгилүү кылып, акын катары элге таанытып, С.Момбековду обончу катары таанытты. Бул ырым жарыкка чыгаары менен С.Момбеков обон чыгарып, буга куйрук улаш «Эне тилди унуткандар», «Кыянаттык», «Эсиңе кел» деген ырларым чыкты. Ошол убакта радио телевидениеде тынбай ырдалып турду», – дейт акын өзүнүн алгачкы чыгармачылыгы жөнүндө биз менен аңгемелешип жатып.

Эмне үчүн бул ырлар элге мынча тез кабыл алынып, сүймөнчүлүккө ээ болду? Биздин оюбузча, анын мынча популярдуу болуп, район-облустарда, айыл-кыштактарда, түрдүү жыйындарда үзүлбөй ырдалып калышынын себеби, ачык айтуу, айкындык саясатынын кеңири жайылышына, элдик поэзиянын салттарына жакын формада акын элдин жүрөгүндө турган ичине жык толуп, чыга албай жаткан бугун, ой-санаасын элдин өзүнө тартуулап бере алганына байланыштуу. Бирок, булар ошол кездин гана жүгүн көтөрүп, бүгүнкү күнү окулбай калчу ырлар эмес. Алардын мазмунунда кыргыз элинин кечээкиси, бүгүнкүсү, эртеңкиси үчүн да мааниси өчпөс маселелер козголуп, алар ар бир окурмандын ой-сезимине жеткидей эмоционалдык-экспрессивдик күч менен берилет.

Элинин чыныгы патриоту катары кийинки чыгармаларында да кайдыгерликке, ар кандай арамдыктарга каршы келишпестиги, коомдук жана турмуштук кемчиликтерди көрө билип, ага жаны ачып тургандыгы акындын көптөгөн ырларынан даана көрүнөт. Өзгөчө ата салтыбыздын жоголуп бара жатышы, эл казынасынан ичип-жемейдин көбөйүшү, эне тилибизге жасалган өгөй мамиле, ичкилик, сойкулук сыяктуу терс көрүнүштөрдүн жаштар арасында көбөйүп жатышы сындуу жан кейиткен көйгөйлүү турмуш жагдайларын акын конкреттүү сүрөттөөгө алат. Мына ушул турмуш чындыгы акындын «Кайдыгерлигинде» ар тараптан ачылып берилет.

Бул ырда «кайдыгерлик» деген сөз абдан көп колдонулат,бирок бир канча кайталанышы ырдын көркөмдүк сапатын төмөндөтпөстөн, тескерисинче берилчү ой улам кайталанган сайын жаңы ой, жаңы маани берип, анын эмоционалдуулугун арттырат.

Жыгылып жаткан жерде
Айды көрдүк,
Тургузбадык!
Кайдыгерлик!
Кайдыгерлик!
Таш болуп катып калган
Таш боор,
Мерес жанды көрдүк,

Унчукпадык,
Кайдыгерлик!
Кайдыгерлик!(1)

Мындан акындын эл үчүн күйүп-бышып, өзгөчө элдин психологиясындагы терс көрүнүштөргө каршы акындын жан-дүйнөсүнүн ачуу кыйкырыгы сезилет. Акын кайдыгерликтин айынан көзүбүз чындыкты көрбөй кашайып, көрсөк да аны айта албай, аны айттырбай муунтуп келген заманды айыптайт. «Кайдыгерлик» деген сөз кээде түз мааниде колдонулса, кээде «Кайдыгерлик деген эме кашайтып көзүбүздү», «айттырбай сөзүбүздү» деп өтмө маанисинде колдонулуп, таптакыр башка ойду туюндурат. Башкача айтканда, ушул саптарда айтылган «кайдыгерлик» деген сөз тоталитардык бийликтен запкы жеген элдин аянычтуу абалын көрсө да көрмөксөнгө салып келген заманды жерине жеткире жазган. Андан ары акын:

Жалгыздык башка түшсө,
Ашар кылып,
Атаны-үй,
Баланы-базар кылып,
Биз тиккен дарак гана?
Сыйлаган кичүүлөрүн,
Улуусун урматтаган адат кана?
Жашоодо ыйды көрдүк,
Сыйды көрдүк
Жылдызсыз жылмайган түндү көрдүк,
Жыргалдан көз ачылбай
Жыгылып жаткан жерде
Күндү көрдүк, Тургузбадык!(2) –

деп элге суроо менен кайрылып, мурунку элдин биримдиги, ата-баланын, адам менен адамдардын бири-бирине болгон сый мамилесин айтып, «Биз тиккен дарак кана?» деген сап менен, эл өзү курган, өзүлөрүнүн маңдай терин агызып тиккен дарагы – социализм кайда кеткенин билгиси келип, кайра окурманга суроо салат. Ошондой эле ырда кайра куруу мезгилинде жумушсуздуктун күч алышы, ата-бабалар салтына жат көрүнүштөрдүн көбөйүшү реалдуу сүрөттөөгө алынган.

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр – Б.: Шам, 1999. – 139-б.
(2) Жогорудагы китеп. – 139-б.

«Шакемдин поэзиясы да өзүнүн жүрөк титиреткен табигыйлыгы менен кимди болбосун өзүнө арбап турат. Дагы бир нерсени айта кетпесем болбос, ал – Шакемдин ашкере сүрөткерлиги. Ар бир нерсенин, адамдын келбетин, өзгөчө сырткы турпатын таамай тартуу жагынан бүгүнкү күндө Шакеме теңтайлашаар ким бар болду экен? Анын сүрөткерлиги ушунчалык, Шакем көзгө көрүнүп, кулакка угулбаган нерсенин гана эмес, түшүндө да элестетүүгө мүмкүн болбогон нерсенин, айталы, күйүттүн, кайгынын да келбетин сөз менен тартып бере алат. Кадалып окуган кишиге анын ар бир

сабынан «кан» шорголоп турат. Ошондуктанбы, Шакемдин чөмөлөсү да, аптабы да, куду тирүү кишидей чамгарактап жүргөнсүйт»(1) – дейт жазуучу, филология илимдеринин доктору, профессор Б.Усубалиев. Чындыгында эле, акындын ырларын окуганда патриоттук сезимиң «дүрт» этип, терс көрүнүштөргө аянычтуу өкүнүч пайда болот. Анткени ал ырларынын ар бир сабына орошон ойду батырып, кайгы-күйүттүн, кайдыгерликтин бүгүнкү күндөгү портретин тартууга жетишкен.

Жогоруда эскертилгендей, ыр 1985-жылы кайра куруу ачык саясаты башталганда жазылгандыктан, акын ошол кездеги жана ага чейинки коомдук турмуштагы өксүктөрдү, кетирилген кемчиликтерди айтуунун мыкты ыкмасын таап, көркөм чагылдыра алган. Аны окуганыбызда акын социалисттик системаны жамандап, көө жаап, жараксыз коом катары сүрөттөбөй, жалпы эле коомдогу кээ бир кемчиликтерди публицистикалык негизде, абдан курч бергендигин көрөбүз. Төмөнкү саптар буга ачык мисал болот:

(1) Усубалиев Б. Жок дегенде Эштегиң калаар… // Республика. – 2001. – 10-август.

Калк мурасын
Кагазга каалагандай өзгөрттүк бүт,
– көйнөктү өзгөрткөндөй
Жер-суунун аттарын да
өзгөрттүк бүт,
жайлоону жолго айланттык,
Кочкорду Кочкор дебей
«Кочкорка» деп,
Койго айланттык,
Токмокту «Токмак» дедик,
Акылсызды акылман дедик,
Кийбегендин баарысын
Кийдик дедик,
Билбегендин баарысын
Билдик дедик,
Кыйратып салгансып биз
Кыргызды кыргыз дебей
«Киргиз» дедик.(1)

Жогорудагы ырда айтылган кемчиликтер кимдин күнөөсү болду? Буга социализм күнөөлүүбү же өзүбүзбү? Чындыгында совет мезгилинде союздук республикаларга көрсөтмөлөр Москвадан жиберилчү. Бирок өлкөнүн ички иштерин жергиликтүү жетекчилер чечип, Москвадан келген көрсөтмөлөрдү ашыгы менен аткарууну көздөгөн «жагымпоз» саясат жүргүзүп, ичтен иритип, «бөрк ал десе баш алып турган». Мына ушундай жетекчилердин кетирген кемчилигинен улам тарыхыбыз, маданиятыбыз бурмаланып жатканда ага туура мамиле жасоонун ордуна бузукуларга жетеленип,

теңирден тескери токтомдор чыгарылганын тарых өзү таразалады. Акын мына ушул тарыхый чындыкты аңдап түшүнүп, аны туура чагылдырып бере алды. Ошондуктан бул ырдын мазмунунда берилген терең идея, көтөрүлгөн проблемалар да бүгүнкү күндө актуалдуу, курч бойдон турат. Себеби, эл-жерге, эне тилге, адабиятка, маданиятка болгон мамиле эркин эл болгондо деле оңолуп кеткен жок. Акын мына ошого жаны кейийт.

(1) Дүйшеев Ш Арабадагы ыр. – Б.: Шам, 1999, 141-б.

Ш.Дүйшеев турмуштун майда – чүйдөсүнөн баштап, глобалдуу проблемаларына чейин жүрөгү менен сезип, таасирдүү, көркөм бере алган. Акындын «Партия менен сүйлөшүү», «Эне тилин унуткандар», «Кыянаттык», «Эсиңе кел» ж.б. ырлары мына ошол маселелердин поэзияда канчалык чебер чечмелөөгө болорун айгинелеп турат. Акындын «Партия менен сүйлөшүү» ырын компартияга суроо берүү ыкмасы менен башталат. Мындагы «шамал» деген сөз өтмө маанисинде колдонулуп, ал аркылуу куюндуу суук замандын келе жатканын, ал шамал оң жактан да, сол жактан да согуп, элдин келечеги тумандап көрүнбөй калышын образдуу берет. Өзгөчө партия үчүн жанын берген коммунисттердин күндөн-күнгө, жылдан-жылга азаюсу, мурун пир туткан Ленинди сыйлоонун эмне үчүн жок болуп баратканына таң калат:

Компартия
Өз катаңды такта өзүң.
Айкындык. Кайра куруу дегендерди
Баштап өзүң,
Башында калайыктын турсаң дагы,
Ишенбей түйшүгүңө
Азабыңа,
Ишенбей Ильич берген атагыңа,
Эмне үчүн күндөн-күнгө катарыңа
Келгендер азаюда.

Андан ары компартиянын учурундагы келтирилген кемчиликтерди сын көз менен карайт, бирок ошондой болсо да:

Компартия жалган дебе?
Чындыктын жалган кези,
Чындык издеп адамдардын
Чырылдап Кремлге барган кези
Жалган беле?(1)

Мында «ал учурда акыры издеп чындыкты тапчусуң, азырчы?» – деген суроону окурмандардын оюна «кылт» эттирет. Мансапка жетиш үчүн абийирин, жанын сатып партияга өткөндөр эми компартияны, Ленинди жамандаган эки жүздүүлөр экени айтылып, акын дилинде мурунку компартия учурун жактап жаткандай сезим калтырат. Акындын «Кайдыгерлигинде» учугу жаткан ойлор кийинки ырларында андан ары өнүгүп, кеңейип коомдо болуп жаткан өзгөрүштөргө да, өткөнгө да сын көз

менен карап, терең жана кенен түшүнүүнүн түйшүктүү жолуна салат. Себеби, ошол кездин талабы катары социализм өзүнүн кетирген кемчилигин оңдоого аракет кылып, өзүнүн дарегине туура айтылган сындарды күтүп турган. Бул жөнүндө КПСС БКнын Генералдык катчысы М.Горбачев өз учурунда төмөндөгүдөй ойду айткан: «Короче, критика может быть исключительно эффективным инструментом перестройки только тогда, когда в основе будет полная правда».(2) Ал эми Ш.Дүйшеевдин кайра куруу жана ачык айтуу мезгилиндеги жазылган ырларында мурдатан кетирилген кемчиликтерге сын көз караш орун алып, турмуш реалдуулугу образдуу берилет. Акын «Эне тилин унуткандар» деген ырында, «Кайдыгерлик» программалык ырында айтылган эне тил жөнүндөгү оюн андан ары тереңдетип, ошол эле белгилүү ойду конкреттүү, предметтүү, ички сезимдин күчтүү толкуну менен айтууга жетишет. Бул ыр 1988-жылы жазылса, 1989-жылы 23-сентябрда кыргыз тили мамлекеттик тил катары кабыл алынды. Өз мекенибизде туруп, өз эне тилибизди үгүттөп үйрөтүп, кайрадан «киргиздер» кыргызча үйрөнө баштаганы канчалык өкүнүчтүү болсо, Ш.Дүйшеевдин ага чейин эле ырында көтөрүлгөн проблема бүгүнкү күндө да курч бойдон кала бериши эки эсе өкүнүч туудурат.

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. – Б.: Шам, 2001. – 30-б.
(2) Убежденность пора перестройки // Известия. – 1987. – 15 февраля.

Акын тилибиздин мындай аянычтуу абалга келишинин түпкү себептерине издөө салат:

Калайык кечир мени,
Койгум жок мен күнөөнү
Тил үчүн жалгыз гана Мурат эмес.
Сен күнөөлүү,
Сен күнөөлүү!
Бөрк ал десе башыңдан кан алышкан,
Бөдөнөдөй бөжөңдөп жан багышкан,
Эне тилин унутуп мансап үчүн
Эх канчалык маңкуртка айланышкан.(1)

Демек, тилдин жоголуп, ага көңүл бурулбай келишине биринчиден социалисттик система гана эмес, мансап үчүн эли-жерин, тилин да унутууга даяр жагымпоз жетекчилердин күнөөсү экенин, экинчиден ошого көнүп, каада-салтыбызды, Манасыбызды баш кылып, келечек муунга татыктуу үйрөтө албаганыбыз үчүн элди да күнөөлөйт. Ал эми бүгүнкү эркиндигибиз колдо турган күндө тилин тилмечсиз сүйлөй албаган аты кыргыз, заты башка жаштарыбыз күн санап көбөйүшүн эмне менен түшүндүрөбүз! Өкүнүчтүүсү – тилин, дилин, каада-салтын түшүнбөгөн адамдардын да эл-жерге болгон патриоттук мекенчил сезими дээрлик жокко эсе экендиги. Ошентип акын тил жоголсо кандай аянычтуу абалга келерибизди жүрөк титиреткен төмөнкү саптарга сыйдырат:

Тил жоголбойт,

Жоголсо жоголот дил,
Тукумуң да,
Тууруң да
Жоголот бил!
Тил жоголбойт,
Жоголсо айланасың
Колу-бутсуз мунжуга,
Тоголок бир…(2)

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. – Б.: Шам, 1999.
(2) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. – Б.: Шам, 1999. – 145-б.

Улуттун улут экенин дилин, маданиятын, тарыхын, адабиятын анын тили аркылуу гана билип, баалоого болорун түшүнгөн акын мындай жан күйгөн ырдын орто ченинде жана аягында басым жасап дагы кайталап, анын маанисин программалык деңгээлге көтөрөт. Ыр окулгандан кийин эгер ушул абал мындан ары улана берсе, эне тилибиз бара-бара өлүк тилдердин катарына кошулуп калабы деген коркунучтуу сезимдер дили тирүү окурманды ойго салбай койбойт.

Эне тилге болгон мындай мамиле акындын жан-дүйнөсүнө бүлүк салып, бул ырдагы ой «Кыянаттык» деген ырында да улантылып, кыргыз жерлеринин орусчаланышын, ал аз келгенсип жакшынакай адам аттарынын бурмаланышын жеңил ирония менен терең поэтикалуу маанайда конкреттештирип ачып берет:

Жоламан Жорик атка конуп алган,
Токтобай Толик атка конуп алган.
Өмүрү узун болсун деп тилешип,
Ысымын Өмүраалы коюшкандар
«Умри» деп
Умрали болуп алган!
Кыргыз жери кыргызча эмес,
Серафимовка, Быстровка, Орловка,
Кыргыз жери кыргызча эмес.
Сосновка, Покровка,
Көлдө дагы Покровка,
Таласта да Покровка
Покровка, Покровка, Покровка.
Кыргыздын жериндеги татуировка!(1)

Ырдын жыйынтыктоочу аяккы эки сабына баягы эле кайдыгерликтен, ар-намыстын жоктугунан келип чыккан деген күйгүлтүктүү бүтүм сыйдырылган.

«Татуировка» – дегенге чегип, канга, териге сиңдирилип, өчпөс кылып түбөлүккө бир нерсени жазуу же тартуу. Түшүнүктөрдү салыштыруу, ордун алмаштыруу аркылуу акын бул маселе жөн-жай эле нерсе эместигин, ал өтө тереңдеп, эл-жердин бетине чиркөө болгон көрүнүшкө айлангандыгын

ачыкка чыгат. Мындай кайдыгерликке бүт турпаты менен каршылык көрсөтүп, окурмандын да ошол сезимин ойготот.

Акын – сөздүн кулу. Ал зергер сыяктуу сөздөн көз жоосун алган түркүн буюм жасап, окурманды таң калтырат, тамшандырат эмеспи. Улуу акын Эдуарда Межелайтис поэзия деген эмне дегенде: «… поэзия – это тоска по гармонии. Вечная тоска по добру, правде и красоте. Вот что такое поэзия»(2) деп жазган. Калетсиз сөз. Акын качан гана сөздү иштете билүү касиетин жакшы өздөштүрүп, ар бир сөзү менен биздин жан-дүйнөбүзгө бүлүк салып, турмуш чындыгын конкреттүү, предметтүү, образдуу бере алса гана өмүрү узун болот.

«Так как искусство, со стороны своего содержания, есть выражение исторической жизни народа, то эта жизнь и имеет на него великое влияние, находясь к нему в таком же отношении как масло к огню, который оно поддерживает в лампе, или еще более, как почва к растениям, которым она дает питание»(3), – деп Белинский жазгандай, искусствонун кандай гана түрү болбосун ал эл үчүн кызмат кылып, анын мазмунун элдин тарыхы, турмуш-тирлиги, ой-санаасы түзөөрү калетсиз. Ш.Дүйшеевдин поэзиясы да эл турмушу менен өтмө катар байланышып, ар бир ырында элдин турмушунун күрөө тамыры кагып турат. Ал жөн гана «жакыр» турмуш жөнүндө жазбастан, өткөндөгү, учурдагы, келечектеги эл тагдыры деп сарсанаа болот, бирде шаңданып, бирде ыйлайт.

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. – Б.: Шам, 1999. – 154-б.
(2) Межелайтис Э. Что есть поэзия // Известия. – 1984. – 30 март.
(3) Белинский Г. Статьи и рецензии. Том 2. – Москва, 1948. – ст. 510.

«Эсиңе кел» деген ырында «Кайдыгерликте» көтөрүлгөн негизги проблемалардын бири – ата-салтты унутуп, ата-энеге, карыларга болгон өгөй мамилени реалдуу сүрөттөө менен берген. Бул ырды окуганда эмоцияга, чоң психологиялык толгонууга батпай жөн тура албайсың.Бул ырдын кыскача жазылуу тарыхы да бар.Журналисттик кесипти аркалаган акын Кантка жетпей Нижнее-Серафимовкадагы карылар үйүнө барып калат. Карылар үйүнө кирер замат Таластык бир кемпир: – мени алып кеткени келдиңби? – деп акынды телмире тиктейт. Мындай ата-салтта жок аянычтуу тагдырга туш болгон энени акын көз жаздымда калтыра албайт эле. Тескерисинче, андагы аянычтуу карылык, татаал тагдырларга жүрөгү канап «Эсиңе кел» деген ырды жаратат. Кийин жумуштары менен Таласка барып калган акын ушул Таластык кемпирге арналган ырын окуп бергенде залдагы отурган элге катуу таасир этип, кийин баягы кемпирди Таласка алып кетишет.

Ырда акын окурманга кургак акыл-насаат айтып отурбайт, алгач бийик эмоционалдык пафосто сүрөттөп, окурмандын ой-туюму өзү козголгондой абалга алып келет.

Баш багып калсаң кокус,
Бейчеки жүргөн жан деп санабастан,
Бейтааныш экенине карабастан:

– Менминби,
Мен, менминби? – дейт.
– Алып кетчү балам болбо,
Сен, сен кимби? – дейт,
– Чын эле Таласыма
Таласым,
Таласыма.
Алып кеткени келдиңби? – дейт.
Калайык
Кагылайын!
Калкыңа Талас баткан,
Каныкей, Манас баткан,
Кадимки Чыңгыз баткан,
Бир кемпир баткан жокпу,
Бир кемпир баткан жокпу?(1)

Ырдын аягындагы саптардын эки жолудан кайталанышы, ырдын эмоционалдуулугун, таасирдүүлүгүн арттырып турат. Бул ыр жазылган 1989-жылдары да ата-энесин карылар үйүнө тапшыруу же эне баланы таштап кетүү сыяктуу көрүнүштөр өтө сейрек кездешкен, үрөй учурган нерсе катары эсептелчү. Ал эми бүгүнкү күндө коомдогу башка терс көрүнүштөр сыяктуу эле бул ата-салтында жок мындай илдет эч эрөөн-төрөөнү жок массалык түргө айланып бараткандай. Мунун объективдүү жана субъективдүү себептери көп.

Биринчиден, турмуштун кескин начарлашынан, жумушсуздуктун айынан ата-энеси эмес, өз жанын бага албаган жаштардын көбөйгөнү болсо, экинчиден, улууну, ата-энени урматтоо, кадырлоо деген улуттук өзгөчөлүктү, салтты унутуп, Батыштын таасиринде жашаган жаштардын арбышы, үчүнчүдөн, мамлекеттик тартип, идеология жок, хаос өкүм сүргөн заман күнөөлүбү деген чечимге келесиң.

Ошентип, Ш.Дүйшеевди терең ой жүгүртүүгө мажбурлаган, кыргыздын келечеги үчүн жан үрөгөн акын экендигин ынанган кытайлык кыргыз, Бейжин университетинин аспиранты А.Сүйүнбай мындай пикирин билдирет: «Жалпы кыргыз элинин тагдыры жөнүндө катуу толгоо тартып келаткан кыргыздын мыкты, жигердүү азаматтарынын бири катары сизди терең таанып келем. Мен эле эмес, Кытайдын Пекин, Шанхай, Наншиң, Шлан, Үрүмчү сыяктуу шаарларында окуп жаткан студенттердин баары «Кайдыгерлигиңиздин» көп бөлүгүн жат айтып, кыргыз элинин караңгы жагына каңырык түтөтүп, жакшы жагына сыймыктанып, улуу Ала-Тоону бел кылып, улуу үмүт менен жашап келебиз!»(2). Демек, акындын ырлары кыргыз кайда жашабасын, жүрбөсүн бирдей таасир этип, жүрөгүнөн түнөк табат.

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. – Б.: Шам, 2001. – 168-169-б.

(2) Сүйүнбай Аалы. Урматтуу, Шайлообек ага // Республика. – 2001. – 10-август.

Ш.Дүйшеевдин бир топ көлөмдүү, кыскача сюжеттик өзөгү бар «Кыргызбай менен Кыргызгүлдүн баяны» деген ыры да кыргыздардын өз жеринде кор болгон 20 жылдык тарыхты камтыйт. Ыр мындайча башталат:

Калаанын Кызыл-Аскер
Жагындагы чекесинде,
Орустун жалдап кирме
Күпкөдөй бир кепесинде,
Кыргызбай деген жигит,
Кыргызгүл деген келин турак кылат.(1)

Кыргызбай бүгүн кырк жашка чыгып, Маша энеден конок тосууга уруксат сурай албай, мындан жыйырма жыл мурун жаш кезинде калаага келип, заводдо иштеп, айына элүү сом алып, анан там алганча минтип кыйла жыл өтүп кеткенин эстейт. Өзгөчө аянычтуу жери, бүгүн кыркка чыккан Кыргызбай айылдан ата-энеси келсе, үйүнө батыра албай:

«Кожоюн урушпасын,
Акырын
Айланайын акырын» – деп…
Кыргызбай турак-жайын
Кырк жашка чыккычакты,
Кылайган алкак болду,
Кысылган бурчта жашап,
Кыз-уулуң жалтак болду…(2)

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. – Б.: Шам, 2001. – 154-б.
(2) Жогорудагы китеп.

Кыргыздын жаш үй-бүлөсү Машадай далай орустун кенедей тамын ижарага алып, өлбөстүн күнүн көрүп жүрсө, шаарды араласаң орустар итин гүл бактын саясына бөпөлөшүп, кийинтишип, ысык ваннага киринтишип, жээрине колбаса берип багып атса, Кыргызбай менен Кыргызгүл «таранаар тарагы жок, колбаса, эти тургай табагы жок» жүргөнү акындын жанын кейитет. Мына ушундай өз жеринде кор болгон байкуш кантип жер кесип башкага кул болбосун, денесин сатып акча кылып жүрбөсүн деген мүшкүл ой да акындын жанын жай алдырбайт. Анын мындай жашоого туш болушуна жеке эле экөө эмес, өз жеринде туруп, өз элин кор кылган жетекчилер да күнөөлүү деген маани жатат. Бирок ырда кандайдыр бир деңгээлде Кыргызбайда кыргыздын канына сиңген жалкоолук бар деген ой да кыйыр берилет. Дубалдан чеп кылып, конторунун эшигин милицияга тостуруп коюп, далай Кыргызбайдын жанагыдай оор турмушу менен иши жок кенебей жаткан чоңдор айыпталат. Ушундай жоопкерчиликсиз мамиледен улам:

Кыргызбайлар айланды наркоманга,
Кыргызгүлдөр айланды жел таманга.

Ырдын кыскача мазмуну мына ушундай. Акын наркомания, сойкулук, уурулуктун көбөйүп кетишинин себеби, жокчулук жана элди ойлогон бир дагы бийлик ээсинин жок экендиги деген жыйынтык чыгарат. Акындын бул көлөмдүү ыры 1990-жылы жазылган. Ырда 20 жылдык турмуш чындыгы чагылдырылган. «Кыргызбай менен Кыргызгүлдүн баяны» өз эл-жеринде кор болгон Кыргызбай менен Кыргызгүлдүн тагдыры аркылуу өзүнчө бир муундун кейиштүү тагдырын, эл катары намыстуулуктун жоктугун ырга салат акын, ырга салып, окурмандардын ой-сезимине бүлүк салат. Тээ 1990-жылдары Советтер Союзу жаңы тарап, жумушсуздук, ууру кылуу, сойкулук, жокчулуктун айынан жер кесип, тентиген кыргыздар ал кезде бүгүнкүдөй массалык көрүнүшкө айлана элек эле. Ошентип, ырда көтөрүлгөн проблема бүгүн жүз эсе курчуду. Демек, акын ошол күнкү эле саясатты, турмушту чагылдыруу менен келечекти да көрө билип, жуурулуштура көркөм чагылдырып бере алган. Бул акындын кайра куруу мезгилиндеги чыгармачылыгынын бир үзүмү гана. Ал эми Ш.Дүйшеевдин чыныгы сүрөткер, тунук лирик, чыгаан публицист, эпик акын катары ой чабыты кеңейип, чеберчилиги өскөндүгү эгемендүүлүк мезгилине туш келди.

## КАТААЛ ЗАМАН КӨЙГӨЙЛӨРҮ – ПОЭЗИЯ КАЙРЫКТАРЫНДА

XX кылымдын акыркы он жылдыгында заман дайрадай оодарылып кетти. Кол созсоңор эле жыргал кезге жетебиз деп коммунизмдин ынанган куруучуларын тарбиялаган кайран социализм тарыхтын бир бүктөмүндө кала берди. «Рынок экономикасы» деген масканы бетине жамынып капитализм эшикте ээн жердин бөрүсүндөй «эркелеп» турган кези. Мындай чукул бурулуш өзгөчө Орто Азия мамлекеттери, анын ичинде Кыргызстан үчүн коомдук-саясий, маданий жактан оор абалды пайда кылды.

Бирок көптөгөн кылымдан бери жетпей, көксөп келген эркиндиктин өз колубузга тийиши элди чексиз кубантып, 1991-жылдын 31-августунда Кыргыз Республикасы эркин мамлекет болуп жарыяланды. Мына ушул жылдын декабрь айында мурунку СССРдин бир топ республикалары менен катар биздин эркин республика КМШнын катарына кирди. Кыргыз Республикасы өзүнүн Конституциясын кабыл алып, өзүбүздүн гимнибизге, гербибизге, акчабызга ээ болдук. Эркин мамлекет катары ички жана сырткы саясатыбыз жүрө баштап, көптөгөн өлкөлөргө таанылдык. Бир добуштан тунгуч президент А.Акаевди мамлекет башчылыгына шайладык. 1989-жылдын 23-сентябрында кыргыз тили мамлекеттик тил катары кабыл алынып, бул жагынан да бир топ жакшы иш-чаралар жүрө баштаган. Бирок тилдин келечеги үчүн башталган мындай иштер аягына чыккан жок.Бардык тармакта кечиримсиз каталарга жол берилип, эл бай – кедейге бөлүндү. Ал эми К.Бакиевдин келиши менен Кыргызстан кризиске батып, эл ого бетер кыйналып мүңкүрөдү. Мына ушундай коомдук формациянын алмашуусу, экономикалык мамилелердин түп тамырынан бери өзгөрүлүшү, кечээки баалуулуктар менен көркөм нарктын өзүнүн мурдагы жүзүн жоготушу, адабиятыбызды да кошо өзгөртүп, жаңы адабияттын пайда болушуна алып келди. Себеби, ар бир коомдун, доордун социалдык-экономикалык, коомдук-психологиялык шарттары адамдын дүйнө кабылдоосуна таасирин тийгизбей койбойт. Ошондуктан акын болобу, жазуучу болобу өзү жашаган коомдун күрөө тамырын кармап, көргөнүн жазаары да чын. Анын үстүнө адабият менен искусство адам дүйнөсүнүн күзгүсү болуп саналат эмеспи. Акын-жазуучуларыбыздын бир даары азыркы мезгилдин тамырын кармап, жаңыча жазууга аракеттенсе, кээ бирлери партиянын камкордугун көрүп, анын ураанына көнгөн акындар тема таппай, тагдырына таарынып отуруп калды. Белгилүү сынчы, адабиятчы К.Асаналиев бул абалды мындайча түшүндүрөт: «Дүйнөнүн бир тарабын титиретип турган СССРдин кыйрашы аз сандуу элдер үчүн тоо көчүп, сел жүрүп кеткендей эле болду. Айрыкча өзүн дүйнөдөгү «эң алдыңкы, эң демократиялуу» деп жарыялаган көп улуттуу совет жазуучулары үчүн асмандагы күн биротоло батып кеткендей, түн түштү да калды. Ошондогу кыргыз совет жазуучуларынын моралдык ал-

абалы, духу, чыгармачылык психологиясы кандайдыр бир учурлары менен, албетте, бул салыштыруу оңтойсуз, ошондой болсо да, 1920-жылдары Россиядан сүрүлүп, Батыш Европага эмиграцияга кеткен И.Бунин, Г.Иванов, Д.Мережковский, В.Набоков, М.Цветаева ж.б.у.с. эң керектүү орус жазуучуларынын тагдырына үндөшүп, окшошуп кеткен сыяктуу».(1)

(1) Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр // Адабий Ала-Тоо. – 2006. – июль. – № 11.

Бул пикирдин бир далай чындыгы бар. Себеби, каржылоонун жоктугунан китептер, адабий журналдар, гезиттер жарык көрбөй, элдин көбү кара курсакты тойгузуунун камында болду. Натыйжада акчасы барлар «акын», «жазуучу» болуп чыга келди. Алар сырты жалтырак, ичи калтырак китептерин чыгарып, көркөм чыгарма да нагыз «товарга» айланып кетти. Басмаканалар да коммерциялык мүнөзгө өтүп, акчасын алып келгендердин китептерин көркөмдүк жагына эч көңүл бурбай чыгарууга өтүштү да, таланттуу акын, жазуучулардын көбү китептерин чыгара албай отуруп калышты. Мындай адабиятка болгон өгөй мамиле экономикалык жактан мүңкүрөп турган элди руханий жактан ого бетер жакырлантты. Мурунку совет мезгилиндегидей миңдеген нуска менен китеп чыкпай, элге чыныгы көркөм адабий китептер жетпей, анын ордуна жеңил-желпи, коммерциялык мүнөздөгү «Апамдын махабаты», «Министрдин махабаты», «Өгөй кыз» ж.б.у. сыяктуу жүздөгөн китептер популярдуу болуп, окурмандардын көркөм чыгармага болгон табитин төмөндөтө берди. Ал эми радио менен телевидениеде бирин-бири жамандаган саясатчылар менен «шоубизнестин» жылдыздарынан адабият менен искусствого орун тийбей калды. Ошентип, мурдагы бирдиктүү социомаданий мейкиндик ыдырап, анын башаты жана натыйжасы коомдогу түркүн себептерге барып такалды.

Өзгөчө компьютердин заманында радио менен телевидение, Интернет сыяктуу маалымат каражаттарынын тездик менен өнүгүшү факторлору да адабий кризиске алып келиши мүмкүн экенин көрсөттү. Ошондуктан, көркөм адабияттын адамдын адам болуп калыптанышындагы кызматы, таасири, аткарган милдети зор экенин келечек муунга кеч боло электе түшүндүрүү кечиктирилгис чоң проблемаларынын бири экендигин бүгүнкү күн дагы тастыктап жатат.Өзгөчө «Поэзия дүйнөнү таанып-билүүнүн булагы» деп, улуу ойчул Аристотель айткандай, жаңы доордо да бул ишке баш-оту менен киришип, ырсыз өмүр сүрө албай калган акындарыбыз гонорарга да ыраазы болуп, тоё ичип жебесе да, аз нускада китептеринин чыкканына топук кылып калышты окшойт.

Ошентип, бүткүл коомчулукка ачык-айкын көрүнүп, кары-жаш, аял-эркек дебей бүткүл эл баштан кечирип жаткан, жакшы-жаманы, оң-терси аралаш азыркы заманда жашагандар ошол эле эл, элден чыккан саясатчылар жана экономисттер, энергетиктер жана врачтар, мугалимдер. Ырас, азыркы кыргыз поэзиясы совет мезгилиндегидей көркөмдүк-эстетикалык жактан бийик өсүп-өнүгүп кетпеди. Адабият өткөөл мезгилди өткөрүп кыйналып

турса да, бүгүнкү күндө окула турган жыйнактардын чыгып жатканы талашсыз. Бирок, ал китептер элге жетпей жатат, анткени өтө аз нускада чыгып, ал кичинекей бир чөйрөдөн чыкпай калууда.

Кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө дүнүнөн назар салсак, акыркы он-он беш жылдын ичинде проза менен драматургияга караганда поэзия көп иштелгендиги байкалат. Аны 1990–2000-жылдары жарыкка чыккан төмөнкү поэтикалык китептердин толук эмес тизмеси көрсөтүп турат. Алар: Н.Байтемировдун «Махабат нуру», «Кылымдар деми», «Махабатым – элим жерим, ата-тегим», С.Жусуевдин «Күмүш булак», «Адамдар», Э.Ибраевдин «Эсенгулдун ырлары», «Чыгармалар жыйнагынын төрт томдугу», С.Эралиевдин «Кезиктиң күүлөр ээси поэзия», «Ак таңдар», Ж.Садыковдун «Кеч күздөгү мөмөлөр», О.Султановдун «Жан берели сүйүүгө», «Ашуу төр», «Чыгармаларынын көп томдугу», Э.Турсуновдун «Автопортрет», А.Өмүркановдун «Күндөгү так», «Асмансыз жылдар», «Тушалган чагылган», «Чыгармалар жыйнагынын эки томдугу», Ш.Дүйшеевдин «Арабадагы ыр», «Шакен азган», «Шамал», С.Абдыкадырованын «Таң нуру», А.Жакшылыковдун «Тандалган чыгармаларынын беш томдугу», С.Тургунбаевдин «Күндүн көзү», Ү.Асаналиевдин «Чыгармаларынын үч томдугу», К.Артыкбаевдин «Дил сыры», Н.Алымбековдун «Чыгармаларынын үч томдугу», Б.Алыбаевдин «Катаал күндүн ырлары», Т.Бекболотовдун «Муздак тамчылар», К.Култегиндин «Жүрөк конушу». Булар – кийинки жылдары чыккан ыр жыйнактардын толук эмес тизмеси. Мындан сырткары орто жана жаш акындардын, акын кыздарыбыздын бир топ жыйнактары жарыкка чыгып, бүгүнкү күндө пикир айтууга муктаж. Ошондой эле, бул ыр китептердин көбүндө жаңыча ой айтууга, жанрдык-стилдик жактан көп түрдүүлөнүүгө аракеттене баштаганына карабастан, «жарк» этип чыккан талант азырынча көрүнө электей сезилет.

Дагы бир маселе, азыркы кыргыз поэзиясында окурмандардын табитин, улуттук аң-сезимин эсепке албай, бардык жактан батышка түздөнүп, туура келсе, туура келбесе да, жакса, жакпаса да алардан үйрөнүүнүн үстүндөбүз. Бул туурабы же туура эмеспи деген суроону бүгүн койбосок, эртең кеч болуп калбасын деген ой тынч койбойт. Адабиятчы-сынчы Б.Акматов «Кыргыз адабияты элекке түшөбү?» деген макаласында төмөндөгүдөй жөндүү пикирин ортого салат: «Койпоктотпой тике айтканда бүгүн коммунисттик идеологияга берилип, советтик көз карашка каныгып, мамлекеттин маанилүү токтомдорун жетекчиликке алган окурман жок. Ал эми сырттагы окурмандардын өзгөрүүсү өз кезегинде адабиятка карата окурмандардын эле пикирин жаңылабастан, дал ошол окурмандын кызыкчылыгына ылайык көркөм чыгарманы, аны менен бирге адабий процессти, андан ары тереңдетсек, дал ошол адабий процесске баа берүүчү адабий сынды, ал жетекчиликке ала турган адабият теориясы менен адабият таануу илимине да белгилүү бир өлчөмдө жаңылануу керектигин айкындап турат. Ошондуктан бир мезгилде адабиятчылар арасында критерий катары калыптанып калган, элеттик окурмандардын эстетикалык табити начар, орус тилин билбейт, орус

адабияты менен тааныштыгы жок, Батыш адабиятынан маалыматы жок деген сыяктуу баа берүүдөн алыстап, дал ошол «табити начар» окурманга жакындап келүү зарылдыгын да учурдагы адабиятчылар, ошондой эле адабият таануу илими да эске алуусу керектиги анык болуп отурат».(1)

Ошентип, бүткүл коомчулукка ачык-айкын көрүнүп, кары-жаш, аял-эркек дебей бүткүл эл баштан кечирип жаткан, жакшы-жаманы, оң-терси аралаш азыркы заман ошол эле эл, элден чыккан саясатчылар жана экономисттер, энергетиктер жана врачтар, мугалимдер жана соодагерлер ж.б сыяктуу эле көркөм сөз чеберлеринин астына да толгон-токой маселелерди койду. Алардын көбү адам адам болуп жаралгандан бери келаткан көйгөйлөр болсо, көбү социализм таалим-тарбиясын көргөн элдин басымдуу бөлүгүнө мурда түшкө кирбеген, жагымсыз жана жапайы түспөлүндө көрүндү. Дагы бир даары мурда боло келгени менен так ушул кезде өзгөчө курч, ачык коюлуп, мурда жаап-жашырылган терс көрүнүштөр ачык баш көтөрүп, кадыресе турмушту бир капталынан эле эмес, туш тарабынан жиреп кирип келди. Эл бул маселелерди күндөлүк турмушта, чарбачылыкта, рухий тармакта өз алынча чечүү аракетин, тобу менен бир түшкөн оорчулуктан чыгып кетүүнүн же аны жеңилдетүүнүн өз жолун, өз каражаттарын издеп келген сыяктуу эле акындар да аны аңдап-билип, көркөм чагылдыруу аракетинде болушту.

(1) Акматов Б. Кыргыз адабияты элекке түшөбү? // Айкын. – 2007. – 29-март.

Прозаик менен драматургга караганда, заман көйгөйлөрүнө поэзия менен публицистика ыкчам жооп берери мурда эле белгилүү болчу. Өзгөчө акындар буркан-шаркан түшкөн турмушка кайдыгер карай алышпай, ыйман-абийири таза, жарандык-атуулдук позициясы бекем, мекенчил акындар мындайда «унчукпай кое албайм» деген түшүнүктү карманып, өзгөчө жүрөктүүлөрү бийликтин, байлар менен чоңдордун ыплас, элге жакпас иштерин укук коргоочулардан да ашыгыраак ашкерелөөгө өтүштү. Башкаларга караганда алардын «поэтикалык сөзү» элге тез жетип, жугумдуу жана таасирдүү болорун Н.Байтемиров, К.Артыкбаев, А.Өмүрканов, Э.Ибраев, Ш.Дүйшеев сыяктуу акындардын «катаал заман ырлары» таасын айгинелеп турат.

Арийне, кыйла учкай талдоого алынган бул акындардын акындык дарамети, чеберчилиги, ык койгон стилдик жол-жоболору, коомдук жана эстетикалык көз карашы бирдей эмес. Алардын тигил же бул маселени көркөм талдоо ыкмалары, ага жекече мамилеси, чыгарган поэтикалык бүтүмү да бири-бирин кээде кайталап, кээде жакындашып турганы менен көбүнчө бири-бирине окшобой, индивидуалдуу көз карашына эгедер акындык «менди» көз алдыбызга тартат. Ошол эле учурда алардын бардыгына жалпы таандык белги-сапаттар да бар. Ириде алардын бардыгынын лирикалык «менин» жарандык активдүүлүк жана тайманбастык бириктирип турат. Жөн адамдар сыяктуу эле бийликтин туу чокусуна чыгып, өлчөөсүз

байлыкты басып жаткан адамдардын былык-чылыгын, «ийгилигин» ар бир эле «акынмын» деген адам ачык айталбайт. Алардын ичинде да коркоктору, көшөкөр-кошоматчылары, эки жүздүүлөрү арбын, б.а. акындардын баары эле «аяй» эмес. Бул пикир атайын иликтеп, далилдөөнү деле талап кылбайт. Арзымат акындар эзелтеден боло келген, дагы да боло берери анык.

Ал эми Ш.Дүйшеев же Н.Байтемиров сыяктуу кандан-бектен кайра тартпаган акындарды эл-жери үчүн башын канжыгага байлаган жоокерге теңесек болот. Эң негизгиси, алардын поэзиясында чындык бар. Ал эми чындыгы жок поэзия эч нерсеге татыбасын эл да, акындар да жакшы билишет.

Публицистикалуулук же талаш туудурбаган турмуштук фактыларды бетке кармап, таяныч тутуп, түркүн маселелерди кабыргасынан коюу, ал түгүл анын чечилишин талап кылуу, же ал маселеге коомчулуктун назарын буруп, ойлонууга жана аракет көрүүгө чакыруу биз шарттуу түрдө «катаал заман поэзиясы» деп аталган ушундай чыгармалардын өзөктүү мотивин, пафосун түзөт. Албетте, мындай көрүнүш улуттук поэзияда мурдатан эле орун алып, социализмдин, компартиянын «асылдыгын», чарбакеч түркүн адамдардын мээнеткечтигин, эрдигин, кайратын, сүйүүсүн, алардын кайталанбастыгын даңазалоо ыңгайында орун алып, юмордук, сатиралык чыгармаларада гана анча-мынча нерселер мазакталып, күлкүгө айланып келсе, 90-жылдардан тарта ашкерелөөчү поэзиянын мазмуну, пафосу кескин өзгөрүүгө учурап, өкүнүч, кайгы, айласыздык, жек көрүү мотиви позитивдүү нерселерди биротоло жаап салган деңгээлге жетти. Анын пайдубалын турмуш чындыгы, мамлекеттик идеологиянын жайдак мүнөзү, ар ким өзүн-өзү билген замандын кары түзгөнү айгине болсо, экинчиден мурдагыдай чектеп-тыюулардын же цензуранын жоктугу анын тоо суусундай шаркырап агышына, өнүгүшүнө идеялдуу шарт түзүп берди. Өткөн кылымдын 90-жылдарынан бери ушундан улам публицистикалык поэзия дүркүрөп өнүктү. Анын бир өзгөчөлүгү коомдук, мамлекеттик жана жеке адамдык кызыкчылыктардын эриш-аркак, биримдикте каралышы болду. Себеби, дагы да «мамлекеттик» деген түшүнүк мурдагыдай абстрактуу, бүлбүл караанын көрүнгөн нерсе болбой, эгемендүүлүк колуна тийген элге, адамдарга жакын болуп, алар мамлекеттики дегенди меники деп түшүнүү деңгээлине өсүп жетти. Публицистикалык поэзияда мына ушул «мамлекеттики» дегенибиз элдики, меники, сеники жана биздики деген аң-сезим, көз караш бекем орун алгандыктан, жер сатуу, кен байлыктары, суу, токой сыяктуу эл байлыктарын ысырап кылуу иштерине, ыплас адамдардын аракетине каршылык көрсөтүү мотиви бекем орун алып, туруктуу темага айланды.

Арам жол менен байып, бийлик бутактарын менчиктей баштаган адамдар, уруучулук, жердешчилик, тууганчылык, коррупция сыяктуу мамлекеттик түзүлүштүн өзүн мите курттай жеген көрүнүштөр жана алардан келип чыккан же аларга тикелей байланышкан адеп-ахлактык, улуттук рухий-маданий кризис булардын баары сөз болуп жаткан ашкерелөөчү же катаал заман поэзиясынын туруктуу объектиси болуп, а түгүл бул багытта

«ыр жазуу» белгилүү деңгээлде модага айланып, карапайым элге жаккан бул темада чыгарма жазууга ышкыбоздор жайнап чыга келди. Бирок аны ийине жеткирип, жөн эле кур кыйкырык эмес, нагыз поэзия, нарк-насилине жеткирүү баарынын колунан келе беребеди. Болбосо, ансыз деле гезит беттериндеги «калемпир-мурчка» чыланган, бүгүн окулуп, эртең унутулган жайнаган макалалардан алардын айырмасы болбой калмак. Демек, акындын акындыгы мына ушундайда: проблеманы ачык коюп, аны ары образдуу жана көркөм, ары жугумдуу жана таасирдүү ача билгенде, аны сезим-туюмдан, ой-санаадан жууса кеткис кылып сүрөттөп бергенде көрүнөт. Нукура поэзиянын керемет күчү да мына ушундайда таасын көрүнүп, автордун образы, анын көмүскө тургансыган лирикалык каарманы окурмандын өздүк ой-санаасын, көз карашы менен биригип, бир бүтүнгө айланган чыгармалар жана адабий көркөм турмуштун нагыз көркөм-эстетикалык фактысына айланат десек болот. Мындай поэтикалык чыгармаларды талдап, оң-тескерисин ачып берчү сынчы-адабиятчылар сээлдеп кеткенин көңүлгө алуу менен жогоркудай нукура поэзия талабына жарашкан бир катар көркөм туундуларды (авторлорду) азыноолак анализге алып, ой бөлүшүү максатын алдыбызга койдук. Чынын айтыш керек, азыркы кыргыз поэзиясында биз «ашкерелөөчү» деп атаган, аныгында эле 20 жылдан бери эл башынан өткөрүп жаткан катаал замандын туундусу, анын түздөн-түз көркөм чагылышы болгон ар кыл темадагы эсепсиз ырлар, поэмалар, ал түгүл поэтикалык романдар да, ошого жараша акын-авторлор да арбын. Бирок алардын бардыгын сыдыргыга салгандай иликтеп, талдап чыгуу бир адабиятчынын колунан келе койчудай эмес. Анын үстүнө ар кимдин өз табити, өздүк көз карашы, өздүк деңгээли бар дегендей бул жерде субъективдүүлүк сөзсүз орун алары айтпаса да түшүнүктүү.

Астын-үстүн болгон оор замандын (же өткөөл доордун дейбизби) поэзиясынын мүнөздүү белгиси талашсыз турмуш чындыгына таянган публицистикалуулук болуп эсептелет. Адамдар күнүгө өз көзү менен көрүп, дамамат өз башынан кечирип жаткан жакшысынан жаманы, оңунан терси көп көрүнүштөрдү, фактыларды жана процесстерди таяныч туткан Ш.Дүйшеев, Ж.Садыков, Н.Байтемиров, С.Жусуев, Э.Ибраев, Т.Бекболотов, С.Эралиев, Б.Сарногоев, М.Абылкасымова сыяктуу акындар ошол публицистикалык поэзиянын мыкты үлгүлөрүн элге тартуулашты. Алардын көбүнүн күндөлүк басма сөз беттеринде дембе-дем жарыяланып келген курч, ашкерелөөчү макалалардын, радио, телеберүүлөрдө, пикет-митинг, курултай сыяктуу жыйындарда айтылган ачуу, жан күйгөн сөздөрдүн б.а. элдин жашоо-тиричилигиндеги көйгөйлүү, армандуу көрүнүштөрдүн ырга, поэзиянын тилине салынышы катары кароого да болот. Алардын баарына акындар өзүлөрү күбө болгон, аралашып жүргөн турмуш чындыгы кошулуп, жуурулушканда аларды оргуштаган, күйүп-жанган ыр саптарына айландыруу зарылдыгы поэзиянын кадыресе талаптарынан келип чыгаары түшүнүктүү болуп калат. Поэтикалык ой элдин жүрөгүнө тез жетип, сезимин козгойт да, ал кургак сөздөргө караганда жугумдуу болуп, окурмандын ой-сезимине

бүлүк салып, кетпей орноп калат. Демек, публицистикалык поэзиянын булагы турмуштун өзү болуп, кеп аны кайсы акын канчалык күч менен бере алды деген маселеге барып такалат.

Мына ушул жагдайды мыкты түшүнгөн акын А.Өмүрканов эгемендүүлүк кезиндеги публицистикалык поэзиянын көч башында туруп, өз позициясынан тайбай элдин үнүн, арманын, үмүт-тилегин айтуудан, ыплас, терс көрүнүштөрдүн бет пардасын поэзиянын жардамы менен сыйра берүүдөн тажабай келди. Азыркы кыргыз поэзиясынын атуулдук жана сүрөткерлик позициясы бекем, дайым изденүү айдыңында жүргөн, таланты орошон өкүлү катары А.Өмүрканов коюлган маселелердин себеп-натыйжасын, тек-жайын терең аңдап-билип, аларды өзгөчө чыгармачылык жигер менен көркөмдүк жогорку деңгээлде окурмандарга тартуулап келди. Бул жагынан аны мезгилдин үнү жана жарчысы десек да жарашат. Анын акындык да, атуулдук да эрдиги мына ушунда турат.

Ошондуктан акындарыбыздын бүгүнкү күндөгү эң негизги милдети улуттун улут экенин даңазалаган темага сүңгүп кирип, мурдагы адабияттын актай калган барактарын толуктап, чыныгы сөздүн маанисиндеги көркөм поэзияны жаратуу милдети алдыда турат. Акыркы жылдардагы кыргыз поэзиясында совет мезгилиндеги поэзиясынан айырмаланып, заман темасы көп иштелди. Себеби, буга турмуш өзү түрткү болду. Бирок, заманды кемелине келтире мен акынмын дегендин баары эле жаза калган жок. Кээ бир гана акындар башын канжыгага байлап коюп чындыкты чыркырата жазды.

Айтылбастыр, мүмкүн кээде айтылар,
Мен мезгилге конгуроодой кагылдым.
Ар ырымдын үтүрүндө тагдыр бар,
Ар сөзүмдө тамыры бар канымдын –

деген саптардын ээси, Кыргыз эл акыны А.Өмүрканов эл башына түшкөн замандын, өзү жашаган учурдун элесин чыныгы поэзиянын тили менен көркөм, көпчүлүктүн жүрөгүнөн орун алгыдай кылып, биринчилерден болуп ырларындагы ар бир сабына, үтүрүнө чейин сиңирип, кемелине келтире жазып, конгуроодой кага алды.

«Ар мезгилдин өз өкүмдары, өз акыны болот, бул – алмустактан бери келаткан чындык. Бирок ошол мезгилдин кан тамырынын какканын так билчү барометр – көзү менен көкүрөгүн май баскан өкүмдар эмес, чындык үчүн чыркырап күйгөн, коркпой-үркпөй ырлары менен мезгил, коомдун жүрөгүнүн кардиограммасын түшүрө алган акын эсептелет. Акындын ыры коом сасып, бүксүп кетпеши үчүн кенен ачылган ажайып терезе болушу керек, күндөлүк көр турмуштун көйгөйүнөн көтөрүлгөн көз жаш, көкүрөк дарттын дарысы сыяктанган ал ырлар, албетте, от сыяктуу абдан эски, абдан кары өңдөнүшү мүмкүн, бирок ошол от ырлар ар бир жүрөктү, үйдү, коомду жылытып, бир кыргыздын кайгысы – бүт кыргыздын кайгысы, бүт кыргыздын кайгысы – бир кыргыздын кайгысы деген максат, малым-жанымдын садагасы, жаным-арымдын садагасы деген жашоо менен жашаганы абзел. Антпесе акын акын болбой, жамакчы болуп, ырлары

ырсаңдап жасакерленип калат. Поэзия бирөөгө жагынган күндөн баштап өлөт, анткени анын балкылдап согуп турган каны – чындык.

«Уят – поэзиянын жаны, уяты жок акында уяттуу ыр болбойт, ырда уят болбосо ал ыр эмес» – деген А.Өмүркановдун өзүнүн эң сонун сөзү бар. Демек, чыныгы акындык ыйык милдетти терең түшүнгөн акын чыныгы поэзиянын үлгүсүндө эч бир бийликке жасакерленбестен, чындык үчүн өз башын канжыгага байлап коюп, бүгүнкү күндүн Токтогулундай эле элдин жүрөгүндөгү көйгөйүн образдуу, көркөм таамай, курч сүрөттөп бере алды. Анын «Күндөгү так», «Асмансыз жылдыздар», «Тушалган чагылган» деген жыйнактары жарык көргөндөн мурун эле 7–8 ырлар жыйнагы чыгып, жүздөн ашык ыры обонго салынып, элдин сүйүктүү акынына айланып калган. Бирок, ал кийинки жыйнактары менен дагы бир жаңы бийиктикке көтөрүлүп, тематикалык багыты кеңейип, өзгөчө эгемендүү болгон учурдагы замандын агымын, демин Өмүркановго гана мүнөздүү жаңы поэтикалык дүйнөдө ачып бере алды.

Акын бийлик, мансап, адам, Ата Мекен, эл-журт, атуулдук парз, мезгил, эртеңки күн жана махабат ж.б.у. сыяктуу темаларга кайрылып, акындык акыл ой элегинен өткөрүүгө көп күч жумшаган.Анын башка акындардан айырмачылыгы – алынган темага карата эч кимге окшобогон өздүк көз карашынан, айлана-чөйрөбүздөгү оомал-төкмөл дүйнөнүн оош-кыйышына болгон ачык-айкын мамилесинен көрүнүп, алар окурманды ойго салат. Акын ырдын формасын жөнү жок татаалдантпай, мазмундун тереңдигине көңүл бөлөт. Ал өзүнүн окурманы менен сырдашындай чын дилинен сүйлөшүп, курулай акыл айтуудан алыс болуп, ырынын өзөгүнө дайым турмуш чындыгын камтып, аны эмоциянын, көркөм тилдин күчү менен ишке ашырат.

А.Өмүрканов поэзиянын коом алдындагы бийик жоопкерчилигин сезип, эл башынан өтүп жаткан эң орчундуу проблемаларды поэзиянын керемет күчү аркылуу жеткире сүрөттөйт. Акындын заман темасындагы ырларында камтылган кайнаган карандай турмуш чындыгы өзүнө төп көркөм формада берилип, окурманды ойго салып, аны менен бирге болууга чакырат. Анткени, акындын ырларында турмуштун жылаңач эле көчүрмөсү эмес, анын чыныгы поэтикалык тилге айланган жандуу элеси жатат. «Поэзия – сильнее поэта. С каким бы мрачным чувством ни смотрел поэт на жизнь, все равно в процессе создания стихотворения он переживает душевный подъем»(1), – деген орус акыны А.Кушнердин сөзүндө чындыктын үлүшү бар. Поэзия убакыттан алдыда жүрөт. А.Өмүрканов да турмуштун кандай гана «кара тагын» сүрөттөбөсүн, элинин аруу келечегине деген үмүтү дайыма балбылдап турат. Акын улуттун уңгусуна доо кетирип жаткан замандын ар бир көрүнүшүнө күйөт, ага кош көңүл боло албайт. Ал турмуш чындыгын, замандын суук түрүн чүпөрөккө ороп, жумшак кебез менен каптап отурбайт, ал курч конкреттүү, предметтүү, образдуу түргө алып келип окурманга тартуулайт.Акындын сезимтал дүйнөсү социализм доорунун бүтүп, капиталисттик коомдун келиши менен адамдардын жан-дүйнөсүндө жаңы

«климатты» пайда кылгандыгын, ошол жаңы адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн кагылышын, дүйнө таануунун башкача баскычка өткөнүн баяндап, опурланып дайыма элдик духта, патриоттук сезимдин бийик болушуна үндөйт.

(1) Кушнер А. Аполлон в снегу // Советский писатель. Ленинградское отделение, 1991.

Акындын «Күндөгү так», «Асмансыз жылдыздар», «Тушалган чагылган», «Тандалмалар» ыр жыйнактарында заман темасына көбүрөөк орун берилген. Ал гана эмес ыр жыйнактарынын аталышынан эле заман элеси каймана, өтмө маанисинде чагылдырылганын байкоого болот. Мисалы, акындын «Күндөгү так» деген жыйнагынын аталышы жөнүндө мындай деп айтканы бар: «Ар бир жыйнак акындын, акын жашаган мезгилдин балдары, ошон үчүн ага атты акын өзү койгону оң. Күндө так бар – деп илимий изилдөөлөр жазып жүрүшөт, бирок жыйнактын аты ал эмес жердеги жашоо, жердеги замандын күнү жөнүндө «кайдан түштү укмуш чагылган» демекчи, төлү эгиз, телегейи тегиз болуп, бай-кедейи билинбеген пейили алпейим, кой үстүндө торгой жумурткалаган заманда эркиндиктин жоолугун бетине калкалап чыныгы жүзүн жашырган бүгүнкү каардуу, таш боор замандын ушу күнгө калтырган тагы жөнүндө болуп жатат. Асман – бул Көк, Теңири, Кудай. Кой терисин жамынган адилетсиз замандын жүрөккө, мезгилге калтырган тагы – ошо асманын, Теңирин, Кудайын, Манасын унуткандан болуп жатат, биз ошондой опоосуз жылдарда жашап жатабыз, ошого өзүмдүн атуул катары, акын катары көз карашымды билдирейин дегендеги кербезим. Чыны ошол».(1) Ушундан улам ал акындык позициясын тайманбастык менен таасын чагылдырууга өтөт. Акындын «Күндөгү так» (1995) деген жыйнагынын «Көңүл көйгөйү» деген бөлүгүндө 1990-жылдардан 1995-жылдарга чейинки заман темасында жазылган ырлары топтолгон. Китеп 1991-жылы жазылган «Коогалануу» деген ыры менен башталат. Акындын сезимтал жүрөгү:

Жараткан жамандыгын элге бербе…
Шүйкүмү учкан өңдүү, ындыны өчүп.
«Көңтөрүш» деди радио шашке ченде.
Көңтөрүш жакшылыкка алып келбесин
Билишет билими бар ар бир пенде»(2) –

деп келечекте элинин башына оор турмуш түшөөрүн алдын-ала сезип кабатырланат. Ал эмес ошол эле 1991-жылы жазылган «Коштошуу кобуру» деген ырында жаңы эле Советтер Союзу тарап, баш-аламан заман келип, эркиндигин колуна алган кыргыз эли жыргап кетээрине ошондо эле ишенбептир. Андан бери жылдар өтүп, турмуш дал ошол акын сезгендей болду. «Ит нан жебей чанган заманды» жерип, эми кимге кор болобуз, деген ойду көркөм да, курч да сүрөттөөгө өтөт.

(1) Акын – мезгилдин кардиограммасы // Кыргыз Руху. – 2004. – № 30.

(2) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 6-б.

Акылын алмаштырган галстукка,
Анысы көк эшектин куйругундай
Көрксүз, кыска –
Кедейгендер кеп урушат:
«Улут болбой урууларга,
Бөлүшкөн кыргыздарга.
СССРди көөлөп салып,
Жашап кетиш каякта?..»
«Кыргызбайлар акылын бүт
Алмаштырган аракка –
Айтчы кимдер арачалайт,
Өз ич ара сабашса?..
«Куп деген бүт баарына,
Кул мүнөздөн кантип кутулабыз.
Коконго кор болгондой,
Кор болот кимге кыргыз?...»(1)

Чындыгында эгемендүү өлкө болгондон бери экономикалык кризиске белибизден батканыбыз аз келгенсип, «жапайы капитализм» адамдарыбызды ач көз, митайым, дүнүйөкор, алсыз кылып кулк-мүнөзүн да бузду. Кыргыз элине жат – алдамчылык, алып сатарлык, уурулук, баңгичилик, сойкулук, ач көздүк сыяктуу акылга сыйбаган көрүнүштөр күндөн-күнгө турмушубуздан көбүрөөк орун алып, жакаңды карматкан түрлөрүндө көрүндү. Акын «эгемендүүлүк» эмнени алып келээрин алгачкылардан болуп туюп, аны жашырбай жазууга киришкен.

(1) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 14-б.

Акындын акылын аракка алмаштырган кыргыз эми «өз ич ара сабашса?» кимдер арачалап, кимдер бизге боору ооруйт – деген сөзүндө терең мазмун жатат. Ырдын аяккы сабындагы коюлган көп чекит да чоң подтекстти камтып, айтылбас терең ойду сыйдырып тургансыйт. Анткени, эркин, эгемен өлкө болдук деп ооз жүзүндө айтканыбыз менен батыштын, бүткүл дүйнөлүк, эл аралык Валюта фондуларынын көзүн карап, күчтүү чет өлкөлөрдүн эксперимент жасоочу майданына айланып кор болгонубуз чындык. Ал аз келгенсип Батыш өздөрү жериген ар кандай ыймансыз, мыкаачылыкка, зомбулукка үйрөткөн кинолорун дембе-дем көрсөтүп, элдин эртеңки уңгусуна балта чаап жатканы жашыруун эмес.

«Баатыры миң, бийи бир болсо, эл курулат, бийи миң, баатыры бир болсо, эл бузулат» дегендей, эл башкараар азаматтар азайып, биринен-бири «акылдуу» болуп, соттошкондор, абийирин, аброюн акчага сатып аткандар арбыды. Кошоматчылар, эл бузарлар көбөйүп, эл эсебинен байыгандар бийликке келип, алар өздөрүнө ылайык мыйзамдарды чыгарып, калкты каалагандай калчап, элди өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып, ич ара карапайым элди сабаштырып, кыргызды «түндүк», «түштүк» кылып экиге

бөлүүгө жан үрөштү. Булар ар бир атуулду ойлондура турган терс иштер болуп чыкты. Беш-он жылдын ичинде өлкөбүздөгү завод, фабрикалар талкаланып, жумушсуз калган эл өз өлкөсүнөн иш таппай, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө миңдеген атуулдарыбыздын агылуусу жыл өткөн сайын күч алды. Мындай көйгөйлөрдүн баары Анатай Өмүрканов сындуу сезимтал жана намыскөй акындарды бушайман кылып, эл арманын ырга салууга, кандан, бектен кайра тартпай, чындыкты бетке айтууга мажбур кылды. Акындын абийир ыйманы унчукпай коюуга жол берген жок. А.Өмүрканов заман темасындагы алгачкы ырларында эле жалпы жашоодогу кемчиликтерди, тумандуу келечекти сүрөттөсө, кийинки ырларында ушул оор турмушка кантип жеттик, ким алып келди, келечекке эң зыяндуу проблемалар кайсы экенин конкреттүү турмуш көрүнүштөрү аркылуу элестүү, образдуу чагылдырды. Жада калса, акын ар бир пунктуациялык белги аркылуу терең ойду камтып, бийик эмоция, интонация, ыргак окурмандын жүрөгүн козгоп, таасирленткендей деңгээлдеги ырларды жазды.

Акын «Күндөгү так» аттуу жыйнагындагы ырларында эле ошол кездеги президент А.Акаевди түздөн-түз сындап, анын кылган иштеринин эртеңки эл үчүн эч жакшылык, жыргалчылык алып келбесин бетке айтып, жалпы журттун чакчелекей заманга туш болгонун жалпылап көрсөтө билсе, «Асмансыз жылдар» ырлар жыйнагында ошол көз карашы андан ары тереңдеп, көркөм ой-чабытынын түпкүрүнөн чыккан күчтүү, чынчыл үнү ар бир ырында сезилсе, «Тушалган чагылган» ыр жыйнагында чыгармачылыгынын негизги лейтмотиви болгон замандын көйгөйүн жогорудагы жыйнактарындагы кээ бир ырларындагыдай курулай эмоцияга берилбей, бардык көйгөйлүү маселени тереңден көрүп, акындын көңүлү эми экономикалык кризистен дагы руханий жан дүйнөнүн жакырланышына, элдин эртеңки уңгусуна балта чабылып, элдик ар-намыстан ажырап бара жатканына бурулат.

Орустун улуу сынчысы В.Белинскийдин мындай сөзү бар: «Искусствонун коомдук кызыкчылыкка кызмат кылуу укугун алып коюу – анын эң негизги касиетинен, жандуу күчүнөн ажыратуу деген сөз» Чындыгында эле, адабият коомдо болуп жаткан реалдуу турмушту, чындыкты терең сүрөттөп бере албаса, анда абстракттуулукка багыт алып, анын жашоо өмүрү кыска болоорунда шек жок (андай ырлар бүгүнкү күндө өтө көп жазылууда). Адабияттын коомдогу эң башкы милдетин жакшы түшүнгөн А.Өмүрканов «Кыйкырамын келечекке, эртеңге», «Айтпай журтум», «Эй, эр кыргыз», «Түн бир оокумда», «Оо, кудурет, үйү күйүп үмүттүн», «Күйгөн үмүт», «Эл кайда көчөт», «Кор болбой ушул заманга», «Муунду титиреткен муздак шамал», «Эртеңди ойлоп», «Эх, элим ай» ж.б. көптөгөн ырларында азыркы оор турмушка тереңден карап, философиялык бүтүмдөрдү чыгарат.

Жулган жулуп жумурткадай семирди,
Пара алгандар басып жүрөт көңүлдүү.
Бардыгынан кайырчылар көбөйүп,

Карапайым калк кайгыга чөмүлдү.

Кабагы элдин күндө бүркөө, күндө суз,
Улам катуу муундуруп куу турмуш.
«Тар заман» деп, «Зар заман» деп жүрчү элек,
Жок заманга, бок заманга болдук туш.

Эртеңди ойлоп келет, келет үшкүргүм,
Оорулуудай онтоп турат журт бүгүн.
Кары селдей, жүрүп кетчү көчкүдөй,
Эмне болуп кетер экен дүйнө күн..!(1)

Акын жеке өзүнүн адамдык тагдырын эч ойлонбой, элдин келечегин жогорудагы ырында айткандай «жок, бок заманга» алып келген экс-президент А.Акаевге арнап, «Кыргыздын биринчи президенти А.Акаевге», «Хан аз күлөт дечү эле», «Ушул күнгө ким апкелди», «Канталамай», «Уулуң кайда?» деген курч, публицистикалык мүнөздөгү ырларын жазган. Чынын айтканда, бир да кыргыз акыны А.Акаев бийликте турганда анын бетине мынчалык курч сын айтып, ыр жаза алган жок. Ага караганда, аны мактап ондогон ырлар, одалар жазылды. Ал эми А.Өмүрканов 1990-жылы эле «Кыргыздын биринчи президенти А.Акаевге» деген ырында:

Сен ошондо бүт баарына адилет,
Боор ооруткан баласысың президент…
Кийинкиңди өмүр болсо көрөбүз,
Азырынча жакты айтканын эл, жер(2), –

деп калыс позицияны карманып, жагынпоздуктан качып турса, «Хан аз күлөт дечү эле» деген ырында А.Акаевдин бардык жерде күлүп жүргөнүн сындап, «хан көп күлсө – калкынын багы азаят дечү эле»… деген элдик учкул ойду билдирет. Акын бул жерден да көрөгөчтүк кылган. Күлкүнүн аягын 24-марттагы (2005) окуя көрсөтсө, «Ушул күнгө ким алып келди» деген ырын жазууга «Президент А.Акаевдин 19-январдагы газеталарга жарыяланган билдирүүсүнөн улам ушул ой келгенин акын өзү эскертип (бул ыр «Эркин-Тоо гезитинин 1993-жылдын март айындагы санында жарыяланган), А.Акаевдин ошол жылдарда жүргүзө баштаган реформаларынын эл үчүн эч жакшылык алып келбесин туюп, ачык сындоого өтөт. Акын коомдун алдыңкы өкүлү катары карапайым эл сезбеген келечектеги кыйынчылыктын, өлкөдөгү жүрүп жаткан жалпы саясаттын, системанын жараксыз экенин мындайча сүрөттөйт:

(1) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 36-б.
(2) Жогорудагы китеп. – 26-б.

Күнөө кимде: керкидеби, кемиктеби?
Кедейленди келберсиген элдин теңи.
Ушунча бийлик туруп сен билбесең,
Мафияңды карапайым эл билеби?!

Аралда жалгыз калган сыяктанып,
Турасын туталанып күйүп-жанып.
Кантсе да калп күйгөнүң жолу болсун,
Кайран элди калтылдатып жарга алпарып!(1)

Элди эл кылып турган негизги нерселер бар. Биринчиси – жер, экинчиси – эне тил, үчүнчүсү – мыйзам. Советтер Союзунун таркашы менен Акаев президент болгондон баштап өлкөнү социалдык-экономикалык жана саясий кризиске «ит талашка» алып келди. Биринчи байлыгыбыз болгон жерди, кылдаттык менен документтерди жасап, жармакташа сатышты, эне тил баркталбай, мыйзамдар кагаз бетинде калды.

(1) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 28-б.

Замандын бычактын мизинде турганын, эл азабын жүрөгү менен сезген А.Өмүрканов «кайран элдин калтылдатып жарга алпарып» такаганын, ханыбыз өз командасын, мафиясын түзүп алып, эл кызыкчылыгы үчүн эмес, өзүн жана командасын байытуу жолун издей баштаганын, эл менен бийликтин ортосундагы ажырым пайда болгонун таамай, курч, көркөм чагылдырып жазган. Өлкөгө тыйынча пайдасы жок реформаларды чыгарып «жылдын эстүү, мыкты адамы» аталып алганын акын кер какшыкка алып, эгер андай акылдуу хан болсо, элинин муңун биякка кой, «акылдуусу кумурсканын ыйын угаарын» жан дүйнөсүндөгү жалындуу кыйкырыгы сыяктуу кылып, бир күнү элине кылган чыккынчылык үчүн жооп берерин көрөгөчтүк менен чагылдырган. Акындын «Канталамай» (бул ыры «Ак бата» гезитинин 1993-жылы, 28-июнундагы санына жарыяланган) аттуу ыры түздөн-түз А.Акаевге арналып жазылган. Ырдын «Канталамай» деп аталышында терең мазмун жатат. Анткени, «өңү татынакай» президентибиз баш болуп казынасын талап, элдин кан-жинин соро баштаганын төмөндөгүдөй поэтикалык тил менен таасирдүү, таамай бере алган:

Башынан сасып кирген балыкка окшоп,
башталды жогор жактан
канталамай,
канталамай,
канталамай –
бийликке эптеп жетер менен
эки жагын эч карабай,
Хеменгуэй чоң балыгын бир заматта,
Талап кеткен үйүр-үйүр акуладай.
талашууда казынаны…
канталамай,
канталамай.
Таламайды кой деп койбой компоёсуң,
таламайда өзүң бардай…
Тойгондоруң

кулаар жерин жумшакташып,
топ деп түшүп сүлүк курттай,
купшуңдашып жүрөт шаңдуу.
кутулганга кайра кузбай…
Казынаны уурдаса
Амалдуулар,
Көрүстөндү уурдап.
өңчөй жаштар
…Арты туман, алды туюк,
Күн апкелдиң түрү суук.
Энесин кыз муунтуп…
Келесоону гений дешкен
керооздордун күнү тууп...(1)

Акын шылуундарды, эл жегичтерди сүлүк куртка салыштырып, алар заңгыраган үйлөрдү салдырышып, түрлүү машинаны алып, дүкөн жана башка акча түшчү жерлерди ачып коюп, түшөөр жерин жумшактап элдин эсебинен жыргап жашап жатканын ачык, таасын көрсөтөт. Мындай турмуш чындыгын ал оюнан чыгараган жок. Досбол Нур уулу «Эгемен Кыргызстандын тескейи» деген китебинде өлкөбүздүн эгемен болгондогу алгачкы жылдарында мамлекеттик мүлктөн кантип айрылгандыгыбыз жөнүндө төмөнкүдөй жан кашайткан маалыматтарды берет: «Мүлктү мамлекеттен ажыратуунун жана менчиктештирүүнүн жүрүшүнүн алгачкы, биринчи гана этабындагы өкмөттүн жүргүзгөн иштеринин айрымдарын мисалга келтирели. Аларды толук келтирүү мүмкүн эмес, анткени «прихватташтыруунун» биринчи этабы деп эсептелген 1991–1993-жылдар ичинде 10 миңдей ар кандай ишканалар менен объектилер менчиктештирилген. Бул мезгилде негизинен, калктын турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү объектилер (дом быта) коомдук тамак-аш (столовая, рестораны) жана соода түйүндөрү (магазин-универмагдар) б.а., престиждүү деп эсептелген, эч качан зыян тартпаган, дайыма жогорку кирешелүү 3801 объектиси мамлекеттен ажыратылып, өз деп аталган адамдарга болгону 24 млн 978 миң сомго сатылган. Алардын ичинен 1724 турмуш-тирчиликти тейлөөчү объектилердин ар бири орто эсеп менен 216 сомдон, ал эми эл ичинен чоочун кишини катыштырбай өзүлөрү үчүн уюштурган атайын аукциондо 162 объект сатылып, ар бири орто эсеп менен болгону 16 сомго токтогон. 1342 магазиндер менен ишканалар орто эсеп менен 714 сомдон ал эми аукциондо сатылгандары 111 сомдон соодаланып кеткен. Ал эми Кыргыз Республикасында 1991–1997-жылдар ичинде миңдеген объектилер прихват таштырылып, андан түшкөн каражат ашык кеми жок болгону 6 млн доллар (298,5 млн сом) казынага түштү. Ооз ачып айтканга уят, бул сумма – кыпкызыл шермендечилик!»(2)

(1) Өмүрканов А. Канталамай // Ак-Бата. – 1993. – 28-июль.

(2) Досбол Нур уулу. Эгемен Кыргызстандын тескейи. – Бишкек, 2003. – 52-б.

Ушундан улам бул заманды Н.Байтемиров «кутурган заман», К.Артыкбаев «Теңсиздик өкүм сүргөн кор заман» деп мүнөздөсө, А.Өмүрканов бардыгынан курч, түз эле «акмак заман» деп сүрөттөп, аны окурманга таасир этүүчү деңгээлде берет. Окуп көрөлү:

Кутурган иттей тилин салаңдаткан,
Алдуусу алы жогун канжалаткан.
Эсти оодарып жардан чыга калгансып,
Эшикте жинди рынок, акмак заман…
Ыйман, ызат элим деген… унут калды,
Тазадан асманда учкан булут калды.
Эл байкуш эстен танды
Бага албай кара жанды,
Ыйлагым келет кээде,
Көрүп алып «калч-калч» эткен кайырчы
кара чалды.
Тоо заманга түктөйүп турат бүгүн
Баарын саттым, көлөкөмдү сатам бүгүн,
Көргүм келбейт бетинен каны тамган,
Чоңдордун ит күлкүсүн.
Дайрадай өз нугунан ала салган,
Оодарылып кетти заман,
Болсо экен элим аман.(1)

Ыр чечмелеп отурууга муктаж эмес. Окурман акынга кошулуп замандын, элдин келечегине кайгырат. Себеби, ырдагы таамай, көркөм табылган сөздөр, эмоциянын күчү ошондой абалга алып келет. Акын «акмак», «жинди» заман деп жөн эле кыйкыра бербейт, аны ар бир ырында турмуш чындыгынын негизинде далилдеп көз алдыга тартат.

(1) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 77-78-бет

Элдин турмушундагы жакырчылык жөнүндө мурдагы президент Акаев мойнуна алып, 2000-жылы болуп өткөн «Жакырчылыкты кыскартуу жана социалдык коргоо» деген семинарда сүйлөгөн сөзүндө. «Кыргыз Республиакысынын калкынын 55 пайызынан ашууну жардылардын катарына кирет»(1) – деп ачык айткан жери бар. Демек, бул маалыматтан байкалгандай, республикада эки адамдын бири жарды жашайт деген жыйынтык өзүнөн-өзү келип чыгат. Ал эми айрым маалыматтарга караганда, элдин андан көп пайызы жарды. Мисалы, Т.Усубалиев «Надо знать прошлое, чтобы не ошибиться в будущем» деген китебинде: «Как свидетельствуют факты, при проведении так называемых разгосударствление и приватизации государственного имущества его значительная часть продается по существу за бесценок кучке богатейших людей. В результате усиливается расслоение киргизского общества богатых 10–15 процентов и на массу бедных

составляющих 80–90 процентов всего население Кыргызстана»(2) десе, экономика илимдеринин доктору М.Мамбетов калктын ондон бир бөлүгүнүн азыраагы алып сатарлар, алдамчылар экенин, б.а., жаңы менчиктүү капиталисттер гана байышып, ал эми элдин ондон тогуз бөлүгү жакырчылык турмушта жашай баштошы, илим жана билим берүү, медициналык жактан тейлөө, маданият, б.а., социалдык иштер төмөнкү деңгээлге түшүп кетишин белгилейт. Өзгөчө журналист, «Республика» гезитинин редактору З.Сыдыкованын «Народ обречен на вымирание» (Республика, 1999, 30-ноябрь), А.Сатыбалдиевдин «Народ под властью властных» деген эмгектеринде да элдин жакырчылыктан тарткан азабы камтылган. Мындай мисалдарды келтире берсе, сөз аягы узара берер эле. Жакырчылык эми адамдарды тирүү гана кезинде кыйнабастан, өлгөндө да жан кейиткен эң орчундуу маселеге айлангандыгын Эркин Жаныбеков «Бишкектин көрү да алтын баа...» деген ырында дурус чагылдырган:

Ооруса, Өкмөт сенин дарың кымбат,
Көз жумсаң, союшуңа малың кымбат.
Ит-кушка жем болосуң кедей кыргыз:
Кетсең да казып көрүң – бекер кылмак.(3)

(1) Жакырчылыкты кыскартуу жана социалдык коргоо деген семинарда КРнын Президенти А.Акаевдин сүйлөгөн сөзү // Эркин Тоо. – 2000. – 16-февраль.

(2) Усубалиев Т. Надо знать прошлое, чтобы не ошибаться в будущем. II том. – Б.: Шам, 1996. – С. 76.

(3) Жаныбеков Э.Бишкектин көрү да алтын баа... // Республика. – 1997. – 28-октябрь.

Турмушта чыдыктан эч жакка качып кутула албайсың. Анын сыңарындай, акчаң жок болсо «өлгөнгө шарт жок» болуп жаткандыгы, же жашоого мүмкүн эмес, же жатканга жер алганга мүмкүн эмес кыйчалыш жашоодо жашап жатканыбызды ырдын мазмунунан туюнууга болот. Өзгөчө жылдан-жылга пенсионерлердин абалынын оорлошу, жумушсуздук күч алып, товарлардын, газдын, энергетиканын, коммуналдык кызматтын (ысык суу, муздак суу ж.б.) кымбатташы ж.б.у.с. көрүнүштөр – элди кыйнап жаткандыгы да азыркы учурдун жан кейиткен чындыгы. А Өмүрканов «Айылдагы доско кат» деген ырында жогоруда саналып өткөн турмуш чындыгын мындайча чагылдырган:

Жетим-жесир жерди тиктеп боздоду,
Жерге кирчү заман келген окшоду.
Айлың билбейм, а биздердин Бишкекте,
Жүз кишинин азыр ачка токсону(1) –

деп, акын жумушсуздуктун айынан элдин кыйналып турган аянычтуу тагдырын сүрөттөп келип, «Токтоп калды завод, фабрика, бирок», «Токтогон жок таламайы чоңдордун» деген саптары менен элдер жумушсуздуктан ачка

отурса, чоңдор ыгын таап, жеп-ичип жатканын даана сүрөттөгөн. Мына ушул эле турмуш чындыгын Кыргыз эл акыны Ж.Садыков мындайча сүрөттөйт.

Ундун жетпей кебеги,
Жүдөп келди эл эми.
Азык алаар акча жок,
Жумушсуздук себеби.
Жумуш болсо, Нарындан
Жаштар качып келеби?(2) –

(1) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 41–45-б.
(2) Садыков Ж. Ойлонгула кеч эмес // Кыргызстан Маданияты. – 1997. – октябрь.

деп, жашоодогу жакырчылыктын бирден-бир себеби жумушсуздук экенин, айыл-кыштакта же ата-энесин, же өзүн бага албай калган жаштардын самсып, шаарга келишин таасын сүрөттөөгө алат. Мына,элдин кебек унга жетпей, же сатып аларга акчасы жок самсып калган учурда,эл багар эрлерибиздин миллиондоп жеп-ичип жатканы акындын жан дүйнөсүнө бүлүк салат.

Кайда кетти көп акча?
Спикери, вицеси,
Миллиондоп жеп жатса,
Текшергенде уялбай,
«Кийин төлөйм»деп атса...

«Үч миллион кеппи» деп,
Депутаттар талашса,
Уят деген каякта,
Сыйыт деген каякта?(1) –

деп даана, конкреттүү сүрөттөп берсе, Ш.Дүйшеев «Өрт» деген ырында мына ушул турмуш чындыгын образдуу,конкреттүү, элестүү кылып, жогорудагы эки акындын оюн андан ары улап, мындайча берет:

Көңүл канап,өң-алеттен азабыз,
Күндө бөлөк жолго түшүп басабыз.
Күндө бөлөк ыйман күтүп дүйнөдөн
Биз акырын өлүп бара жатабыз.

Бекзаадалар гүлдөп шапар тебишет,
Бейитиңдин так үстүнө жеп-ичет.
Акыйкаттык өлгөн жерде дайыма
Арзыматтар ырдаганы келишет.(2)

Акын айткандай, «акыйкаттын» өзү өлүп жатса, «Акыйкаттык өлгөн жерге дайыма»,»Арзыматтар ырдаганы келишет» деген саптары азыркы көпчүлүк адамдардан уят кетип, кошоматтын коюн сойгон, эл эмгегин жеген бекзаадаларды мактап, күнүмдүк жашоодо эптеп баюуну көздөгөндөр

көбөйгөнүн айтып, акыйкаттык заманына тобо кылат. Мына ушундай баш айланткан заман акыры эмнеге алып келээрин акын мындайча берет:

Ата Журтта ач ылаңач, араң жан,
Аялга окшоп зордукталган таланган
Өрттү көздөй жылып келе жатабыз,
Өзүбүздүн сөөгүбүздөн каланган.(3)

Адилеттик, калыстык, ыйман кеткен ушу заманда Ата-Журтту зордукталган аялга салыштырып, эми «өрттү көздөй жылып келе жатабыз», «өзүбүздүн сөөгүбүз каланган» деп ушул кебетебизде дагы турсак, кыргыз элинин келечегин коркунуч күтүп турганын жүрөгүбүздү «селт» эткизе баяндайт.

(1) Садыков Ж. Жан күйгөндөн айткан сөз // Кыргызстан туусу. – 1996. – 18-октябрь.

(2) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. – Б.: Шам, 199. – 105-б.

(3) Жогорудагы китеп. – 105-б.

А.Өмүрканов мурунку эл үчүн, мекен үчүн, анын бир дем абасы үчүн жанын кыйган патриоттор азыр кескин азайып, заманга жараша адамдардын психологиялык жактан өзгөрүшүн «Өтөсүңбү сен менин партияма?», «Айткылачы, бул эмне?!», «Эх, элим ай...» жана башка ырларында ачык-даана, андан да терең элестеткен. Мисалы, «Эх, элим ай...» деген ырын окуп көрөлү:

Көөнү калбай «Эл» деп элди жегенден,
Арзы-арманын кайрап коюп тереңден..
Шайлай берет жыргамакка ишенип,
«Элди сүйөм» дегендерден, дегенден...

Эх, элим ай, чыдабаска чыдадың,
Эстүү, сергек болчу, болчу сурарым...
Билсең боло, сени чындап сүйбөгөн,
Сени өлтүрүп, сен деп ыйлап турарын.(1)

Кеп чынынан бузулбайт. Элге бирди айтып, өзү эптеп бийликке жетсе, «арам аштан эки бети тултуюп», «айга жетпей мис табактай мелтирейт» деп акын сүрөттөгөндөй, эл деген сөзүн унутуп, өз керт башынын кызыкчылыгын ойлоп өзгөрүп калганын, «сенектик» деп келген социализм мезгилиндеги 100 пайыз жаштардын билим алышы, жумуш менен камсыз болушу сыяктуу жетишкендиктерибиз тып-тыйпыл жоголуп, кийинки мезгилде көптөгөн жаштардын кат таанытбай калышынын, кара курсактын айынан базардан башканы билбей жүрүшүнүн азыркы учурунун талашсыз чындыгы экенин жазат. Элинин эртеңине күйүп, өзгөчө кыргыз мамлекетинин, элинин эртеңи, анын өнүгүшү жаштардын колунда экенин терең түшүнгөн акын:

Ким билет?! Эртеңкини элестетип,
Көңүлүм көп кайгыга канап барат.

Жаш балдар билим дебей соода дешип,
Базарга чыгып кеткен сыяктанат.

Бул эмине?! Эркиндикпи жеткен зорго,
Же жаңы заманынын шарданыбы?!
Ойлосом ушуларды жатып-туруп.
Жан күйөт жакырланып жаткан элге,
Менимче, бул эмне чыккынчылык.
Болбосо айткылачы, бул эмине?!(2)

деп А.Өмүрканов «Ата Мекен астындагы милдетин сезбей, кыргыз элинин түпкү тарыхын же элдик каада-салтты, тилин, дилин түшүнбөй турган жаштар келечегибизге кандай кызмат кылат деп бушайман болот.

(1) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 40-б.
(2) Жогорудагы китеп. – 38-б.

Эгемендүү өлкө болгондон бери коомдун бирден-бир жүрөк өйүгөн маселелеринин бири – бул паракорлук. Бул жылдан-жылга адамдардын айыкпас оорусуна айланып келет. Өзгөчө коррупция, мафия, спекуляция жана башка ар түрдүү кылмыш иштеринин көбөйүшү, эл казынасынан баюу, паракорлук жөнүндө басма сөз беттеринде тынбай жазылып, айтылып келе жатса да, буга каршы алгылыктуу күрөш жүргүзүлбөй келет. Мына ушул проблемаларга байланыштуу 1994-жылы көзөмөл палатасынын төрагасы К.Идиновдун «Калк кашыктап жыйнаганды, чөнтөгү чоңдор чөмүчтөп бөлүп жатат» (Кыргыз маданияты, 1994, 1-январь), «Разгосударствление требует обсуждение» (Свободные горы, 1994, 27-май), Президенту А.Акаеву «Пора и меры принять» (Понарама, 1994, 10-сентябрь), Сыдыков Ш., Бердалиевдин «Областная госадминистрация и удивление княжества» (Свободные горы, 1994, 1-июль),биринчи кластагы кеңешчи, СССРдин тышкы иштер боюнча кеңешчиси болуп иштеген К.Намазбековдун «Политика в интересах запада или нас ждет участь африканских стран» деген интервьюсу (Республика, 1995, 15-август) жана башка ушул сыяктуу көптөгөн макалаларда өткөн жылдардын ичинде республикада мамлекеттик менчикти, соода, турмуш-тиричилик жактан тейлөө объектилерин, турак жай эмес имараттарды менчиктештирүүдөгү мыйзам актыларынын бузулуп жаткандыгы, мына ошонун эсебинен шаар жеринде болобу, айыл жеринде болобу, чиновниктер байып жатышы басма сөз беттеринде тынбай жарык көрүп турду. Мисалы, Намазбеков К. «Политика в интересах запада, или нас ждет участь африканских стран» деген интервьюсунда: «Президентская власть, государственные чиновники сильно коррумпированы, процветает взяточничества»(1), – деп эгер коррупция, ушундай баш-аламандык бир жолго салынбай, экномикалык жактан дагы эле жакырлануу күчөсө, биз баягы өнүгүп келе жаткан өлкө аталбастан, кайра Африка өлкөлөрүндөгүдөй жакыр жашоо күтүп тургандыгына жана бир топ маанилүү маселелерге токтолгон.

Ал эми мындай жанга баткан көрүнүштөрдү өз көзү менен көргөн акын А.Өмүрканов эл эмгегин жеген чиновниктер, паракорлор жөнүндө башка бир топ акындардан айырмаланып, коркпой үркпөй ачык жазууга, жазганда да курч, элестүү жазууга батынды. Мисалы, акындын «Эртеңкини ойлоп», «Кыргыз өлкө», «Кылмышкерди кармаганда колдорун», «Жалбаруу», «Алтын жетпейт» жана башка ырлары буга күбө. Ой тагыраак болуш үчүн «Кылмышкерди кармаганда колдорун» деген ырын окуп көрөлү:

(1) Намазбеков К.Н. Политика интересах запада, или нас ждет участь африканских стран // Республтика. – 1995. – 15-август.

Кылмышкерди кармаганда колдорун,
Кытайдагы мыйзам менен кессе шарт,
Анда биздин эл башкарган чоңдордун
Ажо баштап көбү колсуз калышмак.

Эгерде акын бул ырында айтылчу идеяны жеңил ирония, сөөккө жеткен кер какшык менен берсе, «Айлык жетпейт» деген ырында башкача ыкманы тандап алат:

Айлык жетпейт кийимге эмес оокатка,
Маянама машина алдым десе эгер.
Ал олтуруп очойгон бир кызматка
Эл мүлкүнөн оп тартты деп биле бер.

Айлык жетпейт кийимге эмес оокатка,
Айлыгыма алдым десе үй сатып.
Жегич дей бер, кудук мисал курсакка,
Баарын салган калк казанын кууратып...

Элдин көргөн күнүнө калп кейишип,
Жетер менен жетчү бийлик орунга.
Эл байлыгын энчисиндей жеп ичип,
Кеткендер көп кирип жылуу коңулга».(1)

Ал эми ушул эле турмуш чындыгын Кыргыз эл акыны Ж.Садыков «Жан күйгөндө айткан сөз» деген ырында:

Беш этаждап салган ким?
Бештен үйдү алган ким?
Кантип багып балдарын,
Кайсы айлыкка салганын
Ойлонбойт ээ арман күн!
«Өткөөл мезгил күнү» деп,
Жулган менен алгандын
Эл көзүнчө уялбай,
Жүргөндөргө таң калдым!(2)

(1) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 38-б.

(2) Садыков Ж. Жан күйгөндө айткан сөз // Кыргыз туусу. – 1996. – 18-октябрь.

деп, Ж.Садыков ушунча уяттан кеткен адамдарга таң калса, А.Өмүркановандай жегич, эки жүздүү, эл байлыгын өз энчисиндей көргөн уятсыз адамдарды жазалоо талабын коёт. А.Өмүркановдун «Чөнтөгүмдө шамал улуйт бөрүдөй», «Айылдагы доско кат», «Жан бузулбай, жаратылыш бузулбайт», «Каткырып жүрүш каякта?!», «Уулум кечиккенде», «Тилемчи» сыяктуу ырлары да азыркы замандын суук түрүн көз алдыга тартат. Акындын терме түрүндөгү жазган «Күйгөндөн айтам бир сабак» аттуу көлөмдүү ырында социалисттик замандагы турмуш менен азыркы мезгилдин турмуш чындыгынын өзгөчөлүктөрүн салыштырып, өз ой-тыянагын оргиналдуу ыкмалар менен берет. Алды менен ырдын башталышында заман жөнүндө, андагы адамдын алган орду, милдети, турмуштагы жыргал, куурал жөнүндөгү ой чабытын жазып келип, акын өзү жашаган эки доордун бардык жактарын салыштырып, дегеле социализм доору бизге окшогон майда элдер үчүн эң жакшы жетишкендиктерди алып келгенин көрбөй, аны бир беткей жамандоо калыстыкка жатпасын айтат. СССРдин учурун биротоло жамандап, жокко чыгаруу мүмкүн эместигин, жеке эле А.Өмүрканов, же Ш.Дүйшеев, же Н.Байтемиров эмес, экс-президент А.Акаев Россияда чыгуучу «Независимая газетанын» кабарчысына берген интервьюсунда (1998, 21-апрель) моюнга алат: «Биз мурда өнөр жайлуу өлкө болчубуз, ал үчүн советтик мезгилге ырахмат айтууга тийишпиз. Башка кесиптештеримен айырмаланып, мен СССРге анчалык деле тетири көз менен карабайм. Себеби, ошол тушта Кыргызстан бүгүн өнүгүп жаткан өлкөнүн деңгээлинен бийик стандарттуу деңгээлге көтөрүлгөн болчу».(1)

«Жаңы кыргыздын бир чоң тобуна, анын ичинде мурдагы партиялык бийлөөчүлөргө азыркы байлык-бийликке, мансапка жетүүнүн, же алардын ажырап калбоонун аракетинде калп айтуу, алдоо, эки жүздүүлүк, бийликтегилерге жанталашып кошомат кылуу, бат эле өңүн-түрүн өзгөртүп туруу, ыймансыздык, ар-намысты сатуучулук жана башка тескери мүнөздөр таандык»(2), – деп профессор, экономика илимдеринин доктору А.Мамбетов таамай мүнөздөмө берген. Ал эми Өмүркановдун «Күйгөндөн айтам бир сабак» ырын андан ары окуп, жогоруда айтылып жаткан жашоо чындыгы мындан да тереңделип, көркөм сүрөттөлгөнүнө күбө болобуз. Өзгөчө Советтер Союзунун жоюлушу менен жумушсуздуктун күч алып, завод-фабрикалардын иштебей турушу, колхоз, совхоздордогу мал-мүлктүн таланып кетишин реалдуу кабардар кылат. Акынды абдан кабатырланткан нерселер – бул бүгүнкү күндөгү адамдардын көбүнүн байлык, бийлик, акча үчүн жанталашып турушу, ошондой эле өз максаттарына жетүү үчүн буюмдарды гана товар катары колдонбостон, адамдын ыйманы, ар-намысы, уят-сыйыты, абийири, кызмат орду, иши, денеси жана турмуштук бардык жактары товар катарында сатылып жаткандыгы жана сатылып алып тургандыгы.

Ырахаты дүйнөнүн,

Алтында деп сезчүлөр.
Атаңдын көзү алтындан,
Десе чукуп кетчүлөр.
Эч нерсени сатпаган,
Эл сатты коюн, уй, атын.
Анан жылга жеткирбей,
Абийирин таза уятын.
Батпай кетти көчөгө,
Бака баштуу ургандар.
Эмчегинде энеңдин.
Акча бар десе ойлонбой,
Кесип кете тургандар.(3)

(1) Акаев А. Тобокел кылып чүкө сайып, соко утуп алдык // Асаба. – 1988. – 1–7-май.

(2) Мамбетов А. Улуттук сатылган ар намыстын жана адашкан идеологиянын маселелери. – Б.: Кыргызстан, 1996. – 20-б.

(3) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 50-б.

Акын жазгандай, байлык, бийлик үчүн энесин, атасын да,мекенди да сатып жиберүүчүлөрдүн пайда боло башташы-азыркы заманда карапайым адамдарды да көбүрөөк санааркатып жаткандыгы талашсыз чындык. Ошон үчүн ал өзүнүн ырында дал ошол чындыкты «атаңдын көзү алтындан десе чукуп кетчүлөр» бар деп, өтө жандуу, предметтүү элестетип берип отурат.

А.Өмүркановдун «Асмансыз жылдар» (2001) деген ырлар жыйнагында акындын заман жөнүндө көз карашынын туруктуулугу, бекемдиги андан да тереңдегендиги көрүнөт. Эмоционалдуу жана шакардай кайнаган жан дүйнөсүнүн илептүү табы, көркөм ой-чабытынын түпкүрүнөн чыккан күчтүү, чынчыл үнү заман темасына арналып жазылган ар бир ырында ачык, даана сезилет. Мындай күчтүү патриоттук сезим менен жазылган ырлары айлана-чөйрөбүздө болуп жаткан турмуш-тиричиликтин оош-кыйышына кайдыгер карай албаган дили тирүү ар бир инсандын жан дүйнөсүнөн орун алаары бышык. Бул жыйнагындагы «Кандагы кыйкырык» деген бөлүмдү акын бүт бойдон замандын көйгөйүнө арнайт. Андагы «Кыргыз», «Төрт куурчак жөнүндө», «Дүжүр чалдар», «Түнкү кобур», «Кайырчы», «Базардагы кыргыз балдар», «Кемпай», «Эл куту», «Кандагы кыйкырык» жана башка ырларында биз жашап жаткан замандын нукура реалдуу жүзү мурдагы «Күндөгү так» жыйнагындагы ырларынан да курч, чынчылдык менен сүрөттөлгөндүгү ачык байкалат. Өзгөчө акындын диалог формасында жазылган «Түнкү кобур» ырындагы ата менен баланын аянычтуу маектешүүсүнөн азыркы түбү түшкөн замадын конкреттүү элесин көрүүгө болот:

– Күн эмне үчүн чыгат, Ата?
– Кайсы жерде, кандай бала
«Нан» деп ыйлап,
таң атканча,

күн батканча.
Көздөрүнөн жашы чыкпай,
Үнү чыкпай каргылданса,
Ошолордун бүт эсептеп,
Кудайга айтыш үчүн
Курсагын тойгузгун деп.
Анда неге мени карабайт,
Сен мактаган ошол күн?
Экөөбүз тең
Үч күн бою даам сызбай,
Олтурабыз үйдөн чыкпай,
Же күн дагы пара менен көрөбү?(1)

Азыркы турмушта жумушсуздук күндөн-күнгө күчөп, кара курсактын айын гана ойлонуп, өз жанынан артык көргөн баласына нан таап бере албай, зар какшаган ата-эне четтен чыгат. Ушу кичинекей ырдын мазмунунда акын турмушубуздагы майда көйгөйдөн баштап, жалпы глобалдуу көйгөйгө чейин философиялык ой жүгүрткөн акын «же күн дагы пара менен көрөбү?» деген сабында замандын бузулуп, паракорлуктун жеткен чегин күн аркылуу туюнтат. Ал эми кичинекей наристе аркылуу паракорлук деген айыкпас дарттын баланын аруу сезимтал, таза жүрөгүнө так салуусу, бул келечектин тагы экенин айтат. Бул ырда жетишпестиктин, ач замандын азабын тарткан ач ата менен наристенин аянычтуу элестерин тартылат. Мына ушундай заманда келечек муундан психологиясы кескин өзгөрүп, дүйнө таануусу, айлана-чөйрөгө болгон мамилеси тумандап, алар үчүн таза жүрөктүү, аруу сезимди көрүү өтө кыйындагандай. Ал эми акын «Кышындагы каргалар» деген ырында болсо:

Эл эртеңи эмне болот билбей турам,
Туш тарабым караңгы туман...
Жер жайнаган жогорку окуу жайдан
Жарым акыл жаштар келет жер жайнаган.(2) –

деп назарын дагы бир орчундуу маселеге оодарат.

Бул ырда айтылган ойдун чындыгы бар. Мисалы, «Вечерний Бишкек» газетасында төмөндөгүдөй маалыматтар берилген: «В прошлом году в институты, академии и университеты Кыргызстана – на все формы обучения было принято почти 45 тысяч студентов. По-прежнему республика занимает одно из превых мест в СНГ по количеству грызущих гранит наук и вузов. По сегодняшним данным, мы имеем 93 высших государственных и негосударственных учебных заведений, если считаь во всеми филиалами и отделением. Это 10 раз больше чем было в эпоху расцвета социализма».(3)

(1) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995.
(2) Өмүрканов А. Асмансыз жылдар. –Б.: Кыргызстан, 2001. – 123-б.
(3) Вечерний Бишкек, 1999, 7-май.

Жалпысынан алганда, акын чөйрөбүздө болуп жаткан терс көрүнүштөрдү кандай болсо, так ошондой көркөм сүрөттөп, курч таасирдүү тил менен бере алат. Анын «Хан аз күлөт дечү эле», «Ушул күнгө ким алып келди», «Канталамай» деген ырларында анын кылган иштеринин терс жактарын түбүнө түшүрө сындап жазса, «Кандагы кыйкырык», «Көлдөгү үргөн көк дөбөт» деген ырлары азыркы мезгилде ар бир кыргыз атуулумун дегендерди сарсанаага салып кабатырланткан Ысык-Көл проблемасына арналган. «Кандагы кыйкырык» деген ыр Кум-Төргө бараткан машинанын авария болгон күнү жазылган. Бул ыр ошол бир күндүк гана авария эмес, дегеле азыркы кара баскан, кайдыгерлик заманды жалпылоого алат. Ысык-Көлдү ата-бабаларыбыз көздүн карегиндей сактап, биздей урпактарына жеткирсе, биздин ага жасаган мамилебизди, дегеле биздин эл үчүн деп ураан таштап жүргөн «мыкчыгерлерди» жерине жеткире сынга алат. Өзгөчө акындын:

Ушул көл ата мурас белек эле,  
Эртеңки муундарга белек эле.  
Алтынды жатка бекер берген өңдүү  
Көлдү да үстөгүнө бердиңби же?!

Эй өкмөт, не жалдырап турасыңар?  
Эмнеге көңүлүңөрдү бурасыңар?  
Байкуш элди алдагандан башка дагы,  
Маанилүү кандай жумуш кыласыңар?

Же элби кедейи арбын балдарынан?  
Же бийликпи бирөө жалгыз бийлеп алган?  
Же аты бар, же заты жок демократиябы.  
Пара менен колу-бутун байлап салган?(1) –

деген саптары бутага таамай тийген октой таасир калтырат. Бул – биз жашап жаткан «эркиндик» замандын так, конкреттүү көркөм картинасы. Ырдагы «алтынды жатка бекер берген өңдүү» «көлдү да үстөгүнө бердиңби же» деген саптарда каймана, терең маани жатат.

А.Өмүрканов элдин бакубат келечеги үчүн чындыкты айтуудан жазганбаган, жасакерленбестен, Ата Мекен деп соккон чынчыл жүрөгү бар акын экендигин «Тушалган чагылган» аттуу ырлар жыйнагы дагы бир жолу тастыктады. Акын бул ырлар жыйнагы менен позициясы бекем, көз карашы терең, нукура элдик акын экенин дагы бир жолу көрсөттү.

Жыйнакта ар кыл темада ырлар киргизилип, «Каар гүлү», «Тушалган чагылган» деген бөлүктөрүндөгү ыр түрмөктөрүндө заман чындыгын мурдагыдан да терең сүрөттөп бере алды. Китепти ачканда эле акындын «Ата журт» деген ыры окурмандын көңүлүн өзүнө бурат. «Сен ооруба, мен ооруюн Ата-Журт» деп улуу акын А.Осмонов жазып кеткендей, А.Өмүрканов тээ эгемендүүлүктүн алгачкы күнүндө башталган замандын

кесели, эми айыкпас дартка айланганын кан шүйшүңдөп жүрөгүнөн, денесинен агып жатканда:

Оорумдан айыгайын,
Бир жан керек бер» – десең.
Сени бийлеп турган бербейт,
Сени сүйгөн мен берем»(2), –

деп жазат.

(1) Өмүрканов А. Асмансыз жылдар. – Б.: Кыргызстан, 2001. – 135-б.

(2) Өмүрканов А. Тушалган чагылган. – Б.: Акыл, 2005. – 100-б.

Мында Ата журт метафоралык мааниге ээ болуп, адамга салыштырылат. Акын дайыма Ата журттун амандыгын тилейт да, элине болгон чексиз сүйүүсү улам кийинки ырларында көркөм ачыла берет. Анын ар бир ырында мезгил тарыхы жатат. Акын мындан мурунку жыйнактарында элдин «акмак заманга» туш болгонуна бийликтегилерди күнөөлөп келсе, эми кыргыз элинин канына сиңип бараткан кошоматчылык, кайдыгерлик, ач көздүк, жоош, момун мүнөзүнө наалат айтып, жаны кейийт. Акындын жүрөгүнө баткан заман көйгөйү көөдөнүнөн тээп чыгат да, сезимди «селт» эттирген мындай ырларды жазат:

Алтымыштай университет ичинен,
факультет жок кошоматка үйрөткөн.
Бирок элдин дээринде бар белем,
Чоңду көрсө үч бүктөлүп жүгүнгөн?

Көрүп алып жүгүнгөнүн алардын,
бүлүнбөгөн жерим мүлдө бүлүнгөн.
Бийликченге эл бийлебей титиреп,
бийлик элге бийлеп турсун дайыма.

Бүгүлгөндүн бүт турпаты бүгүлгөн,
Жүгүнгөндүн иши болот жүгүнгөн.
«Чындык» деген кыйкырыгың кылычтай,
Чыгып турсун жүрөгүңдөн, жүлүндөн...
Кошоматка кол куушурбай көзүңдү ач,
Мен түңүлгүм келбейт эрте тирүүдөн.(1)

(1) Өмүрканов А. Тушалган чагылган. – Б.: Акыл, 2005. – 102-б.

Ошентип, «жоош элдин жоoштугу жоо болгонун» таамай баяндап келип, сүлүк курттар» соруп жок калган эл казынасын, жалпы жакырланган элдин образын жалпылоого алат. Акын кандай гана турмуш чындыгын жазбасын, чын жүрөктөн күйүп жазат. Бул көлөмдүү ырда бийлик жана эл, элдин канына сиңген кошоматтык жана момун мүнөзү, бүгүн жана эртеңки күн сыяктуу терең философиялуу, окурманга берилген суроо бардыгы устаттык менен жуурулуштурган. Акындын поэзиясында интеллектуалдуу поэзияга

мүнөздүү өзгөчөлүктөр да бар. Себеби, А.Өмүркановдун ырларынан терең мазмунун жеткире түшүнүү үчүн коомдук кырдаалды терең түшүнүп, ак караны ажырата билүү зарыл. Ошондой эле, көп жылдар өтсө да, акындын ырларын окуу мезгилге туура баа берип, өзүбүздү оңдоого көмөк берет десек да болот. Себеби заманды жазуу менен акын адам таануу маселесине терең, ар тараптан ой жүгүртүп, акындык орошон талантынын күчүнө салып, чыныгы поэзияга айлантат. Бүгүнкү күндүн коркунучу экономикалык кризистен да өтүп, жан дүйнөнүн жакырланышы күч алып, улуттун уңгусуна доо кетип жатканын тынчсыздануу менен чагылдырган ырларынан даана көрүнөт.Мисалы, улуттук маданият мартабасын түшүнбөгөн, театр көрбөгөн, китеп окубай, ит баккан «маданияттуу киргиздерге» арнап, «Ит багып алган кыргызга» деген ырын жазса, таңдан-кечке жанын үрөп иштеп тапкан акчасына атасы, энеси, баласы келини, күйөө баласы, кыздары чогулуп ичкич болгондогу жийиркеничтүү көрүнүштү «Өзүңдү ойлоп» деген ырында чагылдырат. Эне сүтү оозунан кете элек кыздарыбыз, өз денесин сатып, аларды коргоп алар жигиттерибиз өз жанын бага албай калганын «Күл болот жерим күйбөгөн» деген ырында сүрөттөсө, өлө элек атасын, энесин өлтүргөн, алдамчы, ыймандан кеткен жаштардын түрү суук образын «Алдамчы кайырчылар» деген ырында таасын, көркөм чагылдырган.

Өзгөчө акындын «Күл болот жерим күйбөгөн» деген ырын эмоцияга батпай окуй албайсың:

Уланаар жашоо турмушу,
Ургаачы улут уңгусу.
Уңгуга балта чаптырган,
Эмне кылсам күндү ушу?!(1)

Чындап келгенде, экономикалык кризистен 5–10 жылдын ичинде чыгып, жакшы жашоого жетүүгө толук мүмкүн. Ал эми көчөдө, чет өлкөлөрдө денесин сатып, ар кандай жугуштуу оорулар менен ооруп, жарым жан балдарды төрөп, жетимдер үйүндө эне мээримин көрбөгөн балдардын күндөн-күнгө көбөйүп, элибиздин уңгусуна балта чабылып жатканын оңдоо үчүн канчалаган жылдар керек болду экен дегенди ойлогондо айлаң кетип, заманаң куурулат. Мына ушул турмуш чындыгын көзү менен көргөн акын кантип күйбөй, жазбай, жар салбай отура алсын. Акын ал эмес жанын коёрго жер таппай, заманасы куурулуп:

Бүгүнкү күн эртеңкиге чылап уу,
Турганда бу алай-дүлөй, кымгуут.
Көр өзүнө көз тилеген сыяктуу
Тилейм сенин амандыгың, Ата-Журт.(2)

(1) Өмүрканов А. Тушалган чагылган. – Б.: Акыл, 2005. – 102-бет
(2) Жогорудагы китеп. – 99-б.

деп, амандыгын тилеп, зар какшайт.

Жогоруда айтылгандай, А.Акаев Президент болуп турганда кетирген кемчиликтерин акын А.Өмүркановдой көбү айта алган жок. Буга дагы ачык

мисал катары «Тушалган чагылган» ыр жыйнагына кирген «Президент А.Акаев түз эфирге чыкканда», «Жалган айтуу боюнча», «А.Акаев президенттик шайлоого дагы өзүн коёрун уккандагы ыр», «Ажонун туулган күнүнө», «Президент шайлангандагы ой» сыяктуу бир топ көлөмдүү ырларында аянычтуу эл тагдыры менен жуурулуштура президенттин кетирген кемчиликтерин жалтанбай курч, ирония менен сүрөттөөгө батынганына ыраазы болосун. Ошентип, улуттук ар – намыс, патриоттук сезим, эл – жерин чексиз сүйүү А.Өмүркановдун поэтикалык ой толгоолорунун түпкү, уңгулуктуу философиялык негизин түзөт.

Кийин жазылган «Күкүк», «Ак Мактым», «Эс ойготор» поэмаларында,жада калса арноо ырларында да акын заман менен улуттук ар-намысты байланыштыра карайт. Мисалы: «Роза отунбаевага», «СИЗОдогу досум К.Турманбетовго», «Депутат Б.Шерниязовго» ж.б ырларынан даана көрүнөт. «Тушалган чагылган» бөлүгүндө жети ырдан турган ырлар цикли бар. «Эркин Кыргызстан» партиясынын орун басары Шералы Назаркуловдун арбагына арналган ыр», «Сылыктар», «Сөз угулат өлгөндө да эсте калчу», «Эстелик алдында», «Силерлик кан», «Быйылкы жаан», «Толку толкун» аттуу ырларында мерез, таш боор мезгилдин деми согуп турат. «Деги ким болбосун, кечээки же эртеңки эмес, учурду, өзү жашаган учурдун элесин кемелине келтирип, төрт тарабын төп таамай, ажарын ачып, кийинкиге калтыруу – кыйындын кыйыны. Аны илимпоз иликтеп, санжырачы саймедирегиче, акын гана алаканга салгандай, ташка тамга баскандай так жана көңүлдөн кетпегидей көркөм айтып, көпчүлүктүн жүрөгүндө орун таап алат» (Өмүрканов А. Жүз жашка шилтеген кадамың менен Шаке! // Асаба, 2000, 9-декабрь), – деп акын мындай чыгармаларга өзү кыска мүнөздөмө берип койгон сыяктанат. Ошентип акын улуттук ар-намыс, элдин эртеңин жогорудагыдай ырларында гана эмес, поэмаларында мыкты чагылдырган.

Кандай заман, кандай коом болбосун, өз жол-жобо, мыйзамы менен ошол мезгилде жашаган элдердин тагдырына өз таасирин тийгизери айкын нерсе. «Гумандуу» деп мактаган социализм доорунда акыркы жылдардагы эл каттоонун жыйынтыгын айтсак, 12 улут жер үстүнөн «жок» болуп, б.а. чоң балык кичине балыкты жутуп койгондой эле кеп болуптур. Ушундай жоболоң жосун тээ илгертеден болуп келген, азыр да болуп жаткан жана эртең да боло бере турган тарых чындыгы. Мындай болгондо алмустактан бери карай эл болуп, журт болуп тарыхка таасын из калтырган, байыркылыгы баарыга малым алакандай кыргыздын тагдыры кандай болот? Мүмкүн «Сактансаң – сактайм» – деп жараткан эгем жарыя айткандай, сактана турган ааламга түн түшүрүп келаткан алааматтан кара жанды калкалай турган айла бардыр? «Сууга чөгүп бараткан – саманды кармап далбастайт» дегендей, азыркы аз элдин абалы, чын эле жоголуп кетүү коркунучундабы? Эгер андай жоголуудан калкалап, сактап калар болсо, ал кандай жол?! Ал жолду акын А.Өмүрканов «Ак Мактым», «Күкүк», «Эс ойготор» поэмаларында учугун узун уламыштарга негиздеп, бүгүнкү күндүн ушул көйгөйүн өзүнчө чечмелейт. Эл тагдыры ээр кашына келип калганда

эрөөлгө эр азаматтар чыккан эмеспи. Эзелтен ушундай болгон, бирок бул жолу калкым деп кара жаак кайкы тил акын чыкты. Ал өз Мезгилинин балкылдап соккон күрөө тамырын кармап, андагы «кылт» эткен өзгөрүүлөрдү туюп, бирөөлөр сезбегенди сезип, өз заманынын барометри, өз улутунун жыргал кууралынын сейсмографы боло алды. Тээ Акаевдин бийлигинин арааны жүрүп турган кезде эле акын Акаевдик реформанын улуттук деңгээлде эмес экендигин, ал улуттун уңгусуна доо кетирерин, доо кетирип эле тим болбой тукумун курутарын тайсалдабай, жалпаңдабай ачык айтып, эл сүймөнчүлүгүнө татыган.

Дүйнө жоктон барды тапканына топук кылбай, улам ийне менен илим казып, ач көз арaанын ачып отуруп, акыры мына «ааламдаштыруу» («глобализация») деген алааматка апкелип такады. Дүйнө тагдыры, адамдын дүйнөдөгү орду, анын жашоосунун маани мазмуну асты-үстү болуп өзгөрүп, таанылгыс болду. Үч уктаса түшкө кирбеген таш боордук, сойкулук, адилетсиздик, эки жүздүүлүк бүгүнкү күндүн турмуш чындыгына айланды. Жердин жердик касиетине, элдин элдик кудуретине доо кетти. Эл-жер экологиясы жабыр тартты. Ушулардын айынан жан экологиясы бузулду. Алдуусу алсызын жеп кирди. Күчтүү күчсүзүн күнүлөдү. «Кудайдын күнү баарыга бирдей тийет» деген сөз калп болуп чыкты. Канчалаган калк кайыды. Азыр да кайыганы турат. Эмне кылуу керек?

А.Өмүрканов мына ушундай «бар» же «жок» деген бычактын кырында турган элдешкис каршылыктын сыноосуна жооп кылып, «Ак Мактым», «Күкүк», «Эс ойготор» аттуу кыска, нуска поэмаларын жаратты. Бул поэмалар аркылуу акын ааламдаштырууга өзүнүн жекече акындык мамилесин билдирди. Анын эл, жерге болгон атуулдук, акындык сүйүүсү үч аталыштагы поэманын жалпы негизин түзүп, бир уңгудагы философиялык ойду камтыйт. Акын чоң тарыхтын чордонунда кайнаган үч түрдүү окуяны алат да, кандай каар, кандай запкы болбосун, эл элдигин, журт журттугун сактап калууга болгон сан аракет, сансыз айла-амалдарын көрсөтөт. Көрсөтүп эле тим болбой, ошол аман калгандардын улут деп соккон акылын, улут деп күйгөн улуу сүйүүсүн үлгү катары даңазалайт.

«Ак Мактым» уламыштан уланып далай доор, далай заман баскан, негизи кыргыз топурагынан жаралып, элге тарап, анан кыргыз арасында айтыла берип, чачы куудай болуп бизге жеткен жомок. Ошондой эле «Мактым», «Мактым сулуу», «Мактым сулуу, Бегарстан тайчы», «Ак Мактым» (ж.б.) кыргызча варианттары гана эмес, хакас элинин «Абахай Пахта» тарыхый уламышы жана уйгур элинин «Чин Төмүр – батур жана Мактым – сула» деген жомогу бар. Мына ушул кыргызга эмес, башка улуттарга белгилүү болгон Мактым сулуу жөнүндөгү уламышты поэмага айландырып, А. Өмүрканов өзүнүн гана калемине мүнөздүү өзгөчөлүгү аркылуу Ак Мактымдын образына жаңы штрихтерди кошо алган. Акын элибиздин өткөндөгү прогресс, эркиндик үчүн күрөшүн, аны алга жетелеген

андагы гуманистик идеяларын биздин бүгүнкү жана эртеңки максатыбызга канатташ каркыттап, тарбиялык маанисин арттыра сүрөттөй алгандыгы, уламышка жаңыча боёк, башкача түр-түс кошуп, жаңыча образ түзө алгандыгы менен ийгиликке жетет.

Чындыгында, «Ак Мактым» уламышынын варианттарында ар кандай өзгөчөлүктөр болсо да, негизинен туруктуу мазмундук өзөк бар. Ал мындайча: кыргыздын Байсары деген байынын Ак Мактым аттуу сулуу кызы, эки баласы (кээ бир варианттарда сиңдиси да бар) болот. Мейиз жутса аппак алкымынан карарып көрүнгөн, ай жамалы ашынган сулуу Ак Мактымды калмактын ханы Асан паша көрүп сүйүп калып (кээ бир варианттарда Бегарстан тайчы), кыздын агалары ууга кеткенде зордук менен алып кетет. Мындай иш болорун алдын ала түшүнөн көрүп, Ак Мактым агаларына айтат. Бирок, алар ишенбей ууга аттанып кете берет. Агалары жокто туткунга кеткен Ак Мактым калмактын ханынан бир нече балалуу болсо да, өз эл-жерин, антташкан жигитин унута албай, акыры Телтору күлүгүн минип качып чыгат. Артынан кууп келген Асан паша дайрадан өтө албай турганда Ак Мактым баланы алып келип сууга салса гана кайрылаарын билдирет. Ага хан макул болуп, балдарын сууга ыргытат. Ошондо гана бардыгынан кутулган Ак Мактым элине келип, өзү сүйгөн жигитине турмушка чыгат. (Ал эми М.Зулпиевдин варианты боюнча Ак Мактым күйөөсүнүн башын кыя чаап салса, күйөөсүнүн кыйылган башы аны дайыма ээрчип алат. Ак Мактым бир күнү ээрчип жүргөн башты бир тепсе, баштын сөөгү бутуна кирип, жара болуп ырбап өлөт).

Ал эми акын А.Өмүрканов жогорудагы уламыштагы белгилүү материалдарды сапаттык жаңы рухий көркөм кубулушка айландырат. Акын поэманы жазууда образдуу, көркөм ой жүгүртүүнүн сезимди «селт» эттирген бийиктигине жеткирет. Акын бул поэмасында эл-жерди чексиз сүйүп, анын айныгыс эр жүрөк патриоту болушуң керек деген идеяны берүүнү башкы максат кылып алып, уламыштагы ошол идеяны андан ары тереңдетип, өз алдынча ачат. Поэма мындайча башталат:

Көк асман, аппак чоку, анан ылдый,
Жашыл тоо, жашыл майсаң, жашыл чылгый.
Куюндай куюлгуган таранчыны,
Жел болуп жете тээп барат кыргый.

Ордодо чачыраган чүкө мисал,
Жадырайт жай оттогон төрт түлүк мал.
Кашатта калтылдаган камчы сымак,
Ак жылан карала уйду ээмп турат.

Ач бүркүт арыстанды жыга тепсе,
Арыстан бөрү, аюуну тыйпыл кылат.
Бөрү, аюу майкандашат уйду, койду…
Ушундай кудуреттин курган ойну.(1)

Мындагы сүрөттөлгөн пейзаждык штрих жөн гана жаратылыш көрүнүшү эмес, мында келечектеги окуянын, каармандын кандайдыр бир кайгылуу армандуу ал абалынан кабар берет. Бекер жеринен «Ак жылан карала уйду ээмп турган» жери жок. Поэманын жогорудагы башталышындагы жыш колдонулган метафоралык курулмалар аркылуу трагедиялуу окуянын илеби келет. Поэмада андан ары Ак Мактымдын Контаажыга олжо болуп келгендиги сүрөттөлөт.

…Кош бөйрөк бүлк-бүлк этет, олоң чачы,
Төгүлгөн мажүрүмдөй эки ийинге.
Бычактын сабындай бел, кош этеги,
Армандуу дир-дир этет соккон желге.

Булактан суу ичем деп айлуу түндө,
Булайып түшүп калган булутка окшоп.
Апаппак айдан бүткөн аруу ырай –
Алкынтып арбап алды хан жүрөгүн,
Жаштыктын жан эргитчү жакшы ырындай.(2)

Акын Ак Мактымдын сырткы сулуулугун мына ушундайча кемелине келтире сүрөттөсө, андан ары анын өзүнө таандык жеке сыпаттарга ээ болгон адамдык, аялдык касиеттерин, ички тунук сезимин, ойлорун кыска, так образдуу саптар аркылуу ачат.

(1) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 296-б.
(2) Жогорудагы китеп. – 297-б.

Ал эми Контаажы Ак Мактымдын образына антитеза катары берилген. «Чагыр көз, канжа мурун, чап жаагынан», «Жылаандай чолок сойлоп жылмаюусу», Контаажынын кебете-кешпирин чыйрыктара сүрөттөө менен акын окурмандардын ага болгон иренжүүсүн пайда кылат. Чексиз сулуу Ак Мактымды Контаажы эт-бетинен кетип сүйүп, олжо кыздар үйүндөгү жайнаган кыз-келиндеринен артык көрүп, той-тамаша, каада-салт менен үйлөнөт. Бирок, дүр тамак, адеми кийим, ашкан байлык, ошондой эле Контаажынын сүйүүсү да Ак Мактымдын тоңгон жүрөгүн эрите албайт.

Ак Мактым заары чыккан көзү менен Контаажыны адегенде эле теше тиктеп, сүйүүгө балкып турган жүрөгүн өлтүрө караганга кайрат-кудурети жетет. Анткени, кыз жүрөгүндө эл-жерине деген чексиз сүйүү, улуттук аруу ар-намысы кайнап турган.

Өткөн феодалдык доордо жаш, сулуу кыздарды эркин койбой ханга тартуулоо, омуроолоп олжолоп алуу көнүмүшкө айланган. Ал эми А.Өмүрканов поэмасында Ак Мактымды андагы көптүн бириндей сүрөттөбөгөнү менен өзгөчөлөнөт. Чыгармада Ак Мактым тагдырдын адилетсиздигине каршы чыгып, өзүнүн аялдык бийик намысы үчүн чечкиндүү кадам жасагандыгы кыска, көркөм сүрөттөлөт. Ал жыргал турмушун баарынан ыйык көрүнгөн улуттук ар-намысын, эл-жерге деген чексиз сүйүүсүнө, сагынычына алмаштыра албайт. Акыры көңүлү кирдеп,

ичи зилдеген Ак Мактым түн ичинде өз элин беттеп качып чыгат. Ак Мактымды Контаажы өзү кууп келет. Мына ушул жерде акын поэманын эң өзөк идеясын ишке ашырыш үчүн сонун көркөм ыкманы табат… Ал Ак Мактым менен Контаажынын диалогунда ачык көрүнөт:

Контаажы:

Кайтпасаң бу балаңды таштайм сууга!..
Алтын нур чачыратып айланага.
Контаажы Ак Мактымдын карегинен,
Баягы заарды көрдү. Кетти өңдөн…
Аңгыча Мактым жааны тартып ийди,
Жаа огу наристеге келип тийди.
Бала үнү тып басылды. Оозуна,
Эмчекти сала койгон шекилденди.
Шарт минди тыбырчылап турган атка.

Ак Мактым:

Бактылуу – ким болбосун сүйүү тапса!
Ак Мактым төрөй турган бала башка…(1)

Эгерде акын «Күкүк» поэмасында эне менен баланын кыйышпас мээрин, сүйүүсүн эне күкүк өз жумурткасын талаага таштап койбой башка куштун уясына салып койгондугу менен туюндурса, «Ак Мактым» өз колу менен өзү жек көргөн кишиден төрөлгөн баласын жантаслим кылып, андан эл, улут кызыкчылыгын жогору коюп, жанын жеп, кайратын эзген кегин кетирбей, өчүн өчүрбөй алып калган абалкы кыргыз кызынын баа жеткис баатырдыгын даңазалайт.

(1) Өмүрканов А. Күндөгү так. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 308-б.

Поэмада акын романтикалык шарттуулукту колдонуп, Ак Мактымдын образынын маани-маңызын бийик көтөрүп тереңдетип, ага өзүнчө баатырдык пафос тартуулайт. Мактым ургаачы арстандай азуусу менен ай чапчып, албууттанып кыйбасын кыят, эң кымбатынан ажырайт. Бирок ал андан да кымбат өз азаттыгын, элинин эркиндигин табат. Ага баарынан киндик каны тамган жери, жаны менен жаралган улуту кымбат. Анын ушундай ченде жок улуу эрдикке барышы да, ошол өз элинин ата каны, эне сүтү менен кан-жанына сиңген таалим тарбиясында жатат. Акындын вазийпасы уламышты уламыштай эле айтып берүү эмес, ага жаңыча дем берип, бүгүнкү бүлүнгөн мезгилдин кооптонткон коогасын камтып, айтылбай келсе да, акыры айтылчу ойлор менен шөкөттөшүндө турат. Бул жагдайдан алып караганда, глобалдаштыруу деген мерез мезгилдин мээси жок саясатты, ааламды сапырып келатканда алакандай кыргыздын тагдыры ташка тийип талкаланабы деген суроо коюлат.

«Улуттун уңгусу – ургаачы». Арийне, ошол уңгу делинген кыздарыбыз бүгүнкү күндө бай делинген башка элдердин бака баш балдарына текейден арзан кетип жаткан куюндуу заманда аз эл, алакандай журт кумга сиңген суудай жоголуп кетпейби? – деген ой аргасыздан келет. Андай болбос үчүн

ар бир кыргызмын деген кызы ушул Ак Мактымдай улутман калкына жанын аябас кайратман, бардык кызыкчылыктан эл кызыкчылыгын бийик койгон эр жүрөк, намыскөй кыздардан болушу керек деген ой сезилип, купуя туюндурулат. Азайып алдан, жоголуп жолдон тайып бараткан эл үчүн бул поэма ошол элдин муңдуу жана акыркы кыйкырыгындай эле аянычтуу окулат. Өз колу менен баласын атып өлтүрсө да (бул өзүнчө трагедиялуу көрүнүш), мөгдүрөп калбай, бир баланын өмүрүнөн тагдырдын таразасына бүтүндөй бир улуттун өмүрүн жогору коюп, жүрөгүн канатып туруп, жаа тарткан улут эгеси болчу ургаачы арстандын майтарылбас кайратын көркөм ачып бериши – акындын жаңыча изденүүсүнүн натыйжасы. Себеби, «Ак-Мактым» жөнүндөгү бир да вариантта мындай финал кездешпейт. Өзгөчө акындын поэманы Ак Мактымдын: «бактылуу ким болбосун сүйүү тапса!, Ак Мактым төрөй турган бала башка…» деген сөзү менен бүтүрүшү да оптимисттик маанай тартуулайт, окуянын андан ары өнүгүшүн талап кылбайт. Анткени, окурмандын душманга болгон кеги сууп, эл-жери үчүн жан барбас мындай кадамга барган Ак Мактымдын образы окурманга ого бетер сүйкүмдүү көрүнөт. Биринчиден, мындай эрдикке Ата Мекенин чексиз сүйгөн, улуттук намысын бийик туткан адам гана барат. Экинчиден, аялдын бактысы жалаң гана дүр-дүйнө толгон коломтодо эмес, эл-жерин, улутун эч бир жыргалга алмаштырбагандыгында, патриоттук, аялдык улуу бийиктигин, асылдыгын сактай алгандыгында экени даңаза кылынат.

Поэманын тили образдуу, кыска, так, көркөм. Тажатма мазмун, татымы жок сюжеттерден арылып, анын ордуна жогоруда көрүнгөндөй, көркөм-эстетикалык таасирдүүлүгүн арттырган образдуу сөздөрдүн жаңы курулмаларын, жаңы сөз айкаштарын, сөздөрдүн жаңы өтмө маанилерин тапкандыгы менен жемиштүү (бул акындын жалпы поэзиясына мүнөздүү көрүнүш болгондуктан, өзүнчө изилдөөнү талап кылат). «Кашатта калтылдаган камчы сымак», «Ак жылаан карала уйду ээмп турат», «Жесирин жерге салып кыл да кыркпай», «жырткычы урган сайын колуң жалайт», «үңкүйүп үнсүз жылган желмогуздай», «Түн келет түрү суук, тиши сасык» деген образдуу, кыйытма салыштыруу метафоралар поэманын көркөм эстетикалык нарктуулугун артырып турат.

Ушундай поэтикалык изденүү акындын «Күкүк» поэмасынан да ачык көрүнөт. Акын бул чыгарма ой чабытын дагы терең, дагы кенен ачуу үчүн турмуштук деталдарды туура тандап алып, терең мазмунду ачып берет. Өзү лирикалык чакан поэма болсо да, андагы баскынчылык, эл-жер үчүн болгон кандуу кармаш жергиликтүү деңгээлде даана, таасын сүрөттөлүп, окуялардагы мүнөздөр көрсөтүлгөн. Акын – каармандын ички сезимдерин, санаркоолорун лирикалык сүрөттөөлөргө тыгыз айкалыштырып берүүгө чебер. Поэмада окуяларды, ой жүгүртүүлөрдү кеңири масштабда түшүнүүгө түрткөн көптөгөн подтексттер бар. Ошондуктан, поэма негизги идеядан башка да көптөгөн проблеманы ичине камтыйт.

Биринчиден, чакан, бирок кылдаттык менен тандап алынган эпизоддор, турмуштук деталдар менен феодалдык-патриархалдык доордогу кыздардын

теңсиздик турмушун социалдык жалпылоого алып, качан жана кай мезгил болбосун аз өмүрдү барктабай, алдуусу алсызын басынтып келген дүйнөнүн оош-кыйыш, карама-каршылыгын даана ачып көргөзөт. Экинчиден, хан начары эл башына түшкөн шор экени, мына ошонун айынан келип чыккан коомдук, инсандык трагедия сүрөттөлөт. Үчүнчүдөн, акындын эң негизги идеясы кай доордо, кандай тагдырга туш болбосун, Ата Мекенге болгон чексиз сүйүүнү даңазалоо жана ал аруу максаттын өтө кылдат жана ишенимдүү ишке ашырылышы поэмадагы окуя өнүгүп бүткөн кульминациялык чекиттен башталат. Анда түнкү кармаштан улам кан жыттанган жердин бети, өлүмдүн каардуу кучагынан эптеп баласын сактап калууну көздөгөн аялдардын, ындыны өчүп, ыйлайлык деп турган жаш балдардын, канга-кан деп ураан чакырган жигиттердин элестери көз алдыңа тартыла түшөт. Жыйынтыгында:

Күн кареги каканактап канагандай,
Кара жерди күндөгүдөй карай албай.
Кайсалактап ала качат чечекейин,
Кыйсыпырга күнөө кылып койгон жандай.

Чылк тумандын чычаласы кызыл кандай,
Чыгышында жан чыдагыс муң, зар бардай.
Кенен уктап, кенен баскан кербез элди,
Кең конуштан кезерип ал келет таппай(1), –

деп адамдын адамга жасаган жырткыч мамилесинен, жердеги онтогон үндөрдөн күн кирпигинен жаш куюлуп ыйлап тургандай туюлат. Акын түн ичинде тынч жаткан элге душмандын кол салгандагы трагедиялуу абалын текши метафорага жык толгон саптар аркылуу сүрөттөп берет. Ал трагедиялуу түндү да тажатма баян менен узартпай, анын картинасын так, даана гана бир нече куплетке батырат. Шордуу элдин ханынын шордуу мүнөзү төмөнкү саптар аркылуу берилет:

Каарын чачып, кан түтөтүп жоо келгенде,
Жанын тиштеп бир чыкпаган жекеме-жеке.
Колду өөп, бутту жалайт керек кезде,
Жаны – арамза, каны – коркок, мүнөзү – эзме.

Эл деп коюп, элин эзген кытмыр, кексе,
Куюп алган калк насибин кесесине.
Калп боорукер, калп унутчаак, калп берешен,
Сыртында хан сыйрып алса калтар эле.(2)

Мына ушул сүрөттөөлөрүнөн кийин хан жөнүндө андан ашык мүнөздөөнүн окурманга эч кереги жок болуп, эми элин кантип кыргындан сактап калат деген ой гана калат.Коркок жана арсыз душманы менен күрөшүп өлгүчө, басып келген калмактарга эти тумсак, бети жумшак кыз-келиндерди тартуулап кутулат. Андан ары акын эң негизги идеясын ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу ыкма табат. Көп жылдар Мекенин көрбөгөн, көрсөм

деген көксөөсүнөн, жан эзген сагынычтан улам тартууга кеткен кыздар кушка айланып мекенине кайтып келүүсү поэтикалык шарттуулук, акындын чыгармачылык табылгасы десек болот. Себеби, анын ушундай көркөм шарттулукту табуу менен негизги жетектөөчү идеяны көтөрүлгөн теманы кемелине келтирип чечип бере алды. Ошентип, тартууга кеткен кыз-келиндер булбулга, чымчыкка, сүтакка, күкүккө айланып келген кыздар эл-жерине сагынычын, кусалыгын, чексиз сүйүүсүн ыроолоп, душманга эч качан эл болбосун билдирип жатат:

(1) Өмүрканов А. Асмансыз жылдар.
(2) Жогорудагы китеп. – 191-б.

Баскынчыдан бала бакпайт, эч убакта..
Күкүк кана чыдай албай ызасына.
Бойго бүткөн жумурткасын жашырынып,
Башка куштун сала коёт уясына!(1)

Поэманын соңу эң кызыктуу, тереӊ философиялуу аяктайт. Мындай финалды ар кандай чечмелөөгө болот. Мында Ата Мекен, эне, баланын диалектикалык байланышы, турмуштун татаалдыгы таасын ачылып берилет.

(1) Өмүрканов А. Асмансыз жылдыздар. – Б., 1991.

Бир кызык көрүнүш бар. Чыныгы турмушта күкүк өз баласын өзү басып чыгарбайт. Бирок, кандай куш басып чыгарса дагы андан күкүк чыгат. Демек, күкүк жумурткасынан сөзсүз душман төрөлөрүн билсе да, аны эне катары кыйган жок. Окуянын эң ыйык баланды кыйсаң да, андан ыйык Ата Мекенди кыйбай, чексиз сүйүүгө, патриот болууга үндөйт. Ошентип, А.Өмүрканов «Ак Мактым», «Күкүк» поэмаларында улуттук ар-намысты туу туткан кыргыз кыздарынын (ал эми андай образ бүгүнкү күндө аба, суудай керек) образдарын берсе, «Эсойготор» поэмасынын идеясы андан да тереңде жатат. Бул поэма кыргыз профессионал поэзиясы үчүн чыгармачыл изденүүнүн өзүнчө бир жаңы тилкеси, көрүнүшү болду. Себеби, өзгөчө музыка өнөрүнүн айтып бүткүс зор таасирин, анын ички касиет-сырын, түбү терең философиялык маани-маңызын, инсанды калыптандыруудагы ролун фольклордук сюжетке негизделген уламыштын негизинде жаңырткан чыгармасына акын терең маани берип, поэманын алдына кенен түшүндүрмө тиркептир. Ал төмөндөгүдөй:

«Кээ бир элдин тарыхы жазмасында, дагы бириники сүрөтүндө, дагы бирөөлөрүнүкү чеп, пирамидаларында сакталса, көрбөгүнү көр болуп, көр уулу менен тең болуп, көчүп конгон көркү кыргыз өз тарыхын жүрөк менен уккан күүлөрүндө сактаган. Индустар бийи менен тарыхын айтып берсе, кыргыздар күү, санжыра менен тарыхын саймедиреген, комузга жан, кылга тил киргиип, болгонду болгондой, көргөндү көргөндөй эртеңкиге мураттаган. Ар бир күүдө ар кандай кыргыз баатырынын же бир уруктун урунттуу кылчайнаш окуясы, эл-жери үчүн жанын садага чапкан эрдиги даңазаланып келген.

Бул чакан уламыштагы кандуу кагылыш мүмкүн «Көкөй кести», «Ибарат» күүлөрүнүн тарыхыдыр, мүмкүн башкачадыр... Неси болсо да бул күүлөр – урпактарга тумар катары мурасталган таберик күүлөр экендиги чындык. Андыктан мен, уламыштан улам жазылган бул чыгармамдын атын «Эсойготор, элибиздин эси ойгонуп, акылына келсин, өзүн өзү таанысын, билсин деп алдыңарга сунам, урматтуу окурман». Акындын мындай түшүндүрмөсүнөн кийин поэманын мазмуну жөнүндө дагы кайра түшүндүрүп айтып отуруу зарыл деле эмес. Болгону поэманын айрым урунттуу учурларына назар сала кеткенибиз оң болуп турат.

Поэма баштаганда эле алаамат кармаштын шумдук элеси көз алдыга тартылат. «Кыр-кырдан жабалактап айгай салып, кыйкырык кылыч мисал аба жарып,// куюндай кез келгенин быт-чыт кылчу, түнөрүп кан иччүдөй каарланып,//түмөн кол кара жерди дүңгүрөткөн,// камалды капчыгайга катуу барып» (165-б.) эки кол: бири – кыргыз, экинчиси – калмак тарабы бири-бирин жанчышып, эрегишкен эки жак тең бир-биринен коркуп, чегинер түрү жок. Бирок канткен менен көптүн иши көп эмеспи. Эрдигине салып кармаша бергенде оомат сойулу көп калмак тарапка ооп, намысты туу туткан караламан калк бүт найза учуна, кылыч мизине кетчүдөй болот. Анан эмне болот? Аңгыча күн да түнөгүнө жашырынып, уруш токтойт. Кыргыз тарабы кеңеш куруп, түнү менен «улуттун пайдубалы, уңгусу» делинген кыздарды жашырмакчы болушат. Эртеси таңата курун мойнуна салып, багынып беришмекчи болгондо, таң азандан каптаган калмактар эмчектеги, бешиктеги балдарды алып кетишет.

«Баламды бербейм!» деп канжар ала чуркаган энелер өлүмгө дуушар болот. Ал эми калмактар максатты терең ойлоп, жаш балдарды олжолоп эле тим болбостон, алардын кыргыз экенин, тилин, мекенин унуттуруп, жаштайынан согуш ишине көнүктүрүп, анан аларды аскер катарында кайрадан кыргыздардын өзүнө каршы урушка салмак болушат. Ошентип, калмактар кыргыздарды кызыл кереге кылып чаап, өлтүргөнүн өлтүрүп, эмсине кире эле бешиктеги ымыркайын олжолоп өз жерине кайтышат. Арадан көп жылдар өтөт. Жоо колуна кеткен балапандар эр жетет. Урушарга жоо, урунарга тоо таппай тил, дилин унуткан «калмак» жигиттер колбашчынын буйругу менен жоого аттанышат. Кыргыз экенин унуткан «калмак» жигиттер кыргыз элин чапмак болот. Кыргыздын өлгөндөн калганы эмне кылар айласын таппай турганда Калмат карыя мындай деген акыл айтат:

> Кыздар бүт бий үйрөнсүн, комуз чертсин,
> Жарандар унутушкан дилин, тилин.
> Күүлөрдүн кайрыгынан жүрөк канап,
> Насили ким экенин даана сезсин.
> Кемпирлер кошок кошуп солкулдашса,
> Жөө эмес атчан турган кулап кетсин».(1)

Арадан жылдар өтүп, бир күнү эле тиги жондон жоо жаракчан душмандын камыштай калың колу көрүнөт. Акылман карыя байкап караса,

бу жоо колунун «кыйкырган сөзү бөлөк болгон менен үнү биздей». Көрсө, баягы ... жоо колуна кеткен балдар тобу... Бирок эси кире электе кеткен алардын дилине сиңген ууну бир паста тазалап салуу мүмкүн эмес эле. Ошондо буурул чач апалар канчалык зар какшап, жеберине жеткирип кошок кошкону менен, баары бир эр уулдардын ички эс-тутумун ойгото алышпай, алардын жанын бери карата алышпай неберелери колдуу болуп, чаңга томолонуп кала беришет.

(1) Өмүрканов А. Тушалган чагылган. – Б.: Акыл, 2005. – 167-б.

Эми алардын жолун буралган жаш кыздар тосот. Жоокерлер жолунан кезиккенди дагы эле кылыч мизине салалы дешти эле, алдынан чыккандар кыргыздын жоокерлери эмес эле, «кыраңдагы кызгалдак сыяктанган» жалаң жаш кыздар экен, суурулган кылычын кайра кынына салып, бир саамга токтоло калышат:

А кыздар ал аңгыча кашты серпти,
Ак манжа ар бир кылга учуп жетти.
Куштардай кубулжуган үндү коштоп,
Кут чачып кубанычтуу бийлеп кетти.
Сырдуу бий караганды ойго салды,
Кандагы чакырыктай эң бир эски.
Алышып ар кыймыын жерден, желден,
Эл бийди бийлеп көккө эркелеген.
Сыйкыры, касиети канда айланып,
Билинбей бий аркылуу бизге келген.
Суу агат, булут жылат, бийди туурап,
Жер дагы аны туурап тегеренген.(1)

Көрсө, кыргыз баласы төрөлгөндө жеке эле эненин сүтү менен эмес, таңшыган комуз күүсү, таберик ыр, обон ар бир кыймылына ой берилген бий менен да оозаныптыр. Анан ал бийге коштолгон эсине эмчек сүт сыңары сиңген бешик ыры... Ата-энеден, урук-туугандан, киндик кан тамган жеринен ажыратылган баланын эсинде башкасы калбаса да, мына ушул «кулактан кирип бойду алган, кудурет күчү ойду алган» комуз күүсү, ыр, обон, бий – анын ошол бий менен бирге аткарылган бешик ыры калат турбайбы. Кыргыздардын комуз күүсүнүн коштоосунда бийлегени, обон салып ырдаганы, мына ошол бешикте экенинде уккан күү, обондор энесинин бешик ырын эске салып жатты. Мунун баары акыры келип, өзүнүн ким экенин, ата-теги ким, киндик каны тамган жери кайсы экенин эстерине салгансыйт. Бий пастады да, «ак билек ак куу болуп күү төгүп», эми комуз тилге кирди.

Жайылып чыксын кылдан, чыксын күүдөн,
Жаштыгы бабасынын ойноп күлгөн.
Кайрылбай кеткендерди катып алып,
Кайрадан кайталаган ушул үндөн.
Таралсын тамырына, тагдырына;
«Кыргызсың, сен кыргызсың...» деген сүйлөм.(2)

(1) Өмүрканов А. Тушалган чагылган. – Б.: Акыл, 2005. – 170-б.

(2) Жогорудагы китеп. – 171-б.

Комуз күүсү бирде бийиктеп, бирде пастап, алтымыш эки тамырды балкылдатып, өткөндүн элесин аз убакыт эле мурда жан бүткөндү түгөл кырып коюуга даяр турган кырчын жигиттердин көз алдынан бирден түшүрүп, «ойлоо менен өткөндү тирилтип», эми алар түбү жок түпсүз ойдун туткунуна кабылышат.

Калгандай арт жагында күүнүн зору,
Ойноктойт ал ансайын кыздар колу.
Дүйнөгө жаңы гана келгенсишип,
Жигиттер дүгдүйүщүп Улуу Тоону,
Тиктесе... тил гана жок... Тегеренип,
Жамгырдай көздөрдөн жаш шорголоду...(1)

Мына ушинтип улутубуздун керемет бийи, комузубуздун ажайып мукам күүсү кыргыздын кан-жанына сиңирилип, улуттук өнөр аркылуу гана тили, дили бөлөк болуп, эс тутуму каршы тарбияланган өз уулдарынан жок болчу эл сакталып калат. Ооба, энелердин кошогу, тал чыбыктай буралган кыздардын бийи, обону, комуз күүсү аларды кайрадан жаратып, өлгөн ар-намысын, улуттук уңгусун ойготуп, киндик кан тамган жерине, элине кайтарды. Эми алар өз элин тукум курут кылып, түбөлүк каргышка калчу манкурт жан кечтилерден болбой, калган өмүрүн өз эл-жерине ак кызмат кылуу үчүн жумшайт деген аруу ойдо окурман. А балким, эзелки душман калмактардын кыйырыбыздан биротоло сүрүлүшүнө, эл болуп ушинтип жашап калышыбызга так ушул каары, ызасы жанына баткан уулдардын кийинки каармандык иштери, кийинки тукуму себепчи болуп жүрбөсүн?!

(1) Өмүрканов А. Тушалган чагылган. – Б.: Акыл, 2005. – 179-б.

Бүгүнкү улуттун уңгусуна балта чабылып, элибиздин кечээки маданиятын унутуп, улуттук ар-намыс деген эмне экенин ажырата албай абдырап турганда акындын «Эс ойготор» поэмасындай чыгармалар элге абадай керек. Себеби, азыркы күндө дүйнөдөгү жаңылануулар, өзгөрүүлөр ушунчалык глобалдуу мүнөз алып, тездик менен өзгөрүп жаткандыктан, бизге окшогон майда, улуттук аң-сезими толук калыптана элек элдер кандайдыр бир туруктуу эстетикалык улуу баалуулуктарды карманып, ошондон үлгү алуу өтө кыйындап калгандай. Кыргыздар бүгүнкү күнгө чейин канына сиңген трайбалисттик оорудан кутула албай же демократиянын эрежелерине толук үйрөнүп кете албай турганда, глобалдуу доордун катаал мүнөзү желкеден басып калбас бекен деген ойго аргасыздан келесиң. Ошентип, биз «Кыргыз» деген элдик нарк-насилибизди жоготпос бекенбиз деп тынчсызданасың.

Эң өкүнүчтүүсү азыркы учурда комуздун мукам күүсүн эзилип уккан, элинин тарыхын сүйүп окуган кыргыз жаштары өтө эле аз. Буга жаштар эмес, биринчи кезекте аларды тарбиялап өстүрүп жаткан ата-энелер, мезгил да

күнөөлүү. Мезгил демекчи, бүгүнкү күндө жаштарыбызга батыш көбүрөөк таасир этип, китеп окуган адамдар азайып, телевизор, интернет жана башка универсалдуу массалык маалымат каражаттарынын информациялары менен жашап калгандай сезилет.

Өз жеринде туулуп-өсүп, өз тилин, маданиятын, дилин түшүнбөгөн уул-кыздарды тарбиялап алып, өзүбүз улут катары жок болуп жүрбөйлү... Улуттун уңгусу болчу кыздарыбыз байлыкка берилип денесин сатып, башка улуттун уулдарынын колун кармап, дүйнө кезип, улуттук ар-намысын, патриоттук сезимин бүт акчага, дүйнөгө, жыргал турмушка алмаштырып турган мезгилде «Күкүк», «Ак мактым», «Эсойготор» сыяктуу чыгармалар эң зарыл. Ошентип, акын бул үч поэмасында тең кыргыздын улуттук ар-намысын, дилин, тилин, маданиятын дайым туу туткан, Ата Мекенди сүйүү керек деген өлбөс-өчпөс идеяны берүүдө кыргыз улуттук поэзиясындагы поэма жанрын, көркөмү бийик, кыска-нуска көп ойду камтып, ар кыл мазмунду батырып, окурманды терең ойлонууга түрткөн акын А.Өмүрканов ырасында эле сейрек жаралуучу нукура талант экендигин дагы бир жолу далилдеп койду.

Ал эми көп кырдуу таланттын ээси, Кыргыз Эл жазуучусу, Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты Н.Байтемиров да өзгөргөн заманды көрүп, көз жуумп жата алган жок. «Н.Байтемиров улуу доор жараткан көп кырдуу көзү бар, көрөңгөлүү сөзү бар улуу акын-жазуучу. Анткени биздин доордо, биздин чөйрөдө иштеп, жашап жаткан кыргыз калемгерлеринин ичинен табигат берген мындай чоң талантты чейрек жолуктурабыз»(1), – дейт акын-драматург М.Тойбаев. Бул улуу таланттын прозага да, драматургияга да кошкон үлүшү көп сөз кылууга толук татыктуу.

Улуу Ата Мекендик согушка чейин эле чыгармачылыгын акын катары баштап, кийинчерээк белгилүү прозаик катары окурмандардын бүйрүн кызытып, талаш-тартышка түшкөн бир катар повесттери, романдары менен кыска элдин кыйрына, узун элдин учуна таанымал болгон Н.Байтемиров жедеп такшалып, дасыгып калган кезинде поэзияга кайтып келди да, ой көрөңгөсү терең, чабыты кенен жана чебер акын экендигин көрсөттү. Анын эгемендүү жылдардагы заман жөнүндөгү поэзиясы идеялык-көркөмдүк тереңдиги да, бийиктиги менен да өзгөчөлөнүп турат. Н.Байтемировдун акындык талантынын бир үзүмү анын көзү тирүү кезинде жарык көргөн «Кылымдар деми» (1994) деген жыйнагынан ачык көрүндү. Анын көбү заман темасына арналды да, акындын 90-жылдары жазылган ырлары, дастандары, казалдары топтолду.

(1) Тойбаев М. Көп кырдуу жөндөм-шык // Кыргыз туусу. – 1991. – 26-октябрь.

Адабиятыбыздын акыркы жылдардагы өнүгүшүнө көз чаптырганыбызда поэзияда болобу, прозада болобу, акын-жазуучуларыбыз тарыхый инсандардын образдарын түзүүгө көп кайрылганы байкалат. Өзгөчө поэзияда казал, дастан формаларында жазуу кайра жанданды. Мына ушул салтты

Н.Байтемиров да улантып, анын бул жыйнактагы кыргыз элинин белгилүү тарыхый инсандары болгон Шабдан, Байтик баатырлар жөнүндө көлөмдүү дастандары, Курманжан датка, Сагымбай манасчы, Зууракан Кайназарова жөнүндө жазган казалдары да окурмандарды кайдыгер калтырбады.

Акындын «Кылымдар деми» жыйнагындагы чыгармалары идеялык-көркөмдүк жактан чоң чеберчилик менен иштелген. Ырларында адам баласынын ички руханий жандүйнөсүндөгү ыймандык тазалыгы, ак ниеттик менен кара ниеттик, күнүмдүк тиричилик, заман жөнүндөгү философиялык көз караштары чагылдырылган. Китептеги ырлардан терең жана омоктуу ойлорду, нускалуу кептерди арбын кездештирүүгө болот. Акындын поэзиясынан орун алган «төрт сап», «эки сап» менен бирге, «бир саптан» турган ырлары кайсы бир деңгээлде кыргыз поэзиясынын ыр түзүлүшүндөгү жаңылык иретинде кабылданды. Буга чейин кыргыз поэзиясында бир саптан турган ырлар жок эле. Анын үстүнө мындай деген суроо да туулушу мүмкүн. Бир саптан турса, аны ыр деп атоого болобу? Себеби ыр деген ритмикалык жактан бирдиктүү уюшулган, уйкашкан эки же андан көп саптан турат. Анда акындын «бир саптан» турган ырларын ыр деп атоого эмне негиз бар?

Чындыгында, Н.Байтемировдун «бир саптан» турган ырлары санат-насыят ырларына жакын. Бирок ошондо деле чыныгы поэзияга мүнөздүү болгон предметтүү, конкреттүү, образдуу касиетке ээ болуп, терең маанини, чоң мазмунду берүүгө жетишет. Ырда ички уйкаштык орун алып, саптагы ар бир сөз алмашкыс болуп, ойду так берүүгө көмөкчү боло алат. Таасындыгы, тактыгы менен учкул сөздөргө жакын турган мындай бир сап ырлардын айрымдары булар:

Сулуу кыздын өңүн эмес, өзүн ал,
Эне чанбайт жан алгычты тууса да.
Баарынан оор үй-бүлөнүн азабы,
Чет өлкөдөн жыт алчулар көбөйдү.
Улуу адамдын бейити да ойлонот,
Келечекти издей билгин өзүңдөн.(1)

(1) Байтемиров Н. Кылымдар деми. – Б.: Учкун концерни, 1994. – 25, 27-б.

Н.Байтемировдун заман темасындагы «төрт сап» ырлары 1993-жылдары эле «Калемпир, мурчу аралаш», «Бүгүнкү турмуш көйгөйү» деген ат менен басма сөз беттеринде жарык көрүп келген. Кийин бул ырларын «Кылымдар деми» деген жыйнагындагы «Калемпир, мурчу аралаш» деген бөлүмгө киргизип, жалаң заман темасын, өзгөчө Советтер Союзу таркаган өткөөл мезгилдеги турмуш чындыгын бир топ элестүү чагылдырган. Акын заман темасын «төрт сап» ырларында гана эмес, жогоруда эскерткендей, «бир саптан» турган ырларында да бир топ реалдуу, конкреттүү чагылдырууга жетишти десек болот. Анда анын бир саптан турган заман темасындагы ырларын окуп көрөлү:

Баспагыла бабалардын арбагын.

Келген муундар кеткен муунга сын тагат.
Сактагыла миң жыл ыйлап келатат!?
Алдым-жуттум жалмап жатат бардыгын.
Заманаңы мансапкорлор кыйратат,
Өлкө азыр кырда турат тайгалак.
Биз кылымды жеп койгону турабыз,
Жайнап кетти ыр сөрөйлөр балдакчан.(1)

Акындын заман жөнүндөгү философиялык ой толгоолоруна жык толгон саптарынан келечегибиздин коркунучтуу абалы көз алдыга келет. Өзгөчө акындын «заманаңы мансапкорлор кыйратат», «өлкө азыр кырда турат тайгалак» деген образдуу чыккан саптарынан азыркы күндөгү көйгөйлүү проблемалардын бири болгон мансапкорлук, паракорлук өңдүү коркунучтуу оорулар заманды чиритип, эптеп бир буту менен турган өлкөбүздү кырдан кулатарын элестетебиз. Мына ушул эки сапта мүшкүлү арбын ой камтылып, аны чечмелеп жазсаң, өзүнчө бир поэма болчудай маани берилет. Ал эми акындын «жайнап кетти ыр сөрөйлөр балдакчан» деген бир сабы азыркы учурда акчасы көптөрдүн «акын» болуп чыга келгендигин көз алдыңа тарта салса, андан ары баса албай туруп калаарын ким болсо да түшүнөт. «Ушул күндө Кытайда тээ мурункудан тартып эсептегенде болгону үч жүз гана жазуучу бар экен. «Силерде канча» дейт, төрт жүз элүү десем, «бир жарым миллион кыргызда ушунчабы?» деп жүрөгү түшүп калды. «Биз бир эле Ч.Айтматовду билебиз» деди. Жазуучулукту кармушка кылып албаш керек. Азыр мышлениясы такталбай туруп, ыр жазса эле акын, жазуучу болуп чыга келет»(2), – дейт акын, драматург, котормочу, Кыргыз Эл жазуучусу Э.Турсунов. Ошол сыңары азыркы мезгилде эки сөздү уйкаштырып ыр жазып, анан бат эле ырлар жыйнактарын том-том кылып чыгара калып, адис эмес окурмандын көркөм табитин муңкураткан жазмакерлерди Н.Байтемиров бир сап ыры менен ашкерелеп, элдин, мамлекеттин адабиятка жана искусствого болгон кайдыгер мамилесин образдуу терең сүрөттөй алган.

(1) Байтемиров Н. Кылымдар деми. – Б.: «Учкун» концерни, 1994. – 255–270-б.

(2) Турсунов Э. Совет доорундагы жазылган толгон-токой, олчойгон романдар кайра окуганга жарабайт // Адабий гезит. – 2002. – № 5.

Акын кандай формада жазбасын, ырлары философиялык ойго жык толтурулуп, окурмандын ой-сезимин козгойт. Акындын «Элим менен», «Көөнүм ачышат», «Кез келди го», «Бүлүндүк ээ», «Эшигиңди ачкыла», «Жаңы кылым келатат» жана башка ушул сыяктуу бир топ ырлары азыркы турмуш чындыгын элестүү сүрөттөп берет. Өзгөчө «Калемпир, мурчу аралаш» деген бөлүмдөгү ар бир ырда улам жаңы ойлор айтылып, улам жаңы турмуш картинасы көз алдыга даана тартылат. «Заман өлдү» деген ырында:

Заман өлдү, заман келди кутурган,
Эл элдиги, жер жердиги бузулган.
Үйдөн тышка чыгуудан да коркосуң,

Заман келди үрөйүңү учурган.

Ал эми «Заман күйсө» деген ырында:

Заман күйсө өмүр кошо күйөт ээ?!
Санаа басып көңүл кошо күйөт ээ?!
Өчүрөм деп ошол өрттү жан үрөп,
Президент кайыр сурап жүрөт ээ?!(1)

Азыр биз жашап жаткан баш аламан замандын конкреттүү, образдуу тирүү картинасы ушундай. Акындын назик жүрөгү өзү жашап жаткан учурга жана келечек мезгилге абдан кабатырланат. Буга акындын турмуштагы, жашоодогу майда проблемалардан баштап, келечекте жалпы элдин башына түшө турган мүшкүлгө чейин толгонуу менен сүрөттөгөн ырлары күбө. «Дейбизби?» деген ырында акын:

Базар келди, базар ушу дейбизби,
Мына ушундай базар тушу дейбизби.
Этти койчу, нанга акча таппасак,
Каргыш тийген кара ташты жейбизби?!(2) –

деп жакырчылыктын азабын сүрөттөсө, «Ыйлады» деген ырында:

Оо курган кез бары-жогун кыйнады,
Айла кетти акыл-эске сыйбады.
Толгоо келип алдастаган аялдар,
Төрөш үчүн акча таппай ыйлады?!(3) –

(1) Байтемиров Н. Кылымдар деми. – Б.: Учкун концерни, 1994. – 378-б.
(2) Жогорку китеп. – 380-б.
(3) Жогоркуда. – 386-б.

деп кашкайган турмуш чындыгын көз алдыга тартат. Н.Байтемировдой чыныгы элдик акындар гана жашоодогу оорчулукту ушундайча жүрөгү менен сезип, аны реалдуу, таамай сүрөттөөгө батына алат.

Марттык кылып чек араны ачтыңар,
Кай бир жерди жамакташа саттыңар.
Жат өлкөгө ыйык жерди тепсетип,
Айткылачы, эмне пайда таптыңар?!(1)

Сүткорлор көп Ала-Тоого агылган
(сыяктанып бизди аябай сагынган?!)
Аз жылдан соң жеп койбосун бизди деп,
Ойлогондо түңүлөсүң жаныңдан.

Бири уурдап миллионер болушту,
Кайкалашты канталадай толушту?!
Бири таппай эмне кылаар айласын,
Титирешип тиштин кирин сорушту.(2)

(1) Байтемиров Н. Кылымдар деми. – Б.: Учкун концерни, 1994. – 382-б.

(2) Жогорку китеп. – 378–379-б.

Ошентип, «биз эгемендүү», «демократиялык өлкө» болуп, өз канжинибизге өзүбүз аралашып, жылдан-жылга алга жылып өнүгүштүн ордуна болгон байлыгыбыздан, жерибизден ажырап, «аз жылдан соң жеп койбосун бизди деп, ойлогондо түңүлөсүң жаныңдан?!» деп акын элинин келечеги үчүн абдан кейип санаага батат. Чындыгында эле байлыгы дайынсыз жоголуп, анын эсебинен кээ бирөөлөр байып, ал эми карапайым адамдар тишинин кирин соруууга аргасыз болушу, энелердин баласын төрөй албай жатышы сыяктуу карандай чындык акындын заман ырларынын негизги мазмунун түзөт.

«Небольшой группой избранных сегодня фактически безконтрольно присваиваются конечные результаты самых прибыльных отраслей – спиртовой, водочной, табачной: Монополизированы реализация угля, электро-энергии, глинозема, зерна»(1) – деп Кыргызстандын Казакстандагы мурдагы элчиси Ж.Сааданбеков айткандай, эптеп жолун таап баюуну көздөгөн чиновниктер, колдорунда бийлиги барлар, арзан баада акча түшчү жерлерди менчиктештирип алышты. Ошентип, акча түшчү жерлер алардын колуна өтүп, мамлекеттик бюджет куржалак отурганын акын «Чыкты ээ бизден» деген ырында минтип жазат:

Чыкты ээ бизден миллионерлер жулунган,
Тынбай учуп бизге, ага учурган.
Кайдан чыкты ошо тутам акчалар,
Жыйнап алып келген жок да куюндан?!(2)

Ал эми «Ушул болсо», «Тарады», «Баарыңарды», «Силер» ж.б. көптөгөн төрт сап ырларында социализм менен капитализм системаларынын өзгөчөлүктөрүн салыштырып, өз баасын берүүгө аракеттенет.

(1) Сааданбеков Ж.Железная хватка олигархии // Советская Киргизия. – 2002. – 29-март.

(2) Байтемиров Н. Кылымдар деми. – Б.: «Учкун» концерни, 1994. – 386-б.

«Не может быть богатой страна, где живут одни бедные. В то же время, огульно охаивая прошлое, мы выплеснули вместе водой и ребенка. Конечно, никто не верит сказкам о коммунизме, но дикий рынок нам не нужен. И нам нужна боятся не социализма, а «сицилизма». С таким рахмахом коррупции, взяточничества республика скоро станет второй Сицилией»(1) – деп Кыргызстандагы Социал-демократ партиясынын лидери, азыркы президент А.Атамбаев айткандай, азыркы мезгилде элдин мурда болуп көрбөгөндөй кыйналып жатышы, бир карманган идеологиябыз жок, жапайы коомдо, коррупциянын, паракорлуктун күчөшү элди жакырлантты. Ал эми социализмди канча тансак да, ал мезгилде жалпы элдин турмушу жогору болгонун, б.а., эл үчүн дале болсо ошондой бирдиктүү бир система керектигин жана ошол түзүлүштүн жагымдуу жагы көп болгонун Н.Байтемиров, мисалы, «Баарыңарды» деген ырында:

Бириңер жок туула калган кокустан,
Бириңер жок чыга калган кокустан.
Эстегиле президент, акындар,
Баарыңарды партократ окуткан, –

десе, «Силер» деген ырында:

Бир кезекте даңкыңар таш жардыңар,
Беш жыл сайын орден, медаль алдыңар.
Эмне мынча түрүңөрдү өзгөртүп,
Бир жыл өтпөй башка боло калдыңар(2) –

деп шартка ыңгайлашып, байлык, бийлик үчүн ыйман-абийирден кечкен адамдардын бет пардасын ачат. Ал эми «Тарады» деген ырында мурунку мезгил менен азыркы учурду салыштыра келип, заман көйгөйүнүн дагы бир кырын ачып берет:

Кутурган сасык тумоо тарады,
Дары таппай ооругандар жадады.
Тез жардам жок, жетип келчү врач жок,
Кайда кетти «сенек» заман баягы!(3)

Мындай ашкерелөөчү ырлар Н.Байтемиров гана эмес, кыйла акындардын поэзиясында да орун алган. Мисалы, Жаныбеков Эркиндин «Артык» аттуу ырында да социалисттик жана капиталисттик система салыштырылып берилет:

Бейишке чыгасың деп тиги жактан,
Кылымдап караңгыда кармап жаткан.
Мухамбет пайгамбардан – Ленин артык
Кыргызга бакыт-таалай берген жактан!..(4)

(1) Атамбаев А. Нам нужно бояться не социализма и «сицилизма» // Слово Кыргызстана. – 1995. – 28-январь.

(2) Байтемиров Н. Кылымдар деми. – Б.: «Учкун» концерни, 1994. – 393-б.

(3) Жогорудагы китеп. – 391-б.

(4) Жаныбеков Э. Артык // Республика. – 1997. – 28-октябрь, 3-ноябрь.

Жогорудагы ырларда айтылгандай, эгер Ленин болбосо, социализм орнобосо, биздей майда элдердин ушул күнгө жетпей, улут катары жашоосун улантпай жоюлуп жок болуп калары барып турган ачуу чындык болчу. Андай болсо, социализмдин аркасы менен жетишкенин унутуп, кечээки «коммунист» бүгүнкү күндүн «демократы» болуп чыга калып, социализмди бир беткей жамандоого дити барганына акындын таңгалышынын жүйөөсү бар да… Өзгөчө, Н.Байтемировдун «Тарады» деген ырындагы «кайда кетти «сенек» заман баягы!» деген сабынын өзүндө эле социализм мезгилиндеги бекер окуу жана дарылануу, тактап айтканда, азыркы биз жашап жаткан заманга караганда эл үчүн социалисттик коомдогу жашоо алда канча жеңил болгондугун өтө жаны ачып, таамай, кер какшык менен сүрөттөйт. «Сенек» деген өздүн түз мааниси өспөй, токтоп, селейип (застой) калган деген

маанини билдирсе, ал эми бул ырда өтмө маанини билдирип, «эркин», өсүп-өнүгүп жатабыз деп кыйкырган коомдон алда канча жогору турарын жазган. Ал эми Кенчиев Жапар «Мидинге кат» деген ырында жогорудагы Н.Байтемировдун ойлорун андан ары кеңейтип улагандай элес калтырат:

Эл-журттун уккун кабарын,
Өзгөрүп кеткен заманың.
Коммунисттер сен барда,
Жүргүзүп келген арaанын,
Өңдү көрдү жүз тайды,
Эки жүздүү аларың.
Демократ болушуп,
Тийгизип жатат залалын»(1) –

дейт да, акын андан ары азыркы турмуштагы жокчулукту, жумушсуздукту, дегеле элдин турмушунун оор абалын жамакташтырып, турмуш чындыгын дурус берет. Н.Байтемиров бат эле кубулган, өзгөрүлгөн коммунисттерге таң калуу, иренжүү менен карайт. Н.Байтемиров «Тууган кылдык» деген ырында:

Тууган кылдык биз баштагы жообузду,
Артып кетип жатат Ала-Тообузду.
Тайраңдатып төрүбүзгө сийдирдик,
Айткылачы жиндибизби, сообузбу?! –

деген арманын «Жакшы кеп» деген ырында андан да тереңдетет:

Эгемендүү өлкө болдук – жакшы кеп,
Күдүңдөдүк көлгө тийген бакты деп.
Бирок баарын чачып салсак бүлдүрүп,
Тарых айтат эмне пайда тапты деп?!(2)

Убакыт баарын таразалап, өз ордуна коёт. Анын сыңарындай, өткөөл заманды келечектеги тарых өз ордуна коюп, өз баасын берет, ал эми акындын чынчыл ырлары аны туура баамдап, баа берүүгө түрткү болот. Өзгөчө акындын «Артып кетип жатат Ала-Тообузду» деген эле сабына Ата Мекенибиздеги байлыгыбыздын башка өлкөлөргө жарыбаган тыйынга сатылып кетип жатышы сиңирилген.

(1) Кенчиев Ж. Мидинге кат // Республика. – 1998. – 18–23-февраль.
(2) Байтемиров Н. Кылымдар деми. – Б.: «Акыл» концерни, 1994.

Н.Байтемировдун поэзиясы тематикалык жактан заман оорчулугу, астын-үстүн болгон мезгилдин көйгөйлөрү менен чектелбейт. Ал философиялык, махабат, пейзаж темаларында да жаркыраган поэтикалык чыгармалардын үлгүсүн берип, жакшы менен жаманды, асыл менен акмакты, сүйүү менен кайгыны бирдей кабылдап, жүрөгүнөн өткөрүп, алардын ичтегисин ачып бере алса да, катаал замандын сурданган кебете-кешпирине назар салбай коё алган жок. Ал бу жерде да чебер жана ойчул акын катары кургак саптар, куру кыйкырык менен эмес предметтүү жана образдуу, жугумдуу жана эмоционалдуу саптар, орундуу жана кынтыксыз

салыштыруулар менен козгогон маселесин кырынан коюп, ачык-айкын жана элестүү ачып берүүгө жетишти.

Кыргыз поэзиясынын жүгүн аркалап, элге алынып калган акындардын бири – Э.Ибраев. Акындын алгачкы «Бөбөгүм» аттуу жыйнагынан баштап жыйырмадан ашуун жыйнагы жарык көрдү. Бөбөктөргө ал «Кичинекей манасчы», «Тай күлүк», «Карабай», «Эрдик», «Өнөр издеген өмүр», «Сур улак» аттуу китептерин арнады. Автор мындан тышкары «Таң шоокуму», «Ичиң күйсө», «Биз – аталар мурасы», «Шаркыратма», «Турмуш сабактары», «Эңсөө», «Закымдар», «Белес», «Мөмөлүү дарак», «Күндөр менин канатым» аттуу китептердин жана 1994-жылы чыккан «Дабан» аталыштагы жыйырма басма табак көлөмдөн турган ири жыйнактын ээси болду. Ошондой эле анын жүзгө жакын ырларына обондор жазылды.

Э.Ибраевдин поэзиясы ойдун тереңдиги, турмуштук философиясынын кеңдиги, мекенчилдиги менен өзүнө тартып турат. Аны адабиятыбыздагы таланттуу сатириктердин бири катары эсептесек да болот. Анткени анын курч сюжеттүү, «калемпир, мурч» аралашкан фельетондору, жумшак юморлору, тикенектей сайылган» сатиралык ырлары учурдун урунттуу маселелерине арналып, адамдардын жан-дүйнөсүн жаңыртууга, коомдогу жат көрүнүштөрдөн тазалоого кызмат кылып келет. 1998-жылы жарык көргөн «Эсенгулдун ырлары» аттуу ырлар жыйнагына акын заман темасына арнаган бир топ ырларын, сатираларын киргизген. Акын «Эй, кыргыз», «Сак болсо болгону!, «Санаркоо», «Ойлон, кыргыз» сыяктуу сатиралык ырларында азыркы турмуш чындыгын өз баамынан өткөрөт. Мисалы, акын «Эй, кыргыз» деген ырында азыркы баш аламан заманды төмөндөгүдөй көркөм сүрөттөөгө алат:

Заман кантет? Сокурдайбыз жан далбастап
Кантет заман жараткан! кайсалап,
Бараар жерден, Араң-араң алга жылып
Басаар жолдон адашкан. бараткан.(1)

Дегеле Э.Ибраев заман темасындагы ырларында элинин келечегине мындай кыйсыпыры чыккан замандын кайда барып токтооруна ченеми жетпей бушайман болот. Анын «Мезгил», «Ойлон, кыргыз» деген ырларында кыргыздардын көрүп келе жаткан азабын, жаштарынан ыйман кетип, жан дүйнөсү ачка болуп турган мезгилди курч, таасын сүрөттөп алып келип, эми салтыңды, наркыңды да кадырлай албаган:

Алдуулар күлүп турган,
Күчтүүлөрү күлтүлүңдөп,
Алсыздары улуп турган.
Күчсүзүнөн жулуп турган(2) –

бөрү замандын келгенин конкреттүү сүрөттөйт. Мындай маанайдагы «төрт сап» жана «эки сап» ырларын акын бир топ жазды. Өзгөчө акындын «эки сап» ырларында заманга так, конкреттүү, образдуу мүнөздөмө берген жерлери көңүлдү өзүнө бурат.

(1) Ибраев Э. Эсенгулдун ырлары. – Б.: Шам, 1998. – 163-б.

(2) Жогорку китеп. – 148-б.

Рынокко киргиздиң,
Саан уйдай калыкты,
Ыңырчакка мингиздиң.
Саап жатат салыкчы.
Жетекчилер элди эмет,
Өлкөбүз эркин гумандуу,
Эл жерди эмет.
Келечек гана тумандуу.(1)

Э.Ибраев да жогорку акындар сыяктуу эле эл бийлеген «эрлерге» ишенбейт, сөз менен жайкап, иши менен жайлагандарга каары келет, башка акындардай эле ал үчүн келечек тумандуу.

«Э.Ибраев сатирасынын таасирдүүлүгүнө эң туура, орчундуу табылган көркөм деталдар аркылуу жетишет. Ал адегенде ойду жайма-жай баяндап келет да, аягына чыгаарда ачуу калемпирди сүйкөп өтөт»(2) – дейт адабиятчы А.Садыков. Чындыгында эле, Э.Ибраев сатиралык ырларында таамай, куйкум сөздөр аркылуу берейин деген оюн андан ары курчутуп, тереңдетип, таасирдүүлүгүн арттырып, ар нерсенин образдуу элесин, көз алдыңа алып келет. Акындын «Ачтырып алалык» деген ырында депутат шайлоо учурундагы оркойгон орой көрүнүштөрдү, ага байланыштуу элди алдап, кол топтоо, элдин дале болсо саясатка болгон көз карашынын калыптана электигин, «илим бар жерде, жеңиш бар» деген жалган ураан менен жер-жерлердеги саны бар, сапаты жок окуу жайлардын ачылышын жайбаракат сүрөттөп келип:

Ар кимдин ою жакшылык,
Коробузга биз дагы,
Ажого арыз жаздырып.
Коёлу институт ачтырып(3) –

деген мыскыл юмор менен жыйынтык чыгарат. «Алмак-салмак эме бер», «Халтура ырдан көбүрөөк», «Кимдин-кимдин заманы» сыяктуу ырларында да акын алы кеткен замандын кебетесин курч сүрөттөөгө алат.

(1) Ибраев Э. Эсенгулдун ырлары. – Б.: Шам, 1998. – 210–214-б.

(2) Садыков А. Ырдап да, сындап да… // Кыргызстан маданияты. – 1984. – 15-март.

(3) Жогорудагы китеп. – 231-б.

Ушул өңдүү эле бул жылдары жогорудагы акындардан сырткары Ж.Апазовдун «Түшүмдө өлгөн Жыргалбектин тирүү кыргыздарга жазган каты», Ж.Бусурманкуловдун «Жокчулук», Т.Сыдыкбековдун «Теңир сакта», «Теңирден өтүнүү», С.Карымшаковдун «Базардан баш баккан ойлор», Э.Турсуналиевдин «Аламан» деген кыйла чыйрак жазылган ырларында да

азыркы заманыбыздын урунттуу көйгөйлөрү сүрөттөөгө алынып, жашоодогу өйдө-ылдый көрүнүштөр поэтикалык электен өткөрү

Жыйырманчы кылымдын аягындагы кыргыз поэзиясы жөнүндө кеп козгогондо белгилүү акын Качкынбай Артыкбаевдин поэтикалык изденүүлөрүн аттап кетүү мүмкүн эмес. Анткени президент А.Акаев башкарган замандагы кыргыз элинин турмуш чындыгын ар тараптан туура жана кеңири чагылдырып, элдин чыныгы атуулу катары бардык оорчулукту жүрөгүнөн өткөрүп, чындыкты эч коркпой-үркпөй, тайманбай берүү жагынан К.Артыкбаевдин поэзиясы алдыңкы катарда турат.

Муну 2004-жылы К.Артыкбаевдин «Дил сыры» аттуу ыр китебинин жарык көрүшү, ага акындын мурда жарыяланган ырлары, поэмалары менен бирге «Теңирге ачык кат» («Теңсиздик» заман ырлар китебинен) деген көлөмдүү бөлүктүн киргизилиши айкын мисал болот. К.Артыкбаев Акаевдин заманын теңсиздик заман деп эсептейт. Эмне үчүн? Автор бул эң башкы суроого турмуш чындыгын туура чагылдырган ойчул, көркөм поэзиясы аркылуу жооп берүүгө аракет кылган жана бул жагынан алгылыктуу ийгиликтерге жетишкен. Акын жалтанбай чындыкты бетке айтуу менен коомдук турмуштун туура эмес багытка өтүп, элдик мүдөөнү эмес, бир ууч байлардын, бийликтегилердин мүдөөсүн көздөп, ал эми карапайым адамдардын жакыр турмушта кыйналып жашап жатышкандыктарынын себебин ачык көрсөтүп, коомдук түзүлүштүн өзүн оңдомоюн адилет жашоо болбостугун, теңсиздик, адамды эзүү улана бере тургандыгын аң-сезимге уюта айта алгандыгы ачык байкалып турат.

Анын башка акындардан кескин айырмалап турган өзгөчөлүктөрү да бар. Автор Акаевдин башкаруу мезгилинде жүргүзүлгөн реформалар коомго өлчөөсүз зыяндарды алып келгендигин, элдин бай-кедей болуп экиге бөлүнүп, бир ууч байлардын, бийликтегилердин гана жыргап жашай баштагандыгын ачык айтып, катуу сындоо менен чектелбестен, өткөндөгү социалисттик коомдун артыкчылык жактарын, чыныгы теңдик, эркиндикке жеткиргендигин (бекер билим алуу, дарылануу ж.б. шарттарда мамлекеттик камкордуктун түзүлгөндүгүн), Акаевдин реформалары мунун баарын кыйратып, жокко чыгарып, батыш капитализминин кулу кылып койгонун ачык айтып, мындан кутулуунун бир гана жолу, ал жол кайра социалисттик коомдун артыкчылыктарына кайрылуу экенин күн тартибине курч коюп, поэзиянын өткүр, көркөм тили аркылуу билдирет. Демек, акындын позициясы-ачык-айкын. Мына ушундай ойлорду жалтайлабай, коркпой-үркпөй, курч түрдө көтөрүү, көтөргөндө да турмуш чындыгын көркөм элестеткен поэзиянын өткүр тили менен жардай билүү ар бир эле акында боло койгон жок.

1991–1993-жылдары жазылып, анан «Бишкек шамы» гезитине жарыяланып (1992, 23-май, 13-июнь) 1994-жылы «Замана» ыр китебине киргизилип, жарык көргөн автордун «Кар заман» аттуу көлөмдүү поэтикалык ой толгоолору менен таанышып көрөлү. Бул ой толгоо Акаевдик реформалар

жаңыдан кыймылга келип, капитализмге өтүү жаңы эле башталганда, али андай өзгөрүүлөр элге анча түшүнүктүү боло электе жазылган. Ошого карабастан, турмушка кирип жаткан элге жат реформалардын жагымсыздыгынын сезимталдык, көрөгөчтүк менен таасын сүрөттөлүшү окурманды ойлонтпой койбойт.

Карасаңар адамдын укугу бар:
Акысыз дарыланып, билим алар,
Өкмөттүк эмканада, окуу жайда
Эч кимдин акысы жок акча салаар.

А бирок бул мыйзамды уруп коюп,
Аткарып, өз билгенин,занды жоюп.
Акчаны окуу жайлар алып жатат,
Чөнтөгүн эл байкуштун оюп, оюп.(1)

Мында автор баш мыйзамыбыз болгон Конституциябыздын аткарылбай, адамдардын укугунун көз көрүнө тебелене баштаганын эске салып жатат. Андан ары эгемендүү деп аталган өлкөбүздө орун-очок ала баштап, коомдук турмуштун негизин түзгөн байлыктын, мүлктүн бүт бойдон жеке менчикке өтүп, аны ар кыл айла-амал менен ээлеп алган бир ууч байлардын,бийлик ээлеринин эмне кылам десе баарын жасап, эркиндикке жеткендиги ачык айтылган. Алар түрдүү уюшмаларга (мафияга) биригишип, элге билгизбей байып алуунун ар кандай айла-амалдарын ишке ашырат. Социализмде болбогон мындай шумдуктардын бүтүндөй жеке менчикке байланыштуу түрдө активдүү кыймылга келе баштагандыгын да акын өтө сезгичтик менен дароо байкап төмөнкү саптарда таамай жазган:

(1) Артыкбаев К.

Баш бербей тартибине, таап ыкты,
Уюшма мафия дейт, балээ чыкты.
Көчүгүн чоң бийликке такап коюп,
Ушулар алып келүүдө көп кырсыкты.

Ушулар мойсоп жатат элдин мүлкүн,
Келишип документти жасап түркүн.
Кудайды алдаса да жазаланбайт,
Жашоонун бул ойнуна келет «күлкүң».(1)

Кыскасы, социалисттик коомдун негизи болгон жалпы элдик, мамлекеттик менчик жоголуп, үстөмдүк жеке менчикке өткөн заманда эч кандай теңчилик, акыйкаттык, калыстык болбостугу адамды адам алдоо, адамды адам эзүү, тагыраак айтканда, жакырлардын байларга, бийликтегилерге кул болушу уламдан улам күчөй бере тургандыгы көзгө элестелип, элди алсырата баштаган тар замандын башка түшкөндүгүн К.Артыкбаев 1993-жылга чейин эле акындардын ичинен биринчилерден болуп, «Каар заман» ой толгоолорунда таамай айта алган. Ошентип мурдагы

замандын ордуна теңсиздикти орноткон замандын өкүм сүрүп, андан ары элдин турмушуна эмне шумдуктарды киргизгендиги мурда ойго келбеген кылмыштарды жасоого адамды мажбурлагандыгы, жакырчылыктын түрдүү көрүнүштөрүнүн пайда болгондугу, бир сөз менен айтканда, теңсиздик замандагы турмуш чындыгы К.Артыкбаевдин «Теңирге ачык кат» («Теңсиздик заман ырлары») китебине кирген ырларында кеңири чагылдырылган.

(1) Артыкбаев К.

«Коомду дарт чалганда» деп аталат акындын бир ыры. Мында автор саясатчылардын басма сөз, радио, телеберүү аркылуу «Өлкөбүз экономикалык кризисте жашап жатат» деп кайра-кайра үстүртөн айтуу менен чектелип, кризистин болуу себептерин, аны жоюу жолдорун айталбай жатканынын, коомду кризиске чалдыктырган негизги төрт оорунун кесепети экенин поэтикалык тил менен көз алдыга мындайча элестетет:

Бул өлкөдө төрт оорунун башы бар,
Ал белгилүү эч нерсе жок, жашыраар.
Биринчиси «мыйзамсыздык» деген дарт,
Экинчиси «Теңсиздик» деп жазылаар.

Үчүнчүсү «Калыссыздык» аталат,
Алсыздарды алдуу турат такалап.
Төртүнчүсү «жеке менчик» илдети,
Өзүмчүлдүк өзөктү ээлейт жакалап.(1)

Албетте, коомду жөргөмүштүн желесиндей тордоп алган бул төрт илдеттин ар бири – айтып бүткүс чоң сөз. Ар бири конкреттүү турмуш чындыгынын фактылары менен чечмеленип, учтан түпкө айтыла берчү аңгеме. К.Артыкбаевдин аталган китебиндеги ырлардан дал ушул конкреттүү, образдуу чагылдырылган поэтикалык көркөм элестерди көбүрөөк жолуктурабыз.

(1) Артыкбаев К.

Ал эми «Ушул эмеспи бул замандын бузугу» деген ырында автор жапайы капитализмге туйтунган бийлик ээлеринин карапайым адамдарга кылган теңсиздик, калыссыздык, мыйзамсыздык маселелеринин бир классикалык көрүнүшүн сүрөттөп, ошондой өзүм билемдик өлкөбүздө күчүнө киргендигин элестетет.

Ошол эле 1998-жылы жазган дагы бир «Жепжуттатар кылыгы» аттуу ырында эл ишенип шайлаган депутаттардын айрымдары басма сөздөрдө көп айтылгандай, «жепжуттарга» айланып, өздөрүнүн кылган кызматын ыпылас иштерге пайдалангандыгы сүрөттөлгөн. Окууну бүтүп-бүтпөй эле балдарын өздөрүнүн карамагындагы кызматтарга орноштуруп, алар ишке келбесе деле (айлык алганда келгенин айтпаганда) чоң айлык бердирип тургандыгы, ошол эле учурда илимдин доктору, профессор өлөсөлүү айлык менен иштеп

жаткандыгы салыштырылып, эл ишенген депутатар кантип «жепжутаттарга» айланып жаткандыгы ырдын негизги тыянагы катары берилип, коомдун бул жагынан да таза болбой бузулуп бараткандыгы эскертилген.

К.Артыкбаевдин көптөгөн ырларында ошол замандагы эл турмушунун өтө начарлагандыгы, мурдагы социалисттик коомдо түшкө кирбеген аянычтуу турмуштук чындыктар (кандай болсо ошондой калыбында) чоң реалисттик дем менен чагылдырылган. Жакырчылыктын айынан өз баласын сатуу («Бала сатуу», Республика, 1996, 24–30-декабрь) чыгармачыл адамдардын жөлөк болор адам табылса деп жардам издеп турушу («Спонсорлор эң керек»), кышкы аязда машина жуугуч аялга машинасын жуудуруп, чылымын чегип, «чыйт» түкүрүп, көпкөлөң бай жигиттин чөнтөккө кол салып кербезденип турушу («Машина жууган аял»), Ош базарында апасы карабай кетип калган наристе баланын чемичке сатам деп какшап жаткан учуру («Ош базарында, Республика, 1996, 1–7-октябрь), лирикалык каармандын акчасынын жоктугунан неберелеринин алдында өтө ыңгайсыз абалда болушу («Акча-акча!» Республика, 1996, 24-декабрь), ошол эле лирикалык каармандын көчө астындагы өткөөлдөн күнүгө кызматка баратканда, келатканда кайырчыларды (жаш баласы бар аял, сокур музыкант ж.б.) көрүп, аларга акча берип, анан күнүгө берип турууга чөнтөгү калың эместигине зээни кейип, «эми буларга эмне берем?» деп сарсанаа чегиши («Эмне берем?» Кыргыз руху, 1994, 18-ноябрь), кыскасы, теңсиздик заманындагы ушул өңдүү аянычтуу ачуу турмуштук чындыктарды биздин баамыбызда К.Артыкбаев конкреттүү түрдө көбүрөөк сүрөттөп көрсөтө алды. Бул жагынан ал биздин оюбузча өзүнүн өтө сезимтал, сергек, баамчыл, көрөгөч, турмуш менен тең адымдап анын ар кыл тарабын дароо кылдат баалай алган автордук позицияны бекем карманган акын экендигин байкатып, башка акындардан бөтөнчө айырмалуу поэтикалык чыгармаларды жаратууга жетишти.

Кийинки жылдарда теңсиздик замандын капитализмдин эл турмушуна алып келген оор кыйынчылыктарын бийлик ээлеринин туура эмес реформаларды жүргүзгөндүгүнөн, жеке менчиктин бийлигин күчөтүп, бир ууч байлардын, бийликтегилердин гана кызыкчылыгын ишке ашырып, карапайым калктын кароосуз калгандыгынан улам болуп жаткан чындык катары түшүндүрүүнүн ордуна аларды жаап-жашырууга аракеттенип, бийликтегилерге жана аларга кошоматтанып жагымпоздонгон политологдор (серепчилер) «жалкоолор гана жакыр жашайт», «мурда силерди өкмөт багып келген, эми толук эркиндикке чыккандан кийин өзүңөрдү өзүңөр багышыңар керек» деген өңдүү теория сөрөйлөрдү кайра-кайра айтышып, элди алаксытуунун амалын издей башташты. Эгерде мындай теория сымактардын болор-болбос негизи болсо, анда кеп башка. Тилекке каршы, тереңирээк, конкреттүүрөөк түшүнгөн адамдарга бул теория болмуштар-күлкү келтирерлик эле нерселер.

Мисалга «жалкоолор гана жакыр жашайт» деген теория сөрөйдү алып көрөлү. Бир караганда, анын мааниси туура сыяктуу, анткени жалкоо

адамдын турмуш тиричилигинин анча жакшы болуп кете албастыгы – талашсыз чындык. Бирок, жумуш орундары менен камсыз кылбай туруп, анан элди жалкоо, ошон үчүн жакыр жашап жатат деп жамандоо – бул эң бери болгондо түшүнгөн адамдар үчүн күлкү келтирерлик эле көрүнүш.

Мына ушул турмуш чындыгын К.Артыкбаев өзүнүн «Жакыр калкым жалкообу?» (Жумушсуз калган жумушчунун монологу) деген көлөмдүү ырында (бул ыр адегенде 2000-жылы чыккан «Кыргыз поэзиясынын антологиясынын» 2-томуна киргизилген) мурда социалисттик коомдо Бишкектин бир заводунда жумушчу болуп иштеп, райондук кеңешке депутат болуп, алдыңкы адам катары ардакталып жүргөн жумушчунун теңсиздик заман тушунда «заводу өлүп», өзү иштебей жумушсуз калгандагы ой толгоосу, ички ой-санаасы кат менен баяндаплып көрсөтүлгөн. Анда строфаларын окуп көрөлү:

... А мен мында отурамын ишим жок,
Жогору жакта сүйлөп коёр кишим жок.
Соода менен уурулукка көнбөпмүн,
Өлүп калган заводду эстеп ичим чок.

Кара күчтү ыгы келсе сатсам деп,
Бай жумшаса,бир аз акча тапсам деп.
Күндө турам кул базарда-көчөдө,
Үй-бүлөмдү эптеп-септеп баксам деп.

Тагдырымдын тайкысына кирдеймин,
Жарга барып такалдык деп зилдеймин.
Мен өңдүүлөр улам барат көбөйүп,
Биздин өлкө кайда барат? Билбеймин.

Жумуш издеп сандалгандар көбөйдү,
Жакырчылык утуп жатат мөөрөйдү.
Ишсиз коюп анан элди жалкоо деп,
Азыркы эл өкмөт үчүн өгөйбү.(1)

(1) Артыкбаев К.

Албетте, массалык түрдөгү жумушсуздук кыргыз турмушуна мурда болуп көрбөгөн адепсиздиктин, ыймансыздыктын, кылмыштуулуктун түрлөрүн көбөйтүүгө кыртыш болуп берсе, эгемендүү болгондон кийин чет элдик идеясы бузук фильмдердин, телесериалдардын күнү-түнү көрсөтүлүшү, азыркы кыргыз жаштарына зыяндуу таасирлерин тийгизип, адеп-ахлактык аң-сезимдерин бузуп жаткандыгына күбө болуп келатабыз. Ага кошумча «Кыргызстан – жалпы үйүбүз» деген саясаттын өкүм сүрүшү да сырттан зыяндуу жорук-жосундардын акырындап турмушубузга киришине кеңири жол ачып берди. Булар жөнүндө терең тынчсызданган акын бүгүнкү турмушту «Теңирге ачык кат» поэмасында конкреттүү окуяларды сүрөттөө

менен абдан таасын элестеткен. Теңсиздик замандагы элдин жалпылаштырган образын түзүүгө жетишкен поэманы кунт коюп окуган адам элдин турмушунун кантип начарлаганын, ага нааразы болгон элдин ички аң-сезиминин кантип уюшкандык деңгээлге жеткенин, бийликтегилердин (өзгөчө президенттин) калк ишениминен кантип кете баштаганын, парламентке кысым жасалып, туура эмес чечимдердин кабыл алынып кеткенин (Үзөңгү-Кууш, Аксы окуялары, пенсияларды чектөө, Конституцияны бузуу ж.б. маселелер боюнча), элдик депутаттардын арасынан чыккан чыныгы патриот адамдардын бийликке каршы келишпес күрөшкө чыгып, жабыр тартканын, кыскасы, бийликке каршы жалпы элдик кыймылдын кантип көбөйүп, кантип уюшуп эң жогорку курч деңгээлге жете баштаганын даана сезе алат. Тагыраак айтканда, элдин образы бул поэмада чоң реалисттик сүрөттөө менен даана элестетилген.

Бир жарым миң саптан ашуун көлөмдөгү поэма «Теңирге ачык кат» деп аталганына жараша кат формасында жазылып, төрт ачык катты камтыйт. Биринчи каты 1996-жылы жазылып, 1998-жылы «Республика» гезитине жарыяланган. Экинчи каты 1997-жылы, үчүнчү каты 1998-жылы, ал эми төртүнчү каты 2002-жылы жазылган. Эмне үчүн автор «Теңирге кат жазуу» зарылдыгын көркөм чыгарманын өзөгү катары пайдаланып отурат. Биздин оюбузча, анын себеби мындай: теңдикти, токчулукту камсыз кылып, ага кам көрүп, кантип оокат кылам деген сар-санаадан куткарып, бейкут жашоону, элдин социалисттик коомду «жерип» капиталисттик коомго зордоп өткөргөндүгү элдин мүңкүрөп, жакырчылыкка чөгүп, бийликтегилердин, байлардын адилетсиз, эки жүздүү мамилесинен эси ооп, анан башында кыйнаган арыз-муңун айтайын десе мурдагыдай аларды укчу бийлик жоктугунан айласы кетип, түз эле Теңирге кайрылууга мажбур болуп отурушат.

Экинчиден, Теңирге ачык кат жазуу чындыкты туура чагылдырууга ыңгайлуу жагдайды түзгөн шарттуу көркөм ыкма экендигин да баамдасак болот. Эмне үчүн Теңирге кайрылуу керек эле. Анткени ал – адамзат жамаатындагы түшүнүк боюнча адилеттикти, калыстыкты, теңдикти, боорукерликти, ыймандуулукту эш тутуп, ар кандай арам, жаман көрүнүштөргө каршы турган бирден-бир жалгыз улуу күч. Демек, ишене турган Москва жок болгондон кийин, акыйкаттын туусу болгон Теңирге кайрылуу бардык жагынан алымдуу, логикалуу аракет болмок жана теңсиздик замандын быкыйларын Теңир гана туура таразалап көрүп, кыйналган пенделерине бардык жагынан көмөк көрсөтө алат деген жакшы үмүттү жаратмак. Поэманын бүткүл мазмуну жана идеялык багыты да ушул улуу үмүттү аздектөөнүн чегинде жаралып, чындыкты туура сүрөттөөнүн эң керектүү бирден бир жолу катары кабыл алынат.

Биринчи катта негизинен, теңсиздик коомдун карапайым калың элди тебелеген зордук-зомбулуктары, адамды кемсинткен жорук-жосундары, жакырчылыктын жанга баткан запкылары ачык, даана сүрөттөлүп, анан ал өткөн социалисттик коомдун адамдарга кам көрүп, турмуш-тирчилигин

татынакай деңгээлге жеткирип берген жетишкендиктерине салыштырлат да, бул жагынан Теңирдин калыстык кылбай жатканы эскерилет. Андан бул кемчиликти түзөтүүнү сурагандыгы эскертилет. Экинчи катта биринчи каттагы эле мазмун андан ары чындыктын ар түрдүү жактары менен толукталып, тереңдетилип, биринчи катта айтылган кемчиликтерди оңдоо, өтүнүчтөрдү аткаруу жагына теңирдин көңүл бурбай жаткандыгы маалымдалат. Анан бул катта автор маанилүү бир деталды баса белгилеп, ага өзгөчө көңүл буруууга бизди мажбурлайт. Кечээ эле 30–40-жылдары катуу жолдош болуп, чайларын бирге ичип сыйлашып жүргөн, адамдардын теңдикте жашоосун жактап сүйлөп, кызыл кулактыкка каршы турган досунун акыркы учурларда таптакыр башкача адам боло баштаганын, мурдагы түшүнүктөрүн жеңип, эми ага каршы сүйлөп, а түгүл Акаевдин заманы кут болсун деп каалаганын көрүп, таң калганын жашырбай баяндайт автор. Көрсө:

Бир «камокту» алыптыр,
Товар сатып калыптыр.
Үшүп-шишип турганы,
Ага майдай жагыптыр.

Достук оозу жабылып,
Бай тарапка жагынып.
дудук болуп калыптыр,
Тилге кулпу салынып.(1)

(1) Артыкбаев К.

Поэманын үчүнчү каты «Пенсионерлердин ыйы» деп аталат. Мында пенсиядагы адамдардын оор турмушу, пенсиянын аздыгы, анын нанга, сүткө жетпей жатышы, ага кошумча убагында берилбей калышы сыяктуу кыйын-кыстоо ахыбалдары даана сүрөттөлүп, мунун акыры пенсиядагылардын уюшуп, биримдешип, көчө бойлоп жүрүшкө чыгышып, Ак үйдөгү өкмөткө келип, пенсияны көбөйтүүнү, убагында берүүнү талам кылган пикетке өсүп жетилгендиги чагылдырылган. Өкмөт убадасына турбаган соң, кайра-кайра пикетке чыгышып, убара болушканы элестүү берилген. Баарынан да бир пенсионер аялдын кейиштүү тагдыры тууралуу сүрөттөлөрдү окуганда, андай тагдырды дээрлик бардык пенсионерлердин башынан өтүп жатканын көзгө элестетип, зээниң кейибей койбойт. Жалгыз бой келин төлөмөр квартирада туруп, соода-сатык жасап жүрүп, анан эле бир күнү дайынсыз жоголуп кетет. Ал келинден дайыма карыз акча алып, эң жакын жакшы мамиледе жүргөн коңшу песионер аял муну көрүп, кыжалаат болуп, сар-санаа чегип жүрөт. Ошентип жүргөндө, бир күнү келинден кат келет. Көрсө, ал соода-сатык иштери менен Россиянын Магнитогорск шаарына барып, ошол жакта жашап, а түгүл күйөөгө тийип алган экен. Катында пенсионер кошунасына мурда ал билбеген кабарды айтып өтүнүч кылыптыр. Келин мурда эле эч кимге билгизбей жалгыз баласын балдар үйүнө өткөрүп койгон

экен. Ошону кошунасына кабарлап, баламдын абалын кат аркылуу билдирип турсаңыз деп өтүнүч кылыптыр. Пенсионер ал келиндин абалын билип, оокат кылуунун айынан баласын балдар үйүнө өткөзгөнүнө зээни кейип, баарынан да карыз акча алып турган жакшы кошуна келинден айрылганына бушайман болуп, эми кантип оокат кылам деп сары убайымга чалдыгат.

Поэманын төртүнчү катында өзүбүз күбө болгон конкреттүү окуяларды, революциячыл сезимдерди козгогон кээ бир патриот инсандарды сүрөттөө орун алган. Жайсаңбаевдин 18 миллион долларды жеп, качып кеткендиги аны жалгыз ал жебей, чоңдордун кошо жегени, ошондой эле ажонун күйөө баласынын Манас аэропортундагы Америкалык согуштук база менен байланышып байып жаткандыгын ажонун өзү сыймыктануу менен билдиргендиги, ошентип бул өңдүү, ондогон, жүздөгөн фактылардагы мыйзамсыздык жосундардын айынан өлкөбүздүн элин жакырчылык, кымбатчылык басып кыйнап жаткандыгы, бул иште да Теңирдин калыстык кылбай, аларга жан тарткансып тургандыгы катта Теңирдин өзүнө тике айтылат. Өзгөчө Үзөңгү-Кууштү эч олуттуу негизи жок туруп, Кытай Республикасына кармата берүү окуясынын элди аябай наараазы кылып, айрым патриот депутаттардын катуу каршылык көрсөтүүлөрүн пайда кылгандыгы, бул багытта депутат Азимбек Бекназаровдун катуу айырмалангандыгы мындайча элестетилген:

Аксыдан келген депутат,
Бекназаров тың чыкты.
Кытайга жер сатты деп,
Ажону жаман тырчытты.

Атайы элден жашырып,
ЦзяньЦзямин менен жашынып.
Ажобуз келишим түзүптүр,
Негедир чексиз басынып.
Токсон миң гектар жерди ал,
Кытайга бермек болуптур.
Үзөңгү-Кууш жайлоосун,
Устукан кылып коюптур.

Бекназаров ушуга каршы чыгып сүйлөдү.
Депутаттын баарысын колдобоого үндөдү,
Бул эмне шумдук деп,
Келишимге таң калды.
Ажобуз иштен кетсин деп,
Салды бейм катуу жаңжалды.(1)

Андан ары поэмада Бекназаровду ажонун камаганы, ага наараазы болуп Аксыдагы шайлоочулардын калың элдин жапырт уюшуп, наараазычылык билдиргени, тынч турган элге милициянын ок атып беш адамдын жазыксыз курман болгону элдин наараазычылыгынын ого бетер күчөп премьер-министр

баш болуп айрым өкмөт мүчөлөрүнүн кызматтан кетүүгө мажбурланганы, комиссия аксылыктардын талабын туура деп таап, Бекназаровдун камактан бошотулгандыгы, а бирок жазыксыз адамдарды аткандардын (аттыргандардын) эч жазыксыз кала бергендиги мунун өзү акыйкатсыздыктын эң жогорку үлгүсү катары бүткүл республика элин катуу кыжырлантканы элестүү, таамай баяндалган.

(1) Артыкбаев К.

Бир сөз менен айтканда, республикада революция болуучу кырдаалдын улам жетилип, курчуп, бышып келатышы поэманын мазмунунан ачык байкалып турат. А түгүл автор республикада ушундай акыбал түзүлгөнүн Теңирге жазган акыркы катында ачык билдирип, мындай ыплас коомдо жашоого мүмкүн болбой калганын баягы эле, социалисттик коомго катуу өтө зарыл болуп жатканын Теңирге эскертип, колдон келсе ошол коомду элге кайра кайтарып бер деген өтүнүчүн билдирүүгө батынат.

«Теңирге ачык кат» поэмасынын мындай жыйынтыгы ар бир атуулду терең ойлонтууга жарамдуу десек болот. Чынында да, Америка Кошмо Штатынын капиталисттик мамлекеттердин, МВФ, Дүйнөлүк банк, Джодж Сорос ж.б тилин алып, социалисттик коомдун эң сонун, жагымдуу шарттарын пайдаланбай, жерип, рынок реформасын түзүү, капитализмге өткөнүбүздөн кимге пайда болду? Бир ууч байларга, бийликтегилерге гана пайдасы тийди да. Калың элдин кабыргасын кайыштырган зыянга турду. Муну көрүп, билип, башыбыздан өткөрүп жатабыз.

Мына поэмада көрөгөчтүк менен көрсөтүлгөндөй, революция бышып-жетилип, 2005-жылдын 24-мартында элдик революция жеңип, ажо үй-бүлөсү менен чет мамлекетке качып, калган жан-жөкөрлөрлөрү бүт бийликтен шыпырылып, 10-июлдагы жалпы элдик шайлоодо жаңы президент шайланып, жаңы өкмөт түзүлүп, эми республика кандай багытта өнүгөт болду экен, калктын турмушу оңолобу же жокпу деген суроо күн тартибине эң курч коюлат. Ушундай кырдаалда К.Артыкбаевдин поэмасында козголуп күн тартибине курч коюлган социалисттик коомдун жакшы жактарын турмушубузга киргизүү маселеси болду. Ал үчүн мамлекеттин казынасына акча түшүрө турган стратегиялуу тармактардын (бензин, арак, нан, тамеки, дары-дармек, энергетика, телеком, кыргызалтын, транспорт ж.б. тармактардын) мамлекеттин карамагында болушунан башка жол жок. Радио, басма сөздөрдөгү маалыматтар боюнча, экономиканын маанилүү стратегия тармактарынын АКШда 25 процентти, Англияда 47 процентти, Францияда 45 проценти мамлекеттин карамагында турат экен. Ал эми Кытай мамлекетинде негизинен жалпы элдик, жалпы мамлекеттик иш жүргүзүп, өкмөткө, өзүнө пайда берген жеке менчиктерге да жол берилип, бир сөз менен айтканда, социализмдин, капитализмдин жакшы жактары айкалыштыра кыйыштырылып,экономикалык жактан өлкөнүн катуу өсүп жатканы белгилүү.

Албетте, бизде мындай жолго өтүү абдан татаал болуп калды. Анткени Акаевдин, Бакиевдин замандарында бардык тармактар бир ууч байлардын, бийликтегилердин колуна өтүп кетип, мамлекеттин казынасына киреше түшүрүүчү стратегиялык экономикалык тармактар жоголуп, алардан түшүүчү кирешелер жеке адамдардын чөнтөгүн толтурууга гана кызмат кылып калган. Ал эми аларды кайра мамлекетке кайтаруу үчүн өтө этият, кылдат, тынч макулдашуучулук саясатты жүргүзүү өтө зарыл. Айтор, эмнеси болсо да, К.Артыкбаев өзүнүн «Теңирге ачык кат» поэмасында көркөм сүрөттөп, курч козгогон учурдун маселелери мына ушундай ой жүргүзүүгө бизди мажбурлайт. Поэманын ийгилиги да, баалуулугу да ушуга түздөн-түз байланыштуу. Революция демекчи, СССР кулап, анын карамагындагы Союздук республикалар өз алдынча мамлекет болдук деп, алардын бир катарын Америка Кошмо Штаттары менен батыш Европанын мамлекеттери бооруна кыскан болуп, «демократия!» деген алдамчы ураанга азгырып, рынок экономикасы аттуу реформаны жүргүзүү, жалпы менчикти жеке менчикке бийлетип, баш-аламандыкты, ички карама-каршылыкты, тартипсиздикти күчөтүү, анан СССРди, социалисттик коомду, социалисттик идеологияны бир беткей жамандап, акча берип жамандатып, социализмден кырып алар кызылды көрбөй аны мокочо катары көрсөтүп жаткан учурлар күчөп, ошонун илеби дагы уланып келет. Бирок мезгил, турмуш бир калыпта турбай тургандыгын, «революция» деген сөздүн да эл үчүн керек болорун кечээки эле Украинадагы, Грузиядагы элдик революциялардын жеңиши эң ачык көрсөтүп, ал эми 24-марттагы, 7-апрелдеги кыргыз «революциясы» муну айдан ачык, алардан да таамай далилдеп салбадыбы! Эске алып, айрыкча баса белгилеп коюучу бир жагдай революциянын эч качан өлбөй тургандыгын акын К.Артыкбаев 1998-жылы жазган «Революция өлдүбү?!» деген ырында эле:

Ооба, чын! Революция алдырды сырын?
(айтат деп отуруп сөздүн чынын.
Мансапкорду өзүндөй ак көрүп,
Байкабай бугуп жаткан ички сырын....)
Бирок ал кеткен жок биротоло жоюлуп,
Ырас денеси гана көмүлдү.
А руху жатса да тонолуп,
Эч өлбөй жашай берет,
келет кайра айланып.
Кырдал туулганда оңолуп,
Лениндей кеменгерлер чыккан кезде торолуп...(1)

деп оптимисттик маанайда терең ишенүү менен ачык, даана эскерткен. Ленинди, революцияны жамандап, алардын күнү бүттү деп какшап, сайрап турган кырдаалда акындын минтип айтышы, албетте, анын коомдук формациялардын өнүгүү мыйзам ченемдерин мыкты билгендигинен улам болуп отурат. К.Артыкбаевдин дагы бир (1998-жылы «Республика» гезитинин 20–26-октябрдагы санына жарыяланган) ыр-маектерин («Керекпи

Ленин адамга», экинчи маеги – «Кыргызда Лениндин барбы баркы?») эске ала кетели. Биринчи ыр-маектин жыйынтыктоочу акыркы куплетинде эле тарыхый чындыкты таамай айткан терең ой камтылып жатат:

(1) Артыкбаев К.

Эмне үчүн «теңдик» болсун дебейт байлар,
Анткенде Ленинди мактоо керек...
Теңчилик болгон жерде болбойт байлар,
Жектөөгө Ленинди ошол себеп...

Бири – бай, бири – кедей болгон жерде эч качан теңчилдиктин, чыныгы демократиянын болушу мүмкүн эмес. Ленин ошол үчүн социалисттик коомдун башкы артыкчылыгы жалпы элдик, мамлекеттик менчиктин өкүм сүрүшүндө деп эсептеген. Албетте, бул принциптин байларга жакпай тургандыгы, ошон үчүн алардын оозунан «теңдик» болсун деген сөздүн эч качан айтылбашы, анын ордуна «теңчилик болсун» дегенди талап кылган Ленинди жамандоого, жек көрсөтүүгө аракеттерин талашсыз чындык деп сүрөттөйт.

Экинчи маекте автор кыргыз эли Ленинди эч качан унутпай тургандыгын, бир гана тарыхый мисалды келтирүү менен баса көрсөтөт. Октябрь, улуу Ленин болбогондо Үркүндөн кийин кыргыз жок болуп калмак (ушуну унуткандар анык айбан! Андайлар ар ыпылас ишке бармак), болсо да, Лениндин миң катасы, бир гана ушул улуу чындык үчүн, баарысын эстүү кыргыз кечип салмай. Автордун бул таамай айткан терең ою, акындык аппак позициясы, Ленинди дүйнө боюнча туш-туштан жамандап жатканда айтылып, анын басма сөзгө жарыяланышы ал кездеги көркөм адабиятта сейрек кездешүүчү эрдик болчу. Адилеттик үчүн жанын аябай күрөшкөн чынчыл поэзиядан гана мына ушундай толкунга көкүрөгүн тоскон аракетти көрүүгө болот. Ушундан улам поэзиянын коомдогу ролу кандай, чыныгы поэзиянын мазмуну кандай болот деген маселенин тегерегинде ой жүгүртүп көрөлү. Ооба, биз поэтикалык чыгармалардын түбөлүктүү деп аталган өмүр, өлүм, турмуш, жашоо,, тирүүлүк, адилеттик, арамдык, чынчылдык, боорукердик, ыймандуулук, сүйүү, достук жана башка темаларга байланыштуу жакшы жазылгандарын аздектеп, чыныгы поэзия деп мүнөздөп келебиз. Ал эми коомдук турмуштун чындыгын чагылдырган ырларды саясатка байланыштуу жаралган деп, аларды экинчи сорттогу, же күнүмдүк гана жашоосу бар чыгармалар катары мүнөздөгөн учурларыбыз көп кездешет. Мындай пикирлердин бир беткей экендигин К.Артыкбаев сыяктуу акындардын сөз болгон ырлары далилдеп турат десек, аша чапкандык болбойт.

Таланттуу лирик, саясий публицистика менен эпиканын чебери, чыгаан журналист катары таанылган Ш.Дүйшеевдин поэзиясы башкаларга окшобогон индивидуалдуулугу, оригиналдуулугу, көркөм-эстетикалык

кунары жагынан өзүнүн калемдештеринен өзгөчө айырмаланып, «башкача стилдик эн тамгага» ээ. «Анын ырлары мурда кыргыз поэзиясында аз учураган, дегеле учурабаган турмуш чындыгын ачык жана көркөм, көркөм болгондо да жогорку деңгээлде эч кимге окшобой ачып берүүсү менен баалуу»(1) – деп эл акыны А.Өмүрканов жазса андан алда канча мурда белгилүү окумуштуу жана сынчы К.Артыкбаев: «Жаш акын Шайлообек Дүйшеев кайра куруу, ачык айтуу учурунда өзүнүн талантын чыйралтып, машыктырып, турмуш чындыгынын актуалдуу маселелерин күн тартибине курч койгон бир катар ырларында кемчиликтерди келиштире бетке айтууга батынды. Акын 1992-жылы жарыкка чыккан «Кайдыгерлик» аттуу чакан ыр китебине киргизилген ырлардын көбү такай радиодон ырдалып жүрдү. Чынын айтканда коомубузда орун алган кемчиликтерди Ш.Дүйшеевчилеп поэзиянын тили менен так, конкреттүү, курч айткан акындарыбыз өтө сейрек болуп жатты»(2) дейт. Чынында эле, ошол кайра куруу мезгилинде башталган акындын публицистикалык мүнөздөгү заман темасындагы ырлары көк ирим көлдөй тереңдеп, эгемендүүлүк мезгилинде жарык көргөн жыйнактарында жаркырап чыга келди.

(1) Өмүрканов А. Төлгөгө чабылган Тайторудай дагы эле табында // Жаңы Кыргызстан маданияты. – 2011. – февраль.

(2) Артыкбаев К 20-кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004.

Кыргыз турмушунда, дегеле поэзияга объект болчу адамдын жан дүйнөсүндөгү оомолук-төкмөлүктөргө, кайгы-кыйынчылыктарга, сезим-туюмдарда Ш.Дүйшеевдин калеми тийбеген, алардын оң-терс, жагымдуу жана иренжий турган жактары келиштире ачылып берилбеген тема, көрүнүш, жагдай дээрлик жок. Анын чыгармачылыгы бул жагынан жанрдык көп тармактуу, көп түстүү поэзия болуп чыга келет. Сатиралык, юмордук, пейзаждык, сүйүү, философиялык, граждандык, эпистолярдык, эппиграммалык, элегиялык, саясий деген өңдүү поэтикалык туундулар, көлөмү боюнча төрт саптан тарта поэма, а түгүл дастан сымал чыгармалар анын арышы чоң, табияты кенен акын экендигин айгинелеп турат.

Ошентсе да, Ш.Дүйшеевди узун элдин учугуна, кыска элдин кыйрына аттын кашкасындай таанымал кылган чыгармалардын көбү учурдагы кыргыз коомундагы саясий процесстерге так ошол мамлекеттик саясаттын эки тизгин, бир чылбырына өлөрчө жармашып, колдон чыгарбай келаткан саясатчыларга, алардын саясатынан келип чыккан, алардын тикелей туундусу болгон жашоо-турмуш көйгөйлөрүнө, алардын калың элге, жерге тийгизген кесепеттерине арналган. Ошол эсепсиз «көйгөйлөрдү» акын жөн эле тизмелеп койбой, белгилүү журналист Э.Нурушев жазгандай, «социологдор, политологдор жеткире айта албаган турмуш фактыларын, орчун маселелерин ары кыска, ары нуска саптар менен ташка тамга баскандай кылып таамай сүрөттөп салат. Ал «өткөөл доор» деп атаган биздин азыркы мезгилдин буркан-шаркан түшкөн бурулуш учурларын, башмалдак атырган балакет-

алааматын, мүшкүл-ташкүлүн, оош-кыйыш жактарын онлайн ирээтинде, же түшүнүктүрөөк айтканда «түз ободо» ырга айлантып турду»(1)

Акындын 1990-жылдардан кийин «Арабадагы ыр» жыйнагы айрым алымча-кошумчалары менен «Арабадагы ыр 2» деген аталышта жарык көрдү. Андан соң «Шакен азган» (2004), «Шамал» (2010), «Туз» (2011), «Алтайдын ушул поюзу» аттуу китептери чыкты. Ш.Дүйшеевдин ар бир чыккан жыйнагы окурмандар үчүн зор кызыкчылык туудургандыктан, чыгаар замат элге тарап кетчү болду. Акындын поэзиясы канчалык жагымдуу болуп, элге алынып кеткенин «Арабадагы ыр» китебинин тагдыры көрсөттү.

(1) Нуруев Э. Акындардын академиги // Жаңы Кыргызстан маданияты. – 2011. – № 1. – февраль.

«Улуу кытай элиндеги кыргыз туугандарынан бир далай каттарды алдым. Үрүмчү шаарында жашап турушкан Турсун Жумалы, Алмамбет Оторбай уулу, Кызыл Суу кыргыз Автоном облкеңеш катчысы Мамбеттурсун Өмүр уулу, Пекин университетинин аспиранты Салы Сүйүнбай жазган каттарында эптеп да болсо бир китеп салып жиберүүмдү өтүнүшкөн…

Каражаттын айынан 1000 гана даана менен жарык көргөн «Арабадагы ырдын» тагдыры мындай болот деп күткөн эмес элем. Мени баарынан ушул кубантты. Ошентип, арабадагы ырларды дагы толуктап, жаңыдан жазгандарымды кошуп, көп сандаган окурмандарымдын суроо-талаптары боюнча кайрадан чыгарып отурам»,(1) – деген акындын өз сөзү анын популярдуулугунун айкын күбөсү болот.

Акындын китептеринин эл жүрөгүнөн мындай түнөк табышы эл турмушунун чыныгы кимдин болбосун көкүрөгүнө уюгундай деңгээлде таасирдүү жана көркөм чагылдырылгандыгына тикелей байланыштуу. Анын поэзиясынын тили бардык окурмандарга жеткиликтүү, түшүнүктүү, жөнөкөй болуп, ошол эле учурда ал татаал жана образдуу көркөм тил. Акын турмуш чындыгын терең таанып-билип, аны терең талдоодон өткөрүп ой жүгүртүп, жеткиликтүү жана таасирдүү кылып сүрөттөй алат. Бул тууралуу адабиятчы Б.Шамшиев: «Ш.Дүйшеев биринчи ыр жыйнагы аркылуу эле бул дүйнөнү өз алдынча аңдап, **бүкүлү кабылбаган**, жандуу поэтикалык сүрөт тартууга маш, анан да кыргыз поэтикалык сөздүгүн байытууга кызыктар акын келгенин далилдей алган»(2) – деп таасын белгилейт.

«Адилеттик, калыстык дегенди самандай өрттөп, күлүн көккө сапырып, калкын кашайтып туруп, жонунан кайыш тилген бүгүнкү күндүн чындыгын айтууда көп акындарыбыз оозунан келмеси түшүп, кекечтигинен дудук болуп турганда, Ш.Дүйшеев жылаңач көкүрөгүн мезгилдин ызгаар бороонуна тосуп ырдап берди». Чындыгында эле акындын эгемендүүлүк мезгилиндеги ыр жыйнактарынын көп бөлүгү жалаң заман чындыгын чагылдырууга арналган. Акындын «Арабадагы ыр» жыйнагындагы «Жүз кат» бөлүмү бүт бойдон, ал эми «Кечмелик», «Жалгыз жол», «Көлөкөлөр»

бөлүмүндөгү кыйла ырларында оош-кыйыш турмуш чындыгын жерине жеткире сүрөттөй алган.

(1) Өмүрканов А. Жүз жашка шилтеген биринчи кадамың менен, Шаке // Асаба. – 2000. – 8-декабрь.
(2) Шамшиев Б. // Кыргызстан маданияты.

Саясат саясаты менен дейли. Бирок ошол саясат жөнүндө кеп болуп жаткансыган Ш.Дүйшеевдин ырларында башка бир жагдай, адамдардын адеп-ахлактык кризиси деген түпкүлүктүү, акынды өзгөчө күйгүлтүккө салган маселе баш көтөрүп турат. Байлык, бийлик, ыймансыз, ыплас саясат дегендердин өзүнчө коркунучтуу жагын, акын алар адамдардын жан-дүйнөсүн бузгандыгынан, анын ылайлап, нагыз «адамдык» нарк-насилин жууп, кетире баштагандыгынан көрөт. Байлык-бийлик дегенде эт-бетинен кетип, абийир ыйманы гана эмес, эли-жерин сатууга даяр турган, сырты жалтырак ичи калтырак, көөдөнү сокур мансаптуулардын жайнап чыга келиши акындын бир күйгүлтүгү болсо, так эле ошондой кайдыгер, ач көз, таш боор, жалкоо, уятсыз адамдардын карапайым эл ичинде арбып бара жатышы анын түн уйкусун бузат. Анткени карапайым айыл адамдарын Ш.Дүйшеев элдин чыныгы элитасы, кой-эчкиси маарап, көң жыттанган айылды кыргыз турмушунун, чайкалып-чарпылган оорчулуктарга карабай, тазалык менен бийиктиктин, кайраттуулук менен сулуулуктун чордону деп эсептээрин байкоо кыйын эмес. Ошол элет жериндеги оң-терс көрүнүштөр тууралуу ырларынан деле акындын тынчы кеткен уйгу-туйгу абалы, анын эртенкиси тууралуу сарсаана сезими акырында ошол эле элетке, элет элине болгон ченемсиз сүйүүсү булайып чыгып турат. Мындай сезим-туюм жада калса анын алыскы айылдардагы ирээнжиткен, боор толготкон, аянычтуу учурларды баян эткен ырларынын да ачык эмес, көмүскө катмарын түзөт. Буга дагы да акындын ошол эле «Жүз кат» деген ырлар цикли айкын мисал болот.

Андагы «Жүз кат» деген көлөмдүү ыры отуз жети каттан туруп, алардын ар биринде өткөөл мезгилдеги турмуштун ар түрдүү көрүнүштөрүнүнүн маңызы элестүү, образдуу, жандуу чагылдырылат

Биринчи катта:

Шүгүрчүлүк,
Жатабыз эски көңдүн кыгына окшоп,
ат таканын дат баскан мыгына окшоп…
Айыл кандай? – деп сурапсың, айыл турат,
Арык, майып буттарын араң кармап.
Чылпагын чыккан көздүн бардап-бардап,
Күн батар жакты тиктеп –
Шылуундар тоноп кеткен,
Жылаңач денесине жыртылган ороп чепкен.(1)

Деги ырды чечмелөөдөн кыйын, татаал иш жок. Андан көрө ырдын текстин окурман өз сезиминен өткөрүп окуганы жакшы. Мисалы бул сегиз

сап ыр айыл жеринин оор турмушун көз алдыңа даана тартат. Ырдагы ар бир сөз метофаралык маани көтөрүп, ар бир сапка терең мазмун берет. Оор турмушта жашаган эл кыйынчылыгы акындын жүрөгүнөн өтүп, окурмандын сезимин ойготот. Айыл жыттанган акындын ырында айыл турмушту так ошол айыл окурмандарынан жогорку интелектуалдуу окурмандарга чейин түшүнүктүү тилде, жөнөкөй сөздөргө жаңы маани, жаңы өң-түс берип, чыныгы поэзиянын үлгүсү кыла алды. Айыл турмушунун ажарын «эски көңдүн кыгына», «ат такасын дат баскан мыгына» дегендей өзгөчө, көндүм эмес салыштыруулары аркылуу ачып берип, «жылаңач денесине жыртылган чепкенди оронгон» оорчулугу менен кейиштүү абалын, аянычтуу тагдырын көз алдыга тартууга үлгүртөт.

Ал эми үчүнчү катта:

Кыңайып жата кетсем,
түшүмө илгерки кезим тезек терген.
атам кирип сөөмөй кезейт кекеткендей,
мал арык өчөшкөндөй.
көчөдө токой кыркып келатышкан атчандар,
Эшекчендер…
Заманыңар кайыр сурап,
Турат тышта кешиги жок.
Медетиң мектебинен калды быйыл,
Бутунда өтүгү жок…(2)

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр 2. – Бишкек, 2001. – 86-б.
(2) Жогорудагы китеп. – 86-б.

Ш.Дүйшеев эми бут кийими жок Медеттин аянычтуу абалын көз алдыбызга тартат. Социалисттик коом мезгилинде 100 пайызы билим алуу мүмүүнчүлүгүнө ээ болсо, бүгүн бутунда батинкеси, мектепке төлөөр акчасы, ата-энесинин жумушу жок замандын түрү суук кебетеси сүрөттөлүп, кыйналган эл, билимсиз туңгуюк заман акындын жүрөгүн өйүйт. Мындай сыртынан майда көрүнгөн көрүнүштөр жалпылаштырылган турмуш картинасынын бөлүктөрү катары чыгат да, мазмуну менен формасы шайкеш келип, чыгармага кадыресе эстетикалык күч-кубат тартуулап турат. Мына ошондуктан, акын мезгилдин мүнөздүү белгилеринен башка убактылуу белгилерден ажырата билип, анын өнүгүү багытын таамай баамдап, жандуу образдарды түзөт. Мунун айтып жатканыбыздын себеби, Ш.Дүйшеев көпчүлүгүбүз көрбөгөндү көрүп, байкабаганды байкап, дайыма калк кайгысын өзүнүн жүгү катары жонуна көтөрүп, аны ташка тамга баскандай так, көңүлдөн кетпегендей көркөм көрсөтө алат.

Эми «Жүз кат» ырынын бешинчи катында караары жок кемпирдин өлүмү, жокчулуктун айынан көрү казылбай үч күн жатып, акыры кепини жок коюлушу сүрөттөлөт. Мындай аянычтуу көрүнүш азыр четтен чыгат. Акындын максаты бул катта жөн гана бир кемпирдин аянычтуу өлүмүн сүрөттөп берүү эмес, ал ата-салттын, ар-намыстын, элибиздин наркынын

кетип баратышын, биз ыйык көргөн эненин өз жеринде жер жетпей, көмүлбөй калышы аркылуу нормалдуу турмуштун болуп көрбөгөндөй астын-үстүн болушун, ал «нормалдуу эмес» абалда келип жеткенин баяндап берет. Катаал заман айыл жериндеги адамдардын ич ара гумандуу мамилелерин терс жагына оодарып, кейиштүү абалга алып келгендигин, акын айрым мүнөздүү көрүнүштөр аркылуу «сөөккө» жеткире сүрөттөйт.

Ата-эне менен баланын, жакын адамдардын салттуу ысык мамилеси, бири-бири үчүн жоопкерчилиги жок болду окшойт.Үйдүн да, Мекендин да куту болгон эне мурдагыдай кастарланбай калды. Ш.Дүйшеев мындай абалды адаттагыдай «бетке айтуу» ыкмасы менен берет:

Төрттү тууган Төркүн келин,
Төрөттөн каза тапты.
Кошунасын ойготсо, мас экен дейт,
– Эй! – деди дейт – бензин жок! – деп,
Машинесин бербеди дейт.
«Тез жардам» чакырдык элек,
келбеди дейт…
Ыймандуу келин эле ырысы жок,
төл калды төртөө боздоп.
Көрүн эптеп казып койдук,
Төркүндүн бейитине:
«ушул заман өлтүрдү!» –
деп жазып койдук.(1)

Энелердин аянычтуу тагдырын сүрөттөгөн бул ырда кыска сюжет камтылган. Боюнда бар келиндин жан далбас урушу, кошунасынын келиши, анын мастыгы, «тез жардам» чакырса жок, дал ушинтип жашоо токтоп, «бул айыл ээн калган мүрзөгө окшоп…» калган айылдын жансыз, кунарсыз жашоосу, акыры төрөттөн өлгөн келиндин, боздоп жетим калган төрт баласынын тагдыры булардын баары кыска, бирок кимдин болсо да сезимине жеткидей ачык баяндалат. Акын кийинки «каттарында» да жокчулук, баласын бага албаган эне, айлыгы колуна тийбеген мугалим менен врач, ошол эле учурда атасынын ашына ат чаптырып той өткөрүп жаткан мыкчыгерлер, он баласын бага албаган эненин ага малай болгондугу, турмуш оорчулугуна туруштук бере албай аракеч болуп чыга келишкен адамдар туура ушундай эле кыска, бирок нуска сөз кылып, отуз үчүнчү катында бул заманга мындай өкүм чыгарат:

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр 2. – Б: Шам, 2001. – 117-б.

Эң арзан мугалими,
Бири өлүм,
Эң арзан жазуучусу.
Бири акча –
Эң арзан артисти бар,
Эки жол бар.

Жуп-жука бөлкөсү бар.
Кана ким сатып алат,
Кыргыздын өлкөсү бар,
Болгону жети доллар?..
Кана ким сатып алат?(1)

«Жан дүйнөнү сакташ керек. Бардык жолдордун баары жан-дүйнөдөн тарап, кайра жан-дүйнөгө келет. Эмнегедир акыркы кездерде жан-дүйнөм мүрзөлөргө толуп кетти. Күндө бирөө көз жумат. Күндө бирөөнү коём. Кечээ эле маңдай-тескей жүргөндөр, чогуу окугандар, тааныштар өлүп атышат. Тирүү жүрүп эле менин жан-дүйнөмдө «өлүп» калгандар көп. Алар – өзүлөрүн тирүү санашканы менен менде эбак өлүшкөндөр. Маркумдардын бүгүн эл-жерине жасап жаткан чыккынчылыктарын, эки жүздүүлүктөрүн, жагымсыз кошоматчылыктарын кечире көр деп тилейм. Жан-дүйнө Жер сындуу чыдамкай кенен, айкөл болгонуң оң»(2) – деп акын Ш.Дүйшеев өзү айткандай, бүгүнкү күндө адиллеттүүлүк менен адилетсиздиктин, арсыздык менен ар – намыстын, ак менен каранын бөтөнчө күч алып, чыңалып турган кези. Дегеле кээ бир адамдар үчүн акчадан, байлыктан, бийликтен ашкан эч нерсе жоктой, керек болсо алар Ата Мекенин, ата-энесин сатканга да даяр. Бүгүнкү күндүн мындай чындыгын, акын айланып өтө албай, чыркырап турганы байкалат. Аны менен кошо ак дилдүү окурман да чыркырайт.

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр 2. – Б: Шам, 2001.
(2) Дүйшеев Ш. Мени жетим кылып жараткандыгы үчүн Кудайга ыраазымын // Адабий гезит. – 2002. – № 9.

Ал эми акындын акыркы отуз жетинчи катында:

Отургандар тышта, сызда катарда,
Мен акырын дуба кылам жатарда.
О чоң Кудай! Катындарын чоңдордун,
Чыгара көр бир эле күн базарга.(1) –

деп карапайым элдин турмушундагы оорчулукту жан териси менен сезип – көрүп, «өздөрүнүн койнундагы эрлеринин», «өз эл-журтун кантип соруп жатканын» ошол чоңдордун катындары да жашоонун ушундай оорчулугун бир эле күн көрсө, жанынан тоёт эле деген ойду акын айласыздан айтып жаткандай туюлат. Ш.Дүйшеев эркин ыр формасын колдонуу менен турмуш тууралуу, эркин ой жүгүртүп, өз оюн, сезим-туюмун окурманга жеткире билет. Бул – чыныгы чыгармачылык сапат. Маселен, акындын «Шамал» деген төрт куплет ырында жогорудагы ырларындай эле кыскача сюжет бар. Ырда адамдын психологиялык толгонуулары аркылуу үч адамдын өкүнүчтүү тагдыры көркөм сүрөттөлөт. Күйөөсүн арак ичип келбесе экен деп санаркаган аялы, кечинде балкондон кошуналарынын келгенин карап турганын, асманда жылдыз толуп, айлана бейкут экенин кадимкидей жандуу сүрөттөп келип, күйөөсү ичип келген сайын атасын эстеп, жүрөгү «зырп» этип, санааркап турган аялдын элеси нагыз турмуштун өзүндөй, жасалмасыз берилет:

(1) Ш. Дүйшеев. Арабадагы ыр 2. – Б.: Шам, 2001. – 125-б.

Талкаланган айнектен
кирген шамал,
Көкүрөктөгү бычактай
тилген шамал.
Калдаң-калдаң айнекте
турган шамал,
Апакемдин көз жашын
жууган шамал.
Шамал,
шамал…
ал шам өчүп,
апамды,
бизди таштап, арактын
аркасынан атам кетип.
Атасыз калган өсүп
өзүмдү эстеп,
сени ичип келбесе деп.
Сен ичип келген сайын,
Бешикте уктап жаткан
Көкүндү эстеп,
Балкондо карап турам.
Сен ичип келе жатасың.(2)

Акын «шамал» деген сөздү өтмө мааниде алат да, бир кезде апасына да тийген шамал, ага окшош тагдыры бар кызынын абалын берүү үчүн колдонулуп, шамал аркылуу аянычтуу тагдырлар ыры ырдалат. Ыр терең поэтикага эгедер болуп, адам тагдыры, анын бир учурдагы психологиялык ал-абалы эң сонун таасирдүү, конкреттүү чагылдырылат:

Көңүл канап, өң-алеттен азабыз,
Күндө бөлөк жолго түшүп басабыз.
Күндө бөлөк ыйман күтүп дүйнөдөн,
Биз акырын өлүп бара жатабыз.

Бекзаадалар гүлдөп шапар тебишет,
Бейитиңдин так үстүнө жеп-ичет.
Акыйкаттык өлгөн жерде дайыма,
Арзыматтар ырдаганга келишет.

Койбуз, уйбуз, балким кыйган терекпиз,
Биз байларга шайланарда керекпиз.
«Эл» деген – биз, макулук да, маймыл да,
Эч нерсе да, эч ким дагы эмеспиз.(2)

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр 2. – Бишкек, 2001. – 65-б.
(2) Жогорудагы китеп. – 79-б.

«Өрт» аттуу ырынан алынган бул саптар акындын демейдеги поэтикалык басыгынан жазбай, астын-үстүн болгон бул заман адамды адам кылган ыйман, абийир, намыс сындуу сапарлардан ажыратып, аты бар, заты жок макулукка айлантканын, рухий жакырлыкка алып келгени ташка тамга баскандай ачуу сөздөр менен ачып берет. Акындын ички мүшкүлү, кайгы касиети окурмандын сезиминен да түнөк табат. Чын-чынында, сыртынан жөнөкөй, бирок терең ойго, мазмунга чулганган ырларды жаратуу ар бир эле акындын колунан келе бербейт. Акындын жан-дүйнөсү ушундайча, кайдыгер эмес. Ал турмуштун ачуу-таттуусуна жөн эле карап тура албайт, ал сырттан келген байкоочу да эмес. Ал ар бир терс көрүнүшкө күйүп-бышат, күйгүлтүккө түшөт, арданат, намыстанат. Андан да акындын мыктылыгы ошол аң-сезимдерди окурманга жеткире билип, өзү менен кошо жетелеп кетет. Ш.Дүйшеевдин акындык бийиктиги жана тереңдиги да мына ушунда. Так ушул таризден улам акын азыркы «Өрт» аттуу ырын мындайча жыйынтыктайт:

Ата Журтта ач жылаңач, араң жан,
Аялга окшоп зордукталган, таланган.
Өрттү көздөй жылып келе жатабыз,
Өзүбүздүн сөөгүбүздөн каланган…(1)

Анын мындай сарсанаасы окурманга жетип, ойго саларына шек кылбай кылбайбыз. Себеби алар чындыкка шайкеш келип турат. Ошентип акын калыстык, ыйман, адилеттик жоголгон ушул заманды, «Ата Журтту зордукталган аялга» салыштырып, ушундай жашоо улана берсе, кыргыз элинин келечегин коркунуч күтүп турганын жарыя кылып, тымызын каршылыкка, иштиктүү аракетке чакырат.

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр 2. – Бишкек, 2001. – 80-б.

Акындын кийинки «Арабадагы ыр 2» жыйнагына кирген «Жаңы жомок» бөлүмүндө «Ким кыргызда бактылуу?», «Падыша жана муз» деген эки көлөмдүү ыры бар. Буларды публицистикалык поэма десек да болот. «Жаңы жомокту» акын жомоктук мотивде жазган. Элдик жомоктордун гуманисттик ой-тилегин негиз кылып алып, акын элдин келечеги жакшы болот деген оптимисттик идеяны философиялык ыңгайда ачып берүүгө умтулат. «Ким кыргызда бактылуу?» деген ырда алгач адамдын улуулугу жана бактысы, ой-толгоолор берилип, анан атактуу орус акыны Некрасовдун мужуктарындай сөз талаш башталат. Баратбай менен Арапбай ким бактылуу экенин билгилери келишет:

Кебетеси тыйтайган,
Кемээк, тиши ырсайган.
Керзи өтүгү майрыйып,
Кер Сары өңү жыртыйган.

Кейпи кеткен тек жарды,
Керим минтип кеп салды.
«Акимдерден бактылуу,
Адам бобойт» деп калды…(1)

Ошентип, алты кыргыз күн-түн жол жүрүшүп, аппак үйдүн алдына келишет. Акимге «бактылуу адам сиз болосузбу» дешсе, менден дагы губернатор бактылуу дейт тиги.

Облуска баралбай,
Ойдогудай агалбай.
Ордо шаардын торуна,
Особняк сала албай(2), –

деп өйдө карап, эч кимге эч нерсе айта албаган арманын айтып бышактайт. Бул да бактысыз экен деп, губернаторго жөнөшөт. Көрсө ал да бактысыз, өз тагдырына ыраазы эмес экен. Губернатор ыйлагандай болсо киши жанына тура албайт:

(1) Ш.Дүйшеев. Арабадагы ыр 2. – Бишкек, 2001. – 80-б.
(2) Жогорудагы китеп. – 150-б.

Жону жука силерди,
Башкарам деп бир кемийм.
Жогор жактын буйругун,
Аткарам деп бир кемийм.

Таможный тараптан,
Тамыр издеп бир кемийм.
Ал тамырга бетондуу,
Шагыл издеп бир кемийм.

Агып турган дайрага,
Сал жасайм деп бир кемийм.
Баласына баламдын,
Там жасайм деп бир кемийм.

Кан тактысын көргөндө,
Этемин деп бир кемийм.
Ал тактыга канткенде,
Жетемин деп бир кемийм.

Асыл, асыл дүйнөнүн,
Ташын таппай бир кемийм.
Ташын тапсам алардын,
Башын таппай бир кемийм.

Мен бактысыз, бактысыз,

Мээмди күндө таш кысып.
Өкүмдардык дүйнөдөн,
Өтүп барам тактысыз.(1)

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр 2. – Бишкек, 2001. – 152-б.

Акындар жөнөкөй окурманга тааныш-билиш турмуш чындыгын поэзиянын тилине салып, акындык бийик чеберчиликте, тандап алган турмуштук деталдын эмоционалдуулугун арттырып, ички сезимдин толкундарына чулгап терең поэтикалуу кылып сүрөттөп бергенде гана ал чыгарма таасирдүү болору шексиз. Мына ушул касиет да Ш.Дүйшеевге таандык экенин бул ыр таасын айгинелеп турат. «Эл байлыгын ичип-жеген жыргап жашайт» деген аким менен губернатордун да арманы башынан чоң экен. Демек, акча, бийлик, байлык менен гана адам бактылуу боло албайт тура. Акындын ирониясы бирде жумшак болсо, бирде ачуу сарказмга өтөт. Көрүнгөндөй губернатор андан да чоң бийликке жетпей, баласынын баласына үй салам деп кайгырып, эл деп оозун ачууга жарабай өкүрүп ыйлайт, ага жагалданган кызматкерлери демидролун ала чуркап. «облустук МАИлери, ресторанды, БАРы кошо ыйлап» киргенде бакыт издеп келген баягы байкуштар эми аны көрдөн издемек болушат. Көрдөн жашы жүздөн ашкан кары адам чыгып, бул дүйнө убактылуу бир нерсе экенин, тиги дүйнөдө бул дүйнөдөгүдөй аким да, салыгы, соту, тирүүлүктүн түгөнбөгөн түйшүгү да жок экенин айтат. Элди ичип-жегендер кийинки укум-тукумдарына чейин азап тартаарын эскертет да, аягында ансыз деле бакыт жөнүндө ойго чөмүлүп келе жаткан окурманга астейил мындай чакырык таштайт.

Көнсөңөр жооп ушундай,
Көзү ачык деп бузулбай.
Көөдөн менен оокат кыл,
Көр дүйнөгө жутунбай.

Деп аларды таратты,
Делдейишти караштты.
Бакыт издеп чыккандар,
Кайра айылга баратты.

Кырылды эле, толду эле,
Кыргын согуш тойду эле.
Кыргыз деги ичинден,
Ким бактылуу болду эле?(1)

«Ш.Дүйшеев поэзиясында аналитикалык ой жүгүртүү менен гана чектелип калбастан, ага кошумча көркөм образдар аркылуу элестүү, образдуу ойлонууга, кыялды чындык менен айкалыштырууга, анын негизинде абстрактуулуктан конкреттүүлүккө, жекеден жалпыга же жалпыдан жекеге өтүү принциптери чеберчилик менен колдонот».(2) Жогорку ырда терең

подтекст жатат. Анда бакыт жөнүндө гана айтылбастан, кыргыз эли, анын кечээкиси, бүгүнкүсү, эл катары тагдыры жөнүндө ой-санаа, байлык, бийлик менен чектелбеген бакыт, турмуш философиясы да бар.

Ал эми акындын «Падыша жана муз» деген чыгармасы мындай ойлорду андан ары тереңдетет. Чыгарманын негизин илгерки өткөн бир уламыш түзөт. Уламыш боюнча илгери өткөн заманда бир падыша болуптур. Күндөрдүн биринде тынч, жыргап жашап жаткан элине катуу шамал келип, эл ызы-чууга туш болот. Чыгарманы кунт коюп окуганда «шамал» деген түз маанисинде эмес, каймана маанисинде экени түшүнүктүү болот. Көрсө, эл ичинде эл бузар «эрлер» пайда болот. Алар элин экиге бөлүп:

Кайгы баштап ашты жейт,
Кайырчылар басты дейт.
Караламан бир ууч топ,
Казынаны чачты дейт…(3)

(1) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр 2. – Бишкек, 2001. – 155-б.
(2) Абдыкеримова А.Э. Лингвистикалык поэтика – Каракол, 2008, 57-б.
(3) Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр 2. – Бишкек, 2001. – 157-б.

Ошентип чачылган, азап чеккен элдин көйгөйүн чечип, таланган казынаны кайтара турган азамат жок калат. Бийликке эптеп жеткендер экиден катын алып, кайта-кайта там салгандан ашык эч нерсе кылбайт. Ал ортодо ууру-кески көбөйүп, эл кыйналып турганда, тойго бараткан падыша токтоп, көңүл буруп, казынанын какшып турганын көрүп каарданат да, кан-бектердин баарын чакыртат. Эл ичиндеги эл жегич Кармыштын, андан кийин Керимди кармап, башын алганда кайдан-жайдан пайда болгон карыя эми сарбаздарыңдын баарын экиге тизгин дейт:

Желдеттерим, багыңа,
Жетет кезек баарыңа.
Колдон колго өткөзүп,
Жеткизгиле ханыңа.
Деди дагы жок болду.
Делбе таптар козголду,
Дем алалбай козголуп.
Денелери от болду.
Ээсиз акча, эчен муз,
Эгемен эл, Мекен – Муз…
Падышага жетпей эле,
Эрип кеткен экен муз…(1)

Акын акча, бийлик муз сыяктуу ээрип жок болот, аны бул дүйнөдө эч бир хан, эч бир адам биротоло кармап кала албайт деген идеяны ушундай уламыш аркылуу берет.

Ш.Дүйшеевдин ырларында образдуулук, чексиз терең сезим, маанилүү мазмун, ошо мазмунга жараша табылган форма бар, алар анын ырларына жан киргизип, тирүү организм сыяктуу кан жүгүртүп турат. Акындын

поэзиясындагы жөнөкөй эле сөздөр таң калаарлык тактык менен орундуу колдонулуп, түр-түспөлүн өзгөртүп, кулпуруп чыгат да, эмоционалдуу, образдуу, көп маанилүү кепке айланып, окурманды ырдын ичине кирүүгө жетелеп, анын жан дүйнөсүнө өтөт. Акындын мындай чеберчилиги «Шакен азган» (2004), «Туз» (2011) аттуу жыйнактарында да даана көрүндү.

Кылт этип кырдан көчөрмүн,
Кылт этип кырдан көчкөндө.
Кыргыз деп ыйлап өтөрмүн(2), –

(1) Дүйшеев Ш, Шамал, Тандалмалар. – Б.: Бийиктик, 2010. – 203-б.
(2) Дүйшеев Ш. Шакен азган. – Бишкек: Учкун, 2004. – 1-б.

деген саптар менен башталган акындын «Шакен азган» деген жыйнагына Ш.Дүйшеевдин мурунку жарыяланган мыкты ырлары, кара сөз түрүндөгү чыгармалары топтолуп, мында да акын эаман темасына басым жасап, анын ийги жана терс жүзүн көрсөткөн чыгармаларын тартуулады. Немецтин XX кылымдагы атактуу жазуучусу И.Бехер жазгандай: «Литература только тогда может обрести могущественную власть, когда она с мощной силой убеждения выразить исторически носущенные проблемы эпохи и тем самым поможет росту самосознания нации и её самоутверждению. Литература приобретает могущественную власть, когда в ней находят свое выражение лучшие черты народа и когда она, таким образом, воспитывает людей, формирует характеры».(1) Ш.Дүйшеевдин поэзиясы так мына ушундай касиетке эгедер. Себеби, акын кандай гана темага кайрылбасын бүгүнкү күн чындыгы терең ой толгоолор, нукура сезимдер жуурулушуп, таксындыгы, талашсыздыгы жана көркөм жугумдуулугу менен окурманды кайдыгер калтырбай, аны ойлонууга, кайгырып же кубанууга мажбурлап, ички психологиялык чыңалууга алып келет. Акын балким, тээ бала кезинен турмуш азабын көп тартып ошого болгон бугун, андан соң жаңыдан адабият дүйнөсүнө аралашканда кайра куруу деген «балээ» башталып, мурдатан көзү көрүп, бирок айта албай келген турмуш чындыгына болгон арманын, андан өтүп, өткөөл мезгилдеги элдин болуп көрбөгөндөй жакырланганда бугуп жаткан сырларын сыртка чыгарып жаткандай сезилет. Себеби, акын заман чындыгын жылмалап, коондоп отурбайт, ал түбүн түшүрө кашкайта ачык жазат. «Акын тагдыр күтмөйүнчө акын боло албайт» деген сөз бар эмеспи. Ал эми Ш.Дүйшеевдин жеке тагдыры элдин тагдыры менен жуурулушуп, экөөнү бөлүп кароого мүмкүн эместей элестелет. Акындын өзүнүн минтип жазганы бар: «Эл деген – мазар, элден кеткен азар» дешчү экен. Өмүр бою ушул мазарда болдум. Сыйрылып сыртка чыкпадым, айрылып артка тартпадым. Кесириме кетпедим, кемегеме теппедим. Адал иш кылдымбы? Ал эсимде жок. Балким кылгандырмын. Качан эле кыргыз кылганын моюнга алчу эле. Анткен менен калк карегинен кан акканда да, май акканда да мазарым сынбасын, мазарым сынса назарым сынар, назарым сынбасын, ниет-куйу бузук бирөөлөр кандап кетпегиле, заңдап кетпегиле деп бөйрөгүм бөкүлдөгөн, заманым закылдаган күнүм далай болду. Аттиң!.. Баары бир

бууп булгутпай, жээн тепсетпей коё албадым. Мазарым сен элең – Кыргыз Жерим! Сага билип өткөндөр, күлүп өткөндөр, үрүп өткөндөр, сийип өткөндөр болду. Ушунун баарын көрүп туруп кор болдум, угуп туруп дүлөй болдум». Баарын көрүп, билип туруп эч нерсе кыла албай келген акын баарын ырларына сырын төктү, ырларына дилин берди. Ошондуктан, акындын ырларында жасалма ой, жасакерлеген мамиленин жыты да сезилбейт. Мына ушундай жагдайлар, сапаттар Ш.Дүйшеевди кыргыз поэзиясынын Владимир Маяковскийи менен Пабло Нерудасы сыяктуу барандуу, карааны алыстан көрүнгөн албан фигурага айлантып турат.

(1) Бехер И.Р. О литературе и искусстве. – М.: Художественная литература, 1981. – С. 222–223.

Адабиятчы жана журналист Э.Нурушевдин сөзү менен айтканда: «Шайлообек өз чыгармаларында азыркы турмуштун кадимки эле кара фактылырына, саясий, экономикалык, социалдык жана гуманитардык маанидеги конкреттүү, күндүн күйүп турган актуал проблемаларына арбын кайрылды. Болгондо да ошол карандай фактыларга эстетикалык бийик ырай берип, окуган же уккан адамдын көңүл көкөйүндө кыттай уюп калгандай кыяпка жеткирип, аны поэзияга айлантты. Дал ушул касиет аны башкалардан аттын кашкасындай айырмалаган акындын эн белгиси болуп калды. Атүгүл улуттук поэзиядагы жаңы агымга нук салды. Көз алдыда болуп жаткан же жаңы болуп өткөн күнүмдүк жаңылыктан, окуядан, фактыдан коомдук резонанска ээ болгудай жогорку сапаттагы ыр жасай алган акындар кыргыздын жазма поэзиясынын тарыхында буга чейин жолуга элек болчу, жолукса да адабий теорияда «публицистикалык поэзия» деп аталып жүргөн жанрды Шайлообектей көркөм деңгээлге көтөрө алышкан эмес» деген пикири тура мүнөздөмө эле.(1)

Кыргыздын белгилүү лирик акындарынын бири Б.Алыбаевлин «Катаал күндүн ырлары» аттуу жыйнагы жарык көрүп, китептин аталышынан эле байкагандай, ырларында өткөөл мезгилдеги «же ичиңди, же чекеңди ысытпаган» жашоо чындыгын чагылдырууга арнаган. Б.Алыбаев жогоруда биз талдоого алган А.Өмүрканов, Ш.Дүйшеевдер сыяктуу ачык, публицистикалык мүнөздө болбосо да, эң негизги мажбурланбаган эркин тилде замандагы теңсиздикти, калыссыздыкты лирикалык маанайда окурманды ойго сала турган бир топ дурус ырларын жараткан. Акындын «Кайда алпарат», «Ким билсин», «Керек болуп турат бүгүн бир адам», «Түйүндүү суроо», «Урганым жок», «Эркин жашайт», «Ким бүгүн», «Аялдан күндө жеме угуп», «Мезгил портрети» сыяктуу көптөгөн ырларында бүгүнкү күндүн көйгөйлүү проблемалары сүрөттөлөт да, ал бул заманды «катаал заман» экенин ар тарабынан ачууга аракеттенген. Мисалы, «Керек болуп турат бүгүн бир адам» деген ырында:

(1) Нурушев Э. Акындардын академиги // Жаңы Кыргызстан маданияты. – № 1. – февраль. – 2001.

Келип-келип кептин баары акчада,
Акчаң болсо отурасың такка да!
«Азаттык!» – деп, «Эркиндик» – деп жатышат,
Анын баары апыртмасыз маска да!..

Байлар жашайт эркиндикте чардашып,
Карыптарды кулдай жумшап, жалдашып.
Чет өлкөнүн товарлары терилген,
Базарларда бирин-бири алдашып.

Кайырчыда, кайдан болот эркиндик?!
«Эркиндик!» – деп биз эмне эле желпиндик?!
Таза жүрөк кудай момун пенделер,
Кайырчыга айланарын кеч билдик.(1)

Акындын мындай пессимистик маанайдагы ырлары өтө эле арбын. Анын тилегени эле эл бактысы болуп билимдүү, бийиктиги, тазалыгы бар адам келсе экен дейт. Чындыгында «демократия», «эркиндик» деген сөз ооз жүзүндө эле айтылып, турмушубузда ал бир дагы аткарылган жок. Бүгүнкү күнгө чейин канчалаган токтомдор кабыл алынып, ал ошол бойдон кагаз жүзүндө калды, «адам укугун коргоо» деп күндө какшап, бирок канча кыргыз Россияда, Казакстанда, чет өлкөлөрдө кор болуп, кул катары жүрөт. Аны кой, кыргыздар өз жеринде өздөрү кул. Мисалы. «Бета» чайын чыгарып Түркиядан келген түрктөр иштешет. Алардын кол алдында иштеген кыргыздарды сурак-жоопсуз 10–11 саат иштетишип, кааласа жумушка киргизип, кааласа жумуштан чыгарат. Б.Алыбаевдин ырлары да дал ушундай турмуштагы терс көрүнүштөргө арналат.

(1) Дүйшеев Ш. Катаал күндүн ырлары. – 37-б.

Б.Алыбаев да теңсиздикке, турмуштагы терс көрүнүштөрдүн көбөйгөнүнө, эне тилибиздин өз деңгээлине көтөрүлбөй жалпы эле каралман калктын жон терисин сыйрыган бул заманга «Катаал күндүн ырлары» деген китебинде чагылдырат да, акын «Бул күндө» деген ырында мындайча таамай сүрөттөйт:

Акыйкатты камап коюп түрмөгө,
Алдамчылар өзүн өзү билгенде.
Кеңкелестер төргө сунуп буттарын,
Кеменгерлер улагада жүргөндө.
Адабият, маданият зынданда,
Кезек келбей анык, даана ырларга.
Алкы бузук, акчасы көп бир наадан,
Эл алдында – акынмын! – деп турганда.(1)

десе, Тургунбек Бекболотов чындыкты издеп таба албай, аны бир көрүүгө зар болгонун мындайча сүрөттөйт:

Ишенебиз алдашса миң жолу,

Ушул эмей көкүрөктө кир жогу.
Чыңгыз эмес, Чындык келип кетсинчи,
Чыркыраган айлыбызга бир жолу.

Бешенеге жазбагандыр кулдукту,
Же биз эмне, кечкис күнөө кылдыкпы!
Жүз жаап камап койбой капаска,
Бир көрсөтүп койгулачы Чындыкты!(2)

Акын «Муздак тамчылар» (2003) деген жыйнагында жогоркудай замандын оош-кыйыштарын жүрөгүнөн өткөрүп, мааниси терең ырларында басымдуу орунду ээлейт.

(1) Алыбаев Б. Катал күндүн ырлары. – Б.: Шам. – 36-б.
(2) Бекболотов Т. Муздак тамчылар. – Бишкек

Совет мезгилиндеги кыргыз адабиятында саналуу гана акын кыздарыбыз бар экенин билсек, өткөөл мезгилде алар сан жагынан көбөйүп, көптөгөн ыр китептерин жарыкка чыгарышты. Аны төмөнкү тизмени окусак эле ачык көрүнөт: Н.Жүндүбаеванын «Өмүр жемиши» (1992), «Эне дүйнөсү» (1994), «Кызыл өрүк» (2000), «Кышкы гүлдөр» (2004), М.Абылкасымованын «Үшүк» (2011), Г.Момунованын «Айдарым» (1991), «Жан дүйнө» (1994), «Кут дүйнө» (2004), С.Абдыкадырова «Таң нуру» (2004), «Күн нуру» (2005), С.Акматбекованын «Күз ырлары» (1990), «Күүгүмдөгү күү» (1998), Р.Карагулованын «Капчыгай» (1991), М.Мамазаированын «Энелер үнү» (2007), «Тур улуу Журт!» (2010), А.Узакованын «Кеч жарык» (1990), «Түнкү асман» (1997), «Жүрөгүм менен сүйлөшүү», К.Сариеванын «Асмансыз жылдар» (1998), «Аалам тепкичтери, же өткөөл өмүр трактаты» (2005), Д.Жамансартованын «Өрүлүк» (1991), «Айдай» (1996), «Жылдыздуу сапар» (2001), А.Дегенбаеванын «Портреттер» (1990), «Суусаган тамырлар» (2006), Р.Мукашованын «Алыстаган ак дайралар» (1998), Р. Карагулованын «Капчыгай» (1990), С.Орозбекованын «Сен дүйнө» (2004), А.Темированын «Алтынай» (2003), Б.Сейитбеованын «Кавказ кайрыктары» (2008), «Сирендер гүлдөгөн маалда» (2007), Т.Закированын «Кусалык» (1991), «Ыйык шаарым» (1999), «Боз торгойдун ыры» (2003), «Ала Тоо-Мекеним» (2003), «Мекенимдин эшиги» (2008), Г.Шакирова «Дил азык» (2004), Ф.Абдалованын «Ай жарыгында» (1997), «Жүрөктөгү шамал» (2001), «Эсимде» (2001), Э.Ажыканованын «Көгүш гүлдөр» (2007), А.Бегимкулованын «Каяша» (1990), М.Тураеванын «Жүрөгүмдө өзүң гана болдуң» А.Эгембердиева «Шүүдүрүм» (1998), «Белгисиз жомок» (2000), «Үнсүз кайрыктар» (2005), «Аян» (2010) ж.б. ыр жыйнактары жарык көрдү.

Жогорудагы китептердин тизмесинен көрүнгөндөй, акын кыздарыбыз да тынымсыз иштеп, кыргыз поэзиясын идеялык-тематикалык жактан байытууга, өзүнчө бир аялдык сезим менен турмушту кабыл алып, поэзия дүйнөсүн кеңейтүүгө аракеттеништи. Акын кыздарыбыздын арасында элге көбүрөөк таанымал, Кыргыз эл акыны деген наамды аркалап жүргөн

М.Абылкасымова Советтер Союзу таркап, заман дайрадай ооп калгандыктанбы (мындай өзгөрүш көп чыгармачыл адамдарды туңгуюкка салганы да чын) он төрт жыл тыным жасап, 2011-жылы «Үшүк» аттуу ырлар жыйнагын жарыкка чыгарды. Жыйнакты ачканда эле жер астын – үстүн болгондой заманга туш келген акын:

Үшүк урду элимди да, жеримди,
Үшүк менен мен да бастым демимди.(1)

деген түшүнүксүз, бүдөмүк эки сап ыр менен башталат. Акын кайсы үшүктү айтып, ал элин кантип алып, акын кантип демин басты экен деген көптөгөн суроого дароо дуушар болгон окурман китепти андан ары барактап, бул суроого конкреттүү жооп ала албай бушайман боло түшөт. Акыл токтотуп үңүлүп окуган адам, акын жалпы эле кыйын кыстоо турмушту айтайын деп, ал үшүккө кабылган элинин абалын билдирейин десе керек деп болжолдойт. Бирок, жогоркудай бүдөмүк, абстрактуу ой конкреттүү турмуш чындыгы менен сүрөттөлбөгөндүктөн, окурманга таасири эч болбой кала берет. Жыйнактын көпчүлүк бөлүгүндө сүрөттөө жана арноо ырларына орун берилген. Ырларынын ичинен «Жер бетин», «Бир азга», «Жолдош болсун», «Балама», «Ачат белем» деген лирикалык маанайда жазылган дурус ырларын кездештирүүгө болот.

(1) Абылкасымова М. Үшүк. – Б.: Шам, 2011. – 9-б.

Китепте «Атаке батыр жөнүндө баян», «Аталар жана ата журт», «Түлкү батыр», «Тоголок Молдо чоң атам», «Курманжан датканын арманы» аттуу көлөмдүү ырларында, эгемен мезгилде акын-жазуучулардын көпчүлүгүнө мүнөздүү болгон тарыхый инсандарды мактоо, даңктоо мотивинде жазылып, образдарга жаңы маанай, жаңы штрих кошуп ача албаган бойдон калган. М.Абылкасымова бардыгын бир беткей көтөрө чаап ыксыз мактоо менен гана чектелип калган. Мисалы, акындын «Атаке баатыр жөнүндө баян» деген чыгармасында:

Байкасам менден башка балаң жоктур,
Оюм бар бир жакшына ыр арнасам.
Жолборс, илбирс кейиптенген жүрөгүңдөн,
Дабыш угуп түшүмдөн жүрөмүн мен?
Калсам калдым касаттан жапа чегип,
Акыр баштан айрыбай тилегимен.
Канча жолу кырсыктан куткарсаң,
Каруум кетсе чөп болуп жыттанамын.
Аян болуп жол таштап коёсуң ээ,
Катаал турмуш канчалык кыйнабасын(1), –

деп «төгүп» жүрүп отурат. Атеисттик, советтик тарбияда жүргөн акын эми Атаке тукумунан экенин билип, ага чексиз кубанып, ушуга чейин Атаке баатыр дайыма жанында жүргөнүн, кырсыктан сактап, «жан кишиге көрүнбөй» чоң атасынын рухун жүрөгүнөн жазат. Ошентип, эгемен мезгилдеги аянчылдык түшүнүктөн кур калбаган М.Абалкасымова атактуу

баатырдын тукумунан экенине жетине албай, аны ыгы жок мактоо менен ырын аяктайт.

(1) Абылкасымова М. Үшүк. – Бишкек. – 9-б.

Көп кесипти аркалап келген акын кыздарыбыздын бири К.Сариеванын «Асмансыз жылдар», «Аалам тепкичтери же өткөөл өмүр трактаты» аттуу жыйнактары жарык көрдү. Бул китептердин философиялык мүнөздөгү аталыштарынан эле акын кызыбыз учур турмушуна сүңгүп кирип сүрөттөөгө аракеттенгенин байкайбыз. Бирок, жыйнактардагы тематикалык жактан ар түрдүү «арабөк» жазылган ырларды окуп көңүлүн кайт болуп отуруп каласың. Акын кайсы гана темага кайрылбасын, көп ырларында сөздү «бага» билбегендиктен, ойду конкреттүү кылып бере албагандыктан, уйкаштыктын начар курулушунан жөн гана сөздөрдүн топтомдору сыяктуу болгон ырлары өтө эле көп орунду ээлейт. Мисалы, «Катаал азыр жашоо мезгил мыйзамы» деген ырында:

Шахид деген сөз маанисин түшүнбөйм,
Корком Шахид жан кечтеден көрө элек.
Өз жашоосун жарыктанткан жылдызы,
Өчкөндөн соң бүт жашоосу тебелеп.
Кечип кеткен кызыгынан өмүрдүн,
Өчүп коркуу сезими бүт, жаалга.
Өтүп кетип, жалбырттаган жалындай,
Өзү бүтүн коркунучка айланып.
Чыккан дүйнө өрттөгөнгө шайланып,
Корком шахид жан кечтиден көрө элек.(1)

Мындай жалаң «сезим агымына» салып жазган ырларынан сөздүн маанисин кууп, түшүнүүгө аракеттенсең, ырдын ыргагы да ага тоскоол болуп, бул ырды көп кайталап бир нерсе боолгологонуңа кубанасың. Макул, бул да замандын татаалдыгын акын ушундай татаалдыкта берди го деп, башка темадагы ырларын окуп, андан эки эсе эсиң оойт. Мисалы, «Жылдыздуу түндөр» ырында айтайын деген ойлорду кармап калуу мүмкүн эмес. Анткени бүдөмүк, чаржайыт ойдон акын эмнени айткысы келгенин түшүнүп болбойт. Анда окуп, өз тыянак чыгарып көрөлү:

(1) Сариева К. Аалам тепкичтери же өткөөл өмүр трактаты. – Бишкек, 2005. – 212-б.

Түн бир кербен жарык жылт-жулт,
Жылдыз жанат миң азгырык.
Мени дагы канчоо сүйдү,
Аны айтуунун неси кызык.
Кербен жолдош шылдыр-шыңгыр,
Өз сүйүүсүн ырдоо сыймык.

Түн бир кербен. Шылдыр-шылдыр.

Аккан өмүр билбей токтоо.
Жанга жакын бул ыргакта,
Махабаттын ордун жоктоо.
Дайым эске сен түшөсүң,
Көңүл жокто, оюн шоокто…
Каухар-жакут, жарык жылт-жулт…
Шылдыр-шылдыр… шыңгыр-шыңгыр…
Толкун ойноок шарпа-шурпа,
Жел учкаяк…
Жээк токтоо…
Шылдыр-шылдыр… жарык жалт-жулт.
Жылдыз токтоо
Жылдыз токтоо.(1)

Эгемен мезгилде көп иштеп, коомчулукта да көп көрүнгөн акын Г.Момунов арноо ырларды жазууда эч кимди алдына чыгарбаса да, заман чындыгын чагылдырган бир топ ырларга кайрылса, белгилүү акын кыздарыбыздын бири Г.Шакирова «Дил азык» аттуу (2002) жыйнагында мекен жана заман жөнүндө дурус ырларды жазган. Ал коомчулуктун тилибизге, кууpаган турмушун, аракечтик сыяктуу турмуштагы ар кандай арамдыктарга болгон оюн ортого салат.

Күнөөкөрүн тааный албай тумандан,
Күнөөсүзгө оодарышат жалааны.
Оор туман басып турат калааны,
Азап-муңдан арачалап калчудай.
Эси жоктор бөтөлкөгө корголойт,
Бардык жүктү башы менен көтөрүп.
Энелердин көздөн жашы шорголойт…
Эстүү жандар энелерин кордобойт.
Ата-баба баскан жолдон адаштык,
Акыл калчап шек кетирбес баркына.
Кароосуздай каңгып калган талаада,
Карабаган Ата мурас салтына…(2)

(1) Сариева К. Аалам тепкичтери же өткөөл өмүр трактаттары. – Бишкек
(2) Шакирова Г. Дил азык. – Бишкек: 2002. – 20-б.

Мына ушу сыяктуу көркөмдүк жактан мыкты болуп кетпесе, бизге түшүнүктүү тил менен аң-сезимдердеги уйгу-туйгуну, жанын жай алдырбаган оюн ортого сала алган. Айрым адабиятчылар эгемендүү өлкө болгондон кийин көркөм адабият менен саясат байланышпай, адабият өз алдынча гана жашоосу керек деген ойду айтып чыгышты. Алар социализм мезгилинде жазылган ырлар көбү саясий заказдар менен жазылган, эми адабият мындан ары өнүгүүсүндө саясат менен байланышпай өзүнчө өнүгүшү зарыл дешти. Анын үстүнө эгемендүү болгондон бери идеология кысымга алган жок. Мурдагыдый жазуучулар союзунун пленуму өтүп,

көрсөтмө берилип же бийлик тарабынан кысым болбой туруп каар заман темасы ар кимдин өз эрки, каалоосу менен дембе-дем жазылды. Себеп эмнеде десек, дагы турмуш чындыгынын өзүн көрсөтүүгө аргасыз болобуз.

Негизинен эле, адабияттын предмети адам экени айныгыс чындык болсо, анда адамдын көркөм, типтүү образын жаратуу үчүн сөзсүз түрдө ал жашаган коомдун, доордун, мезгилдин типтүү кырдаалдары сүрөттөлүшү керек. Ошондуктан кандай чыгарманы окубайлы, ошол мезгилдин турмуш чындыгы сүрөттөлүп, коомдогу саясий кырдаалдар жөнүндө кабардар кылат. Бирок эске ала турган нерсе, түбөлүктүү жана күнүмдүк саясат дегендей, саясаттын да түрү болот.

Жогоруда сөз болгон Н.Байтемиров, К.Артыкбаев, Ж.Садыков, А.Өмүрканов, Э.Ибраев, Ш.Дүйшеев сыяктуу акындар ырларында түбөлүктүү саясатты камтып, учурдагы оош-кыйыш өмүрдүн майда-барат күнүмдүк пендечилигинен өйдө көтөрүлүп, дүйнөдөгү убактылуудан түбөлүктүү нерселерге чейин ой жүгүртүшөт. Мына ошентип, алар азыркы замандын учурдагы урунттуу белгилери сүрөттөөгө алынып, анын түпкү маңызын түшүнүп, жашоодогу жыргал менен азаптын, адал менен арамдын, адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин, теңчилик менен теңсиздиктин, зомбулук менен боорукерликтин ак-карасын ажыратып, түбөлүктүү философиялык ойлорду камтыган чыныгы поэзиянын үлгүлөрүн тартуулашты.

Буга чейин белгилегендей ошол «жаңы агымга» кирген Н.Байтемиров, Э.Ибраев, А.Өмүрканов, Ш.Дүйшеев, Ж.Садыков, К.Артыкбаев, Б.Алыбаев, М.Абылкасымова, Т.Бекболотов, А.Акималиев, Г.Момунова, Э.Эрматов сыяктуу акындардын башын бириктирген нерсе – элге каар заманды алып келген бийлик, байлык ээлерине, адеп-ахлагы бузулган, ыйманы кеткен доордун өзүнө болгон нааразылык, а түгүл жек көрүү сезими болсо, ошол мамилени, көз карашты поэзиянын тилинде чагылдыруу ыкмалары жана каражаттары, кыскартып айтканда, чеберчиликтери, анын деңгээли ар башка экендиги талашсыз. Буга чейинки мисалдар акындардын көпчүлүгүндө бүгүнкү заманды жектөө мотиви басымдуу экенин көрсөтөт. Кызык жери, бүгүнкү заманды бийлик, байлык ээлерин мактап, аны нагыз поэзиянын деңгээлине берүүгө умтулган акындар сейрек, а түгүл өтө аз экенин көрөбүз. Андай ырлар болсо да, көбү тигил же бул юбилейге, орчундуу окуяга байланыштуу жазылган «дежур» типке кирген, көпчүлүгү жугумсуз, «жансыз» ырлар экени байкалат. Анын себеби ошол жагымсыз акындардын таланты, чеберчилиги төмөн экендигинде эмес. Алардын «жансыздыгы» ириде ошол поэтикалык структураларда чындык жок экендигине байланышат. Кара күчкө салынган калп мактоолор, кошоматка кот сойгон «ыраазылык сезимдер» андай чыгармаларга жан киргизе албай, аларды жасалма гүлгө окшоштуруп, ошол мактоо ырлары жүрөктөн, сезимден эмес, амалдуу акылдын кыстоосу менен жазылганы да көрүнүп турат.

Ал эми Э.Нурушев айткан, улуу-кичүү акындардын жоон тобу чынында эле кыргыз поэзиясындагы сынчыл, публицистикалык поэзиянын жаңы

агымын түзүшүп, ага кирген чыгармалар турмуш чындыгынын кыстоосу менен өзүнөн өзү эркин түрдө жаралды десек болот. Ошондуктан алар коом алдындагы парзын таза аткарган поэзиянын үлгүсү болуп эсептелет. Чындыкты туу туткан поэзия гана өзүнүн эл алдындагы милдетинин өтөлгөсүнө чыгып, кайра элге, коомго таасир берип, ардакталат. Илгертеден берки поэзиянын өнүгүү тажрыйбасы ушул улуу чындыкты тастыктап келгени да талашсыз.

## Табият – акындын жан дүйнөсү
## Карыбас поэзия

Артымда жолдор жатат,
Жолдор жатат,
Чоюлуп чакырымдан чакырымга.
Көп жүрдүм келечекке долбоор жасап,
Ашыккан сапарымда акырында,
Кезиктиң күүлөр ээси
Поэзия!
Алдымда туура тартып бууданыңды,
Ошондо, алгач ирет сезген окшойм,
Сенсиз мен жашай албай турганымды.(1)

(1) Эралиев С. Кезиктиұ күүлөр ээси – Поэзия. – Б., 2002.

Сүйүнбай Эралиевдин өмүрү, чыгармачылык жолуна назар салып караганыбызда, ал бир күн да ырсыз өмүр сүрбөгөнү, тээ кан күйгөн согуш талаасынан аман сактап, ушул куттуу куракка келишине да, жашоого дем, күч, чексиз кумар берген да анын табият берген таланты, жалындуу, сабырдуу ырлары экени калетсиз.

С.Эралиевдин чыгармачылыгынын башталышы да Улуу Ата Мекендик согуш мезгилине туш келип, башынан өткөн мындай ааламат анын чыгармачылыгына кызыл сызык катары жүрүп отурат.

Үч мертебе кайра туруп жараттан,
Үч мертебе жоого кетип баратам.
Тагдырыма таарынбаймын эч качан,
Мен ошентип солдат кылып жараткан.(1)
(«Үч мертебе»).

Ошентип, кудай сүйгөн акын дүйнөгө бир эмес, үч мертебе төрөлгөн. Ошондуктан, анын поэзиясы – бийик гуманизмге, патриоттуулукка үндөгөн үлгүлүү, ойчул поэзия. Акындын эң ириде тилегени элинин, журтунун амандыгы, келечегинин кеңдиги. Мында жакшы менен жаманды, ак менен караны эриш-аркак сүрөттөп, чыныгы поэзиянын суусун ичкен акын небак экинчи өмүргө ээ болду. Поэзия демекчи, бүгүнкү күндө ыр десе эле эки сапты уйкаштырып, көргөн-билгенин талдабай эле чүргөй салуу адатка айланып бара жатат. Ал эми поэзия жөнүндө улуу акын Э.Межелайтистдин : «Поэзия – это тоска по гармонии. Вечная тоска по добру, правде и красоте.

Вот что такое поэзия»(2) дегенин С.Эралиевдин бүткүл чыгармачылыгына багыштасак туура болот. Кезегинде атактуу бул эки акын бири-бирин жогору баалашкандары да жөн жеринен эмес окшойт.

(1) Эралиев С. Кезиктиң күүлөр ээси – Поэзия. – Б.: 2002
(2) Межелайстис Э. Что такое поэзия // Известия. – 1984. – 30 марта.

Акын кандай гана темага кайрылбасын, аны жаңы эстетикалык көркөм табылгалар менен байытып, бардыгын конкреттүү, предметтүү, образдуу берүүгө жетишет. Акындын сүрөткерлиги, образдуу ой жүгүртүүсү бул жагынан өзгөчө табылгалуу, көп мүнөздүү жана окшош экендигин көптөгөн поэтикалык туундулардан ачык байкалат. Ал башкалардай өзүн-өзү чектебейт, поэзия асманында эркин жана бийик учат. Ал ырларында биз билген, биз эчактан бери тааныш, жазылып бүткөн ой-сезимдердин, көрүнүштөрдүн, нерселердин баарына кайрадан жаңы түр-түспөл, жаңы үн берип, эч кимге окшобогон С.Эралиевдик ыкмага салат. Анын поэзиясы ушунусу менен да баалуу. С.Эралиев үчүн эскигрен тема, идея жок. А чынында таланттуу акындар үчүн ошондой болуш керек.

С.Эралиев кандай гана темага кайрылбасын, аны табиятка, турмушка, адамдык жеке тагдырга байланыштырып, анын мазмунуна терең, бирок жөнөкөй маани, ой чөгөрөт, аны окурман бир жактуу чечмелөөгө мүмкүн болбогон деңгээлде кемелине келтире жазат.

Кыргыздын поэзиясынын тирүү классиги, Бакайы аталган акындын чыгармачылыгы бир кичинекей макалага сыйбастыгы, ал тууралуу жүздөгөн макалалар, ондогон китептер (изилдөөлөр) жазылган. Биз элге түшүнүктүү табият лирикалары жөнүндө гана учкай сөз кылсакпы деп турабыз. Акындын чоң акын болушуна да табият таасир эткенин акын минтип эскерет: «Мен кандайча ыр жазып калдым? Бул суроо кээде өзүнөн өзү ойго келе калат, окуучулар да муну көп сурашат. Дароо жооп табуу кыйын. Бир ирет тоодо кетип баратсам, үстү жагымдан аска бирдеме деп кобурагансып калды. Аны азыр эле маңдайын сылап өткөн желаргы жооп бергендей болду. Бери жакта күрүлдөгөн тоо суусу өз оюн айтып, тамашалап жаткансыды. Алардын ошол кобурун тыңшап келатсам, мен жаратылыштын бул сырын башкалар менен бөлүшкүм келди. Бирок, бул үчүн баарынан мурда көркөм сөз табуу керек эле. Биринчи жолу мен ошондо көркөм сөз издедим». Көрсө, акынды акын кылган табият тура. Ошондуктан анын поэзиясында табияттын татынакай картинасы, көрүнүшү сүрөттөлбөгөн, коштолбогон ырлары саналуу гана. Анын акындык сүрөткерлигин кашкайта ачкан көркөм табылгалар пейзаждык лирикаларында кадам сайын кездешет.

Кээде жылдыздар тараган,
Кээси деле кетелек.
Айды бирөө далдаадан,
баратконсыйт жетелеп.

Жаңырыктайт араактан,

Дайра шырын камчылап.
Шүүдүрүмдөр дарактан,
Жатты жерге тамчылап.(1)
(«Таң атаарда»).

Акын үчүн пейзаж, табият жөн гана көрүнүш, жөн гана сүрөт эмес, ал – адам менен бирге жашаган, бирге күйүшүп, бирге сүйүнгөн жандуу нерсе. Акындын кээ бир пейзаждык лирикаларындагы сүрөттөөлөр табияттын көркүн, көрүнүшүн сезимталдык менен ачып берсе көп учурда адам психологиясын, анын жан дүйнөсүнүн байлыгын ачып берчү ыкма катары көрүнөт. Жаратылыштын койнунда өз баласы катары төрөлүп, адам катары калыптанган акын табият менен накта адамдай сүйлөшүп, анын сырларын, үнүн, кайгысын уга билет, ага арыз-муңун, кубанычын айтат. Демек, табият – акындын сырын каткан, кайгырса кайгырган, кубанса кубанган.

(1) Эралиев С.

Мисалы, акындын «Жерге сыйынуу» деген ырында табияттын татынакай сүрөтү, Ата-Мекенди сүйүү, сагынуу, жердин ыйыктыгы эриш-аркак сүрөттөлөт. Бул ырда бир караганда жаңы эч нерсе жоктой сезилет. Бирок, эчак жазылып, эшилип бүткөн тема кайрадан жаңы өң алып, жаңы боёкторго каныктырылып, ал сезим-туюмуна жетет, кадимкидей түйшөлтөт. Акындын көрөгөчтүгү окурмандын кан жанына өткөрө жаза алгандыгында. Ыр жеңил окулуп, сүрөттөлүп жаткан көрүнүш кадимки кино тасмадай көз алдыңа тартыла түшөт.

Чарчап келип көк туланга кuladым,
Бир оокумда шыбыш угат кулагым.
«Бул эмне?» деп баш көтөрсөм, а көрсө,
Тоо чуркатып жатат ички булагын.

Шылдыр-шыңгыр агып жатат ал мында:
Чөп түбүндө, оң колтугума алдыда.
Ырдайт, бийлейт, «кыт-кыт» күлөт түгөнгүр,
Чоң сууларды туурап ушул алдыда.

Миң кубулуп мени алагды кылууда…
Угуп жатам, дарманым жок жылууга.
Ал аңгыча төш алдынан сеземин,
Бир нерсени жумшак дагы, жыттуу да.

Бир нерсени жумшак дагы, жыттуу да,
Жыты өмүрдүн суусунундай жутууга.
Көрсө көк чөп ойноп жатат оронуп,
Көөдөнүмө, колум менен бутума.

Ачылган гүл, чөбүң үчүн көгөргөн,

О, ыйык жер, топурагың өбөм мен.
Сыйынамын сенин улуу күчүңө,
Тоолоруңа, алдыңа күн өңөргөн.(1)

Ички сезимдин тереңинен жаралган бул ырда «Тоо чуркатып жатат ичке булагың», «жыты өмүрдүн суусунундай жутууга», «көрсө, көк чөп ойноп жатат оронуп», «көөдөнүмө, колум менен бутума», «тоолоруңа, алдыңа күн өңөргөн» сыяктуу метафора салыштыруудан турган саптар ырдын көркүнө чыгарып, ажарын ачып, С.Эралиевдин чебер сүрөткерлигинин далили катары чыгат.

(1) Эралиев С.

Акындын «Жайлоодо», «Жаз», «Сүрөт», «Тоолор окшойт», «Этюд», «Жаз келди», «Суусамыр», «Тоо суусу», «Жаздын келиши» ж.б. көптөгөн ырларында курулай табиятка суктануу гана эмес, анда, аруу сезим туюму менен ой жүгүртүү, табият менен жаштык бар. Акындын терең мазмунда жазылган ырлары жүрөктөн чыгып, жүрөккө жетет. Аларда лиризм күчтүү жана табигый мүнөздө болуп, жүгүргөн кан сыяктуу ар бир сөз өз ордунда турат. С.Эралиевдин сөздү ийине келтире «иштете» алган чебер сүрөткер жана лирик экендигин «О, Табият» деген ыры талашсыз айгинелейт.

Жай-кыш бизге жан мээрими сезилген,
О, табият, сен бир ыйык энесиң.
Керек болсо, жасап боор этиңден,
Бере аласың адамдын да денесин.

Мүнөз-пейилиң кээде назик, уялчаак,
Бар сыяктуу айтылбаган бир сөзүң.
Кээде болсо өмүрдү шар кыя чаап,
Көрсөтөсүң жата турган мүрзөсүн.

О, табият эң кийинки «энчиңден»,
Балким, мүрзөң өзү да уялат:
А болбосо, кандай эне сенчилеп,
Өз перзентин өзү өлүмгө кыялат?!

Бул ырда бийик фразалар, акылман сөздү обу жок коздоо деле жок. Бирок мында терең лиризм, уюткулуу жана татаал философия бар. Аталган ырда табият жандандырылып берилген. Анын мазмунунда табият эне (шарттуу түрдө), ал эми адам анын баласы. Табият кыш, жай дебей, баласын эркелетип, койнуна алат. Ал адамга аба берет, суу берет, азык берет, нур берет. Бирок өмүр жалган, бардык нерсе убактылуу гана көрүнүш экени, табияттын акыркы мызамы өлүм болгондугу менен ыр жыйынтыкталат. Бирок адам акылына сыйбаган, кылымдан кылымга жооп табылбаган нерсе – табият эненин «өз перзентин өзү өлүмгө кыйышы». Муну менен акын адам менен табияттын биримдиги, бири– бирисиз жашай албаган эне-бала жана ошол эле убакта бири-бирине келишпес душман экендигин трагизм катары

чебер чечмелейт. Ошентип, С.Эралиев табият жана адам деген эски теманы жаңыртып, анын жаңы кырларын, өңүтүн ачып берет. Ыр көркөмдүүлүгү, лирикалуулугу жана драматуулугу менен сезимди «селт» эттирет.

Ал гана эмес, акын жеке сезимин да, махабатты да табият менен туташ, эриш-аркак сүрөттөп, аны табияттын бир бөлүгү катары берет. Анын сүйүү лирикалары да жүрөктүн түпкүрүнөн чыккан, таза, кол тийгис, табияттай таза, назик жана жашоонун татаалдыгы менен чечмеленет. С.Эралиев акындар тарабынан көп колдонулган «сүйдүм», «күйдүм» деген тапталган сөздөрдү пайдаланбай эле сүйгөнүнө болгон ыйык сезимин, арзуусун окурмандын жан-дилине жеткире, элестүү жана көркөм тартуу кылат.

Ушул жерде сонун гүлдөр өсчү эле,
Жашыл, сары, көгүш, кызгылт түспөлдө.
Карап-карап кандырчубуз көздү эле,
Көркүн аяп, кол баралбай үзгөнгө.

Тигил жакта колот менен анан да,
Шылдыр-шылдыр туура суулар акчу эле.
Ошолордун ортосунда, аралда,
Олтурчу кез сага аябай жакчу эле.

Үлбүрөгөн ак жибектей шоодурап,
Сулуу, сулуу таңдар мында сүрчү эле.
Баары сонун болчу. Анткени жоодурап,
Асылкечим дайым жанда жүрчү эле.(1)

Көрүнүп тургандай, арзыганын кайсы куракта, качан, кантип сүйүп, айрылышканын билбесек да, анын асылкечи да табиятты сүйгөн, үлбүрөгөн ак жибектей кыз экени көз алдыга келет. Анткени ал сүйгөнү «гүлдү үзүп бер» деп экиленип эркелебей, аны аяп, шылдыр суулуу өзөндүн аралчасынын ортосунда отурганды жактырган, акын сыяктуу табиятты сүйгөн адам экени подтекст аркылуу берилет. Бирок, эң өкүнүчтүүсү – асылкечи жанында турган мезгилдей табият азыр сулуу эмес, акын үчүн ошол убак гана сулуу бойдон калган. Анткени, ал кезде акындын сезиминде сүйүү жашап, табият да ошондой кооз, назик, сүйкүмдүү эле.

«С.Эралиевдин лирикасы сырга бай, ойго март, музыкага канык гана эмес, ашкере сүрөттөөчүлүк касиетке ээ. Акын карапайым сөздөр менен да, өтмө маанидеги сөз айкалыштары менен да таамай сүрөттөр тарта билет; көп учурда кыска эле ыр жолдору адамдын бир кызыктуу психологиялык абалын, коомдук турмуштун жана табият стихиясынын мүнөздүү көрүнүштөрүн, кыймыл-аракеттеги кубулуштарын, оңой кармалбас элестерин акылга туюмдуу, сезимге жугумдуу бере алат»(2) – деп С.Жигитов менен О.Соронов жазгандай, ыр дүйнөсүнүн улуу көчүн улап, поэзиянын кадырына жетип, «Ак Мөөр», «Кызгылт багымдат» ж.б. көптөгөн поэтикалык шедеврлерди жаратса да, мен деп көкүрөк какпаган, адамдык сапаты бийик, ички маданияты терең акылман акындарыбыздын

залкарлыгын далилдеген кырлардын бири, «адам жана табият» темасы экендиги талаш туудурбайт.

(1) Эралиев С.

(2) Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. Эки томдук, I том. – Ф.: 1987.

Жан дүйнөнүн түпкүрүнөн сызылып чыгып, тунук акылдын, терең сезимдин калчоосунан өткөрүлгөн жана ар бир окурмандын ышкысын козгоп, ой-туюмуна жеткен эсепсиз ыр саптарынын автору Сүйүнбай Эралиев бүгүн токсон жашты карытып отурганы менен анын калеминен жаралган чыгармалар карычудай, арычудай эмес. Бардыгын күч-кубатка эч ким, эч нерсе тең келбеген мезгил сынап, иргеп, калчап, тарых бетине жазып же өчүрүп койгон сыяктуу С.Эралиевдин поэзиясы анын катаал сыноосунан буйдалбай өтүп, бүткүл кыргыз журтунун жүрөгүнөн биротоло түнөк тапкандыгынын өзү менен ошол карыбас-арыбастыктын анык өзү десек аша чапкан болбойбуз.

## Лирикалык «мен» жана Ж. Садыковдун поэзиясы

Поэзиядагы акындын «мени» – шарттуу алганда өтө кыймылдуу да, туруктуу да категория. Кыймылдуу дегенбиз, бардык адамдар сыяктуу эле акындын да психологиясы көп катмарлуу, сезимтал, сырдуу, татаал мүнөзгө эгедер болуп, ички жана сырткы таасирлерден улам өзгөрүп, жаңыланып, кеңейип, тереңдеп жүрүп отурат. Анын көргөн-билгени, турмуштук тажрыйбасы, билими да тынымсыз өзгөрүү, толукталуу жолунда болот, ага жараша ар нерсеге мамилеси, көз карашы жана сезим-туюму да бир калыпта турбай, түр-түспөлүн өзгөртө берет. Анын ишеничине, көз карашына жана кулк-мүнөзүнө да коом, чөйрө тикелей таасир берип, трансформацияга, жаңылануусуга алып келиши ыктымал. Чыгармачыл инсан катары анын өзү да тынымсыз изденүү, таанып-билүү процессинде болот, ансыз чыгармачылыктын өзүн элестетүү мүмкүн эмес.

Туруктуу дегенибиз ошол эле ички-сырткы факторлордун таасирине карабай акындын кайсы бир кезде калыптанып калган, бирок токтоп, катып калбаган аң-сезими, көз карашы, ар нерсеге мамилеси же позициясы, карманган моралдык-ахлактык принциптери кайсы бир денгээлде баштапкы маңыз-формасын сактап калат да, ал түп тамырынан бери турпатын өзгөрткөн жаңы адам болуп чыгышы кыйын болот. Кандай болгон күндө да, бардык адамдар сыяктуу эле акын да мына ошол кыймылдуулук (же өзгөрмөлүүлүк) менен туруктуулуктун биримдигинен турат окшойт. Булар анын изденгич жана сезимтал жан экендигин жокко чыгарбай, кайра ошолордун өзү алардын жеке жан дүйнөсүнүн гана эмес, коомдогу бүтүндөй адам топторунун, ал түгүл бүтүндөй элдин көз карашын, сезим-туюмун жана мүнөзүн чагылдырган жарчы катары чыгуусуна шарт түзөт.

Бирок акын коомдогу адамдар тобунун же элдин өкүлү катары чыкканда, ошого дарамети жеткен күндө деле анын ар бир чыгармасында, өздүк дүйнө таанымы, жеке көз карашы, түшүнүгү, сезим-туюму чагылары күмөн туудурбайт. Ал эми алар канчалык денгээлде көркөм жана ынанымдуу берилери талантка, чеберчиликке барып такалат да, ошол акындын коомдогу калемгерлик кадыр-баркын таразалап коёт.

Көркөм чыгармачылыктын учкай сөз болгон ушул жагдайлары адабият үчүн түйүндүү жана орчун маселе катары өнүккөн элдердин адабият таануусунда илгертен эле изилденип, көп сандаган полемикалуу жана кызыктуу эмгектер жарык көрүп келген. Акындын жаратмандык кудурети кандай, анын өздүк «мени» чыгармаларында кантип, кандай формаларда көрүнөт, башка жагдайлар менен карым-катышы канчалык, ага эмнелер, кантип таасир берет деген өңдүү суроолор кимдин болбосун кызыкчылык туудурары бышык. Бирок кыргыз адабият таануусунда бул маселелер үстүртөн гана иликтенип, башка маселелердин тутумунда учкай гана сөзгө алынып келди. Чын-чынында, бул – көп кырлуу жана терең маселе. Поэзиядагы автордун «мени» узак сөз кылууга арзыйт. Ошондуктан анын чар тарабын тез эле териштирип салабыз деген ойдон алыс болуп, айрым бир байкоолорубузду ортого салуунун ыңгайы келип турат.

Кыргыз поэзиясындагы автордук «мендин», же лирикалык каармандын тарыхы менен тагдырына серeп салган адам кызыктуу да, кейиштүү да көрүнүштөргө туш болот, бүгүнкү акын менен өткөн кылымдын 20–30-жылдарынан бери, социализм доорунда чыгармачылык менен түйшүк тарткан акынды бириктирген жана ажыратып турган көмүскө жана ачык жагдайларды байкап, алардын эбеп-себебин түшүнүү аракетин көрөт.

Акын канчалык өз жан дүйнөсүн бапестеп, аны тышкы «бороон-чапкындан» коргоп, өзүнүн өздүгүн («быть самим собой») сактап калууга аракет кылып, далбас урганы менен коомдук чектөөлөрдөн, анын кысымынан чыгып кетүү да оңой эмес, көбүнчө мүмкүн эмес болуп калат. Муну социализм мезгилиндеги кыргыз поэзиясынын тагдыры кашкайта далилдеп турат.

Маселен, 20–30-жылдардагы кыргыз поэзиясынын субъектиси же лирикалык «мени» көбүнчө бардык нерсеге өздүк көз карашы, мамилеси бар инсан деп эсептеген индивид катарында эмес, өзүн караламан массадан, коомдук социалдык топтон ажыратып карай албаган абалында турат. Ал кездеги көп акындардын жеке инсандык жүзү, лирикалык «мени» өтө күңүрт, дээрлик жокко эсе. Ошон үчүн анын «мени» массадан бөлүнө албайт, «ал», «мен» деген учурда да ошол адамдар тобунун типтүү өкүлү катары гана көрүнөт. Чындыгында, лирикалык «Мен» ачык жерде, көз көрүнө жаткан «нерсе» эмес, акын өзү жөнүндө: тагдырын, кайгы-муңун, сүйүүсүн жазып койсо эле автордук «мени» ачыкка чыгып, өз жүзүнө, индивидуалдуулугуна ээ боло калбасы да бышык. Ал үчүн акындан чоң чеберчилик, талант, талыкпас эмгек, изденүү, өзгөчө, ашкере чынчылдык, окурмандан сыр жашырбоочулук, тазалык талап кылынат.

20–30-жылдардагы К.Тыныстанов, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, Ж.Бөкөнбаев, А.Осмоновдун лирикалык «мени» бирин-экин чыгармаларында гана жылт этип көрүнө калганы болбосо, көп учурларда акындык жүзү көрүнбөй, күңүрт бойдон калганы байкалат. Ал эми коомдук, саясий темалардагы ырларда автордун өз жүзү дээрлик жок десек да болот.

Ошол 20–30-жылдарда жарык көргөн эсепсиз поэтикалык чыгармалардагы лирикалык «мен» жүздөгөн, миңдеген тигил же бул топтогу адамдардын көз карашын, саясий, социалдык позициясын чагылдырган, жеке адамдык кайгы-касирети, нарк-насили ошол массанын көлөкөсүндө калган образ катары сыпатталат. Жекече тагдыр сүрөттөлгөн поэмаларда да ал ошол калың массанын жүзүн ачкан «өкүл» гана болуп саналат. Албетте, А.Токомбаев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, К.Маликов, Ж.Жамгырчиев, Ж.Бөкөнбаев, А.Осмонов, А.Токтомушев ж.б сындуу акындардын поэтикалык чыгармаларында автордун образы, анын лирикалык «мени» таптакыр жок деп айтууга болбосо да, ал лирикага жан киргизип, кыймылга келтирип, реалдуу адамдык эмоционалдык абалга жеткирүүдө али чабал экендиги анык. Алардын акындык «мени» жаркырап көрүнгөн ырлары калган поэтикалык чыгармаларына караганда аз, а түгүл өтө эле аз десек болот. Мунун бир себеби жеке адамдык кызыкчылыктан, жеке адамдык тагдырдан коомдук кызыкчылыкты, мамлекет тагдырын жогору койгон социалисттик идеологиянын түздөн-түз натыйжасы болуп эсептелет.

Бирок коомдук аң-сезим алгалап, жаш кыргыз акындары изденип, тажрыйба топтоп, чеберчилигин өстүргөн сайын алар өздүк аң-сезимин, жекелик сезим-туюмдарын ар кыл темадагы ырларга, поэмаларга сиңиришип, ыктуу жайгаштырып, сөздүн түз маанисинде мыкты чыгармаларды жаратып келишти. Бул процесс дагы эле 40-жылдардын орто ченинде поэзияга жаңы жол менен кайра келген А.Осмоновдон башталып, улуу, орто деп аталган муун өкүлдөрү тарабынан түшүмдүү улантылды. Бул маселе, албетте, алда канча кеңири, узак сөзгө татыктуу деп азырынча ушул үстүрт байкоолор менен чектеле туралы.

Таланты да, камылгасы да күчүү акын **А.Осмоновдун** 40-жылдардын экинчи жарымынан кийинки жазылган ырларында лирикалык «мени» кадимкидей орун-очок алып, жогорку көркөмдүк-эстетикалык касиетке ээ болуп калганын байкоо кыйын эмес. Акын ырларында түздөн-түз өз тагдырын, жан дүйнөсүнө бүлүк салган кайгы-муңун, туюм сезимдерин жазды, башка жагдайларды да акындык аң-сезим элегинен өткөрүп, өздүк дүйнөтааным, көз караш-позициясына салды. Анын ырлары жасалмасыз, табигый тагдырга ээ болду да, окурмандын жан дүйнөсүн козгоого жарамдуу болуп чыкты. Ошондуктан, «чоң акын болуш үчүн тагдыр күтүш керек» деген сөз бекеринен чыкпаса керек. Анткени, акын ошол жазып аткан нерсени, өз үнүн жон териси менен сезип-туюп, анан аны аң-сезиминен, жүрөгүнөн өткөрүп, андан соң кан-жанынан бүткөн перзентти пайда кылгандай кылып жаратканда гана окурман жүрөгүнөн түнөк таап, акындын эле карандай кайгы-кубанычы эмес окурмандын да кайгы-кубанычына

айланат. Себеби, акын жеке тагдырын жалпы адамдык деңгээлге көтөрө алды. Маселен, А.Осмоновдун бүгүнкү күндө ар бир кыргыз жатка билген («Жеңишбек» поэмасы) ыр саптары сезим түпкүрүнөн суурулуп чыгып, айтылган ой-санаанын чындыгы, шексиздиги, тууралыгы менен окурман жүрөгүнө жетип, өз ой-санаасындай кабылданат. Ошол эле учурда ал саптарда көлдүн жандуулугуна, сырдуулугуна, касиеттүүлүгүнө, туруктуулугуна ишенген акындын салабаттуу жана ойчул образы камтылган.

Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу сендей жолдош күткөн жокмун.

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир кыял мындай курдаш күткөн жокмун.(1)

Бул – «ырына бир мертебе калп айта албаган» акындын ыймандай сыры. Ушул эле ыр саптарында табият менен акындын ички абалы гармонияда туруп, акындын жеке тагдырындагы бук, ый, жалгыздык сыяктуу жанга баткан сыры ачылат. Ысык-Көл акын үчүн акыркы деми, курдашы, сырдашы экенине ишенич жаратат. Ушул сыңары акындын көл жөнүндө жазылган ар бир ырынан лирикалык «менин» табууга болот. Бирок Алыкул Осмонов ырларында муң-зарын, тагдырга таарынычын айтып эле отурбастан, ошол өзүнүн субъективдүү көз карашын объективдүү көз карашка, тактап айтканда, жалпы адамзаттык деңгээлге көтөрүп, бийик чеберчиликте чагылдырууга жетишет.

(1) Осмонов А. Чыгармалар жыйнагынын үч томдугу. – Фрунзе: Адабият, 1984. – 267-б.

«Кантсе да А.Осмоновго «өзүнүн түшүнүксүз философиясына чөмүлүп алып, өзүн, өзүнүн личностук, автордон башка эч кимге кереги жок керт баштын ой-санаасын жазат» дешип, насыя сын-доомат койгон кыргыз адабий окурмандары мында көркөм чыгармачылыктын бир улуу сыры катылуу экендигин тереңден сезип, билгенге шаасы келбегендик кылган. Алар, биринчиден, «көрүнгөн ыр жазгандар өз личностун чагылдыра албастыгын», экинчиден, «улуу акын өзү, өзүнүн «мени» тууралуу айтып жатып, бүткүл адамзат жөнүндө айта тургандыгын, анткени, анын натурасында адамзатка тиешелүү нерселердин бардыгы жашай тургандыгын, анын кийинкисин, жан дүйнөсүнөн өз жан дүйнөсүн көрөрүн таптакыр билишпеген. Башта кыргыз адабиятында личносту, өзүнүн «мени» ушунчалык ачыкка чыгып кеткен акынды эч ким көргөн эмес»(1), деп атактуу сынчы К.Даутов эң таамай белгилегендей, кыргыз поэзиясында лирикалык «мендин» биротоло поэтикалык аренада орун алышын А.Осмоновдун ысымы менен байланыштырып карасак, 50-жылдардан баштап көптөгөн акындар жаныча

изденүү жолуна түшүп, нагыз поэзиянын тилинде өздүк «менин» ар кыл ыңгайдан ачып берүүгө умтулушту. Бирок, бардыгы эле көздөгөн бийиктигине жете албай баягы тапталган схемага салынып, ошого жараша идеялык тарбиялык бүтүм чыгарылган чыгармалардын көп жазыла бериши поэзиянын алгалап өнүгүүсүнө кедергисин тийгизбей койгон жок. Буга бир чети саясат (коммунисттик) себепкер болсо, экинчиден, акын-жазуучулардын көрөңгөсүнүн боштугу, эгерде көрөңгөсү болсо да, жан алакетке түшүп, изденүүгө чыдамы жетпегендиги себеп болду. Көнүмүшкө салып чыгарма жазып, китеп чыгара берүү (гонарар үчүн деле) көбүнө жеңил көрүндү, жандарын кыйнагысы, баштарын ооруткусу келбеди. Ал чектен чыгуунун жолдорун, каражаттарын издегендер гана чыныгы ийгиликке жетишип, адабиятты алга сүрөштү. Чыныгы поэзия, акындык жөнүндө орустун таланттуу акыны жана изилдөөчүсү В.Брюсовдун мындай гениалдуу сөзү бар: «Кто не родился поэтом, тот им никогда не станет, сколько бы к тому не стремился, сколько бы труда на то ни потратил. Каждый, или почти каждый, за редкими исключениями, может, если приложить достоточно стараний, научится стихотворству и достигнут того, что будет писать вполне гладкие и «красивые», «звучные» стихи. Но такие стихи не всегда поэзия».(2) Ал эми сынчы жана публицист К.Укаев: «Поэзия өтө татаал. Ал скрипкадай назик, комуздай чебер. Эмне үчүн андай? Анткени, поэзияда бардык акындар үчүн чаап коюлган бир «кеп жыгач» (калып) жок. Демек, акындарды даярдоочу мектеп жок. Поэзия жаратуу, Брюсовдун сөзү менен айтканда кудай берген талант менен бирге акын болуп төрөлүү, ал талантты тынымсыз эмгектин натыйжасында асырап алуу».(3)

(1) Даутов К. Мезгил сыны жана Мен: Тандалмалар. – Бишкек, 2004. – 19-20-б.

(2) Брюсов В. Ренмесло поэта. – Москва: Современник, 1981. – С. 43.

(3) Укаев К. Ыр нөшөрү. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 89-б.

60–70-жылдары кыргыз адабиятына мына ошондой даярдыгы бар, таланттуу акындардын жоон тобу келип кошулду. Өзүнө чейинки адабий көркөм табылгаларды терең өздөштүргөн, ар биринин лирикалык «мени» даана көрүнгөн Б.Сарногоев, О.Султанов, Т.Кожомбердиев, Ж.Мамытов, С.Эралиев, С.Жусуев, Р.Рыскулов, Т.Муканов, Э.Турсунов, С.Акматбекова ж.б. сыяктуу акындар бул тармакка жаңыча дем-шык берип, жаңы деңгээлге көтөрүшүп, ар бири өз-өзүнчө поэзия дүйнөсүн жарата алышты. Натыйжада, кыргыз поэзиясы формалык, жанрдык-стилдик көп түрдүүлүккө ээ болуп, акындардын поэтикалык ой жүгүртүү, образ түзүү, ар кыл сезим-туюмдарды кылдат берүү жаатында изденүүлөрүнүн мүнөзү, алардын башын бириктирген жана жекеликке эгедер кылган сапат-белгилер таасын көрүндү.

«Тема творчества, тайны творческого духа и личности художника, проблемы психологии творчества после долгого перерыва вновь стали предметом повышенного внимания современных писателей: как известно, личность автора, его сознание-тот аспект психологии творчества, который

ведет к успеху или не успеху и не поддается моделированию»(1) – деп казак окумуштуусу Н.К.Сарсакеева жазгандай, бүгүнкү күндө акын-жазуучулардын чыгармачылыгы жөнүндө сөз кылганда биринчиден, көркөм чыгармачылыкты автордук аң-сезимдин бир компоненти деп эсептеп, алардын көркөм ойлоо, автордук дүйнөтаануу, турмуштук чындыкты кармай билүү интуициясы, фантазиясы, аларды образга айландыра билүү чеберчилиги сыяктуу маселелер менен эриш-аркак карашыбыз керек. Бирок, бардык эле акындардын лирикалык «мени» анын поэзиясынан жарк эте көрүнө калбайт. Жеке тагдырды жазууда да кылдат мамиле кылуу зарыл. Себеби, поэзия жеке тагдыры бар лирикалык «менди» жалпы окурмандын «менине» айландыра алганда гана натыйжалуу, таасирдүү, жугумдуу болот.

(1) Сарсакеев Н.К. Проблема творчество как компонент авторского сознания. В книге: Теоретические и методолгическое проблемы современного оитератураведения и фольклористики. – Алматы, 2007. – С. 26.

Чыныгы акындык жүзү, акындык тагдыры, таланты таасын көрүнгөн акындар гана өздүк «менин» жалпынын энчисине айландыра алат. Мына ошондой акындарыбыздын бири – Кыргыз эл акыны Ж.Садыков. Акындын поэзиясы канча изилденип, далай мактоо сөздөр айтылып келе жатса да, анын лирикалык «мени» ачыкталбай, иликтөөнү талап кылып турат. Ушундан улам акындын көзү тирүү кезинде жарык көргөн «Кеч күздөгү мөмөлөр» аттуу акыркы жыйнагындагы лирикалык «мендин» кээ бир ньюанстары, көрүнүштөрү жөнүндө азыноолак сөз кылуу ыңгайы келип турат. Себеби, дал ушул жыйнактагы чыгармаларынын көбүндө автор өзүн каарман катары алдыңкы планга коюптур. Китеп кыргыз элинин эртеңи, келечеги сыяктуу глобалдуу маселелер менен катар, турмуштун ар кыл тарабын өзүнүн аң-сезиминен өткөрүп, окурман менен чын ыкыластан сыр бөлүшкөн чыгармалардан турат. Бул китептин аталышынан эле автордук «мен» көрүнөт. Бир кезде акын «Кеч күздө» деген ырында «кеч күзгө окшоп, Ата Журтка мөмө бериш» керек деген ойду айтса, ал эми бул жыйнакта 70 жаштан ашып, өмүрүнүн кеч күзүндөгү мөмөлөрүн окурмандарга ойлуу жана жайбаракат баян этет.

Өмүрдө жаз деген бар, жай бар, күз бар,
Кеч күздө кайта баштайт келгин куштар.
Артына алмаз кылыч колуна алып,
Кыш келет… чарт жарылып тоңгон муздар.(1)

Кеч күз акындын аң-сезиминде өмүрдүн аяк жагы, бул мезгил ар бир адам турмушуна сары эсеп салып, өткөн өмүргө баа берчү убак сыяктуу. Акын күздүн жаңы келгенин, мөмөлөрү бышып, ак төөнүн карды жарылган мезгилди эмес, нагыз кеч күздү – кышка жакындап калган мезгилди каймана мааниге оодарып, алдыда карылык, жаркыраган жайдары күндөргө караганда, бардыгына жоопкерчиликтүү кароочу, бороону көбүрөөк күндөрдүн келе жатканын кулак кагыш кылып жатат. Ал өзү мындан аркы

жашоосуна кудай өзү гана шерик болушун тилеп биринчи эле беттеги «Ишенем» деген ырында:

Адаммын азыр жетимиш жаштан ары ашкан,
Азгырып шайтан, бараткан жолдон адашсам:
«Аа кокуй, бул да алсыз тура» дедирбей,
Колдой көр арбак, колдой көр мени Жараткан!(2) –

деген оюн ортого салат.

(1) Садыков Ж. Кеч күздөгү мөмөлөр: ырлар жана поэмалар. – Бишкек, 2007. – 14-б.
(2) Жогорудагы китеп. – 5-б.

Дал ушул ырдан баштап эле акын жашоого, доско, жатка, өзгө, бардык турмуш кырларына өздүк позициясын билдирет. Акын өмүрүнүн кеч күзүндө туруп, жашоодогу кетирген кемчиликтерин, пендечилигин, кубанычын, кайгысын, сүйүүсүн, өкүнүчүн окурман менен тең бөлүшөт. Анын ырлары темаларындай жөнөкөй, жалган акылмандык, кооз фразалар жок. Анын турмуштун өзүндөй жөнөкөй жана табигый поэзиясында акындын өз турмушундай эле сыртынан жөнөкөй жана табыгый, ичинен ой-санаага, түйшүккө баткан, тынчы жок, жасалмасы жок образы көз алдыга тартылат. Анткени, ал турмушта жөнөкөй көрүнгөн нерседен татаалдыкты көрө билет да, аны кадыресе жеткиликтүү тил менен көркөм сөз тизмектери аркылуу окурман сабак алчу деңгээлге жеткире алат. «Акын болгуча тагдыр күт» дегендей, акын жаш кезинен оор тагдырды башынан өткөрдү, жашоосу да бир кылка камсыз, жайбаракат болбоду.

«Аны кошпо, ал контурдун тукуму» –
Деген сөздү уга берип утуру.
Жүрөк зилдеп, ар нерседен кемсинтип,
Азап эле жаштыгымдын учуру.(1)

Акын кичине кезинде атасы «контур» деп айдалганы аз келгенсип, бактылуу балалык чагын өткөрөөр мезгилинде согуш чыгып, балалыктан бат эле кол жууп, чоң турмушка өттү. Турмуш оорчулугун бүт мойнуна алган апасынын жүгүн жеңилдетүү үчүн кара жумушка эрте аралашып, тиричиликтин ак-карасын эрте тааныды, тирүү жетимдиктин түйшүгүн көрүп жүрүп университетти да кеч бүтүрдү. Ушундай турмуш чындыгы анын ырларына суудай сиңип, таштай бекиди.

«Чынында», акындын ырларын окуп отурганда анын кубанычын, кайгысын, өкүнүчүн ошол ырлардан байкайбыз. Анын өзү жөнүндө, ырлары жөнүндө окурмандарга ачык айтып бергиси, окурман менен ырлары аркылуу сүйлөшкүсү, маектешкиси, сырдашкысы келгендигин байкайбыз. Ошондой ырлар аркылуу акындын кулк-мүнөзүн, ойлогон ойлорун, максат-тилектерин, каалоолорунан да билинерин баамдадык»(2) – деп Кыргыз эл баатыры С.Жусуев туура баамдагандай акын окурманынан сыр жашырбайт. «Өз жанымдын жамандыгын көрө алам» деген улуу акын А.Осмонов сыяктуу Ж. Садыков да өзүн нарыдан туруп карап, өзүнө-өзү баа берип, кээде кылган

ишинен уялып, ошол кетирген кемчилигинен бардык адамдар сыяктуу эле сабак алып, аны жойгонго аракет кылат, өзүн өзү жемелейт.

(1) Садыков Ж. Кеч күздөгү мөмөлөр: ырлар жана поэмалар. – Бишкек, 2007. – 21-б.

(2) Жусуев С. Сыймыктуу, унутулгус өмүр. Китепте: Жүрөктө акын элеси. – Бишкек, 2012. – 21-б.

Адаттай, эл катарында бардык элдин,
Турдум да ишке кеттим, иштен келдим.
Келген соң тоо томкоруп салган өңдүү,
Кыйшайып көк диванда жата бердим.

Андан соң телефонго басып бардым,
Чалдым да айрымдардын тынчын алдым.
Бабырап болбос ишке мээсин эзген,
Деги мен кандай киши, кандай жанмын!

Не бүтүп, нени иштедим таңдан кечке?
Санасам эч нерсем жок калаар эсте.
Бош кеткен күнгө уялып календардын
Барагын, колум барбайт, айрам дешке.(1)

Ал эми досторуна арнап жазган кээ бир ырларында да акындын лирикалык «мени» даана көрүнөт. Көрсө, акын жаш кезинде элдин көбүн досум деп, дилин берип, төрүнө жаткырып жүрсө, алардын бир тобунун «көөдөнүнө кайнар сорпо төгүлүп», арам ойлуу душман экенин кеч билип жатат. Ошондо да акын алардан күнөө издебейт, өзүн-өзү соттоп, өзүн-өзү жемелейт:

Адегенде күнөөлөбөй бирөөнү,
Мен өзүмдөн издейм дайым күнөөнү.
Анан барып, минтпес эле деп ойлойм,
Ким-киминин таза болсо жүрөгү.(2)

Акынга ичи тарлык, көралбастык сыяктуу сапаттар жат. Ал өзүнүн жаман жагын жашырбай эле айта алат. Атак-данкка жетүү деле негизги максаты эмес, анын негизги максаты абийир алдында өзүн таза тутуу, көп күндү өлүү күнгө айландырбай маңыздуу жашоо. Акындын өкүнгөнү «жарма достор» менен ичип, кур өткөргөн күндөрү. Мындай кашкайган чындыкты айтып, күнөөсүн мойнуна алып, чын дилден ой бөлүшүүгө көп акындар батынбайт. Акын өзүн башкалардан акылдуу сезип же аксынып отурбайт, болгонун болгондой айтат. Ырларындагы ушундай чынчылдык аны окурманга сырдаш кылып, таасирдүүлүгүн, жугумдуулугун арттырып турат.

(1) Жусуев С. Сыймыктуу, унутулгус өмүр. Китепте: Жүрөктө акын элеси. – Бишкек, 2012. – 78-б.

(2) Жогорудагы китеп. – 45-б.

Акын «Өмүр белеси» деген ырында 70 жаштын ашуусун ашып калган кездеги өткөн өмүрүнө сереп салат:

Карабай күндүн чыгып, батышына,
Карабай жылдар өтүп жатышына.
Чапкылап жүрө берип, бир өкүндүм,
Өмүрдүн чыккан кезде ашуусуна.

Арт жакка көз чаптырсам улам-улам,
Калыптыр тээ алыста гүлдүү тулаң.
Тааныдым гүл ичинен мен өзүмдү,
Татына кыз колунан кармап турган…

«Бурр» этип каңылжаарга чөптүн бүрү,
Угулат булак үнү, кыздын үнү…
Анан мен көздү жумуп элестеттим,
Айта албайм не болгону ошол түнү…

Көздү ачсам кайым болду анын бары,
Белесте гүлдөр куурап, чөптөр сары…
Асманда булут көчүп, кар себелейт,
Ашуунун ызгаар окшойт ары жагы...(1)

Акын да бардык пенделердей эле жаш мезгилде өмүрүнүн көбүн текке кетиргенин мойнуна алат, аны өмүрдүн ашуусуна келгенде кеч сезип, көзүн жуумп артка кылчайса, бактылуу, жыргалдуу бир көз ирмемдер гана эске түшөт, «гүлдүү тулаң, анан татына кыз, кыздын жумшак үнү, эстен кеткис түн» гана сезимди кытыгылап, эңсетип турат. Азыр анын бири жок, баягы гүлдүү тулаңдын чөбү эчак саргарып, куураган, асманда булут көчүп, кар себелейт. Ошентип, ашууга чыккан акын анын нары жагында ызгаар болуп, борошо уруп турганын жан туюмунда сезип, андан аркы өмүрүнө сукганыч жоктугун билип турат. Бул ырда мезгил туюму сезим туюмуна өтүп, психологиялык контраст жаратып турат.

(1) Жусуев С. Сыймыктуу, унутулгус өмүр. Китепте: Жүрөктө акын элеси. – Бишкек, 2012. – 26–27-б.

Эч жасалмасы жок айтылган сөз акындын сезими менен жуурулушуп, кадыресе эстетикалык күчкө ээ болот. Ал эми акындын өмүрүндө өлбөс болуп жүрөгүндө калган гүлдүү тулаң, татына кыздын шыңгыр үнү, түбөлүккө акындын жүрөгүндө калган түн качан, кандай болду деген суроого жоопту «Бир элес» деген ырынан табабыз. Жаш кездин өтүп кеткендигин, ага болгон сагыныч, кусалыктын жан дүйнөсүндө уялап, тымызын жатканын ырга салып, өткөн бир элести эстегенде жүрөгү жараланып, ал күндөрдүн кайра кайрылып келбесине өкүнгөнүн акын подтекст аркылуу берет. Бул ырдан акындын нагыз сүрөткерлик касиети даана көрүнөт. Себеби, ал сүйүүгө мас эки жаштын дүйнөсү түгөл мезгилин кадимки художник кисти

менен тарткандай сүрөттөйт. Эгер художник алардын жансыз сүрөтүн эле тартса, акын ал сүрөткө жан киргизип, алардын психологиялык абалын окурман кошо жашап жаткандай элестүү, образдуу сүрөттөйт. Ыр өтө жылуу маанай тартуулап, сүймөнчүлүк менен окулат. Анткени, автор башка бирөөнүн сүйүүсүн баяндабайт же аны куру кыялынан эле чыгара калбайт. Акындын өз башынан кечирген унутулгус учуру лирикалык «мен» аркылуу окурмандын көз алдынан өтүп, анын өздүк «тарыхындай» деңгээлге жеткирилет. Аны туура элестетиш үчүн толук окуп көрөлү:

Жаз жамгыры тереземе чаба жаап,
Агып жатты айнегимден салаалап.
Бул көрүнүш эске салып жаш жакты,
Бара жатты жүрөгүмдү жаралап…

Эске түшсө азыр турам апкаарып,
Биз экөөбүз катуу жаанга капталып.
Кийген көйнөк сенин аппак этиңе,
Желим өңдүү бара жатты чапталып…

Тийген сайын жааган жаанга чыланып,
Ошол көйнөк бойго катуу кыналып.
Чебер устат мраморду чеккендей,
Сени койду бир көркүңө чыгарып.

Көйнөк тиреп көкүрөктө кош алмаң,
Көз көрүнөө сүрөт болдуң жасалган…
Мен өмүрдө мындай сүрөт көрбөгөм,
Сени көрүп жүрсөм дагы качандан…

Ким да болсо бир караса берилээр,
Сенче болбос жомоктогу перилер!
Бул ааламда бир да сулуу жок дедим,
Бүт тулкусу көзгө сүйкүм көрүнөөр.

Бир заматта демге тарап от жалын,
Кан дүркүрөп сени карай ыктадым.
Анан барып өзүм билбей калыпмын,
Кантип сени кучагыма кысканым…

Жамгыр суусу чачтан ылдый тамчылап,
Сен уялдың… болоор болбос калтырап…
А мен болсо от кучактап боорума,
Эстен тана бара жаттым алсырап…

От кучактап… ошондогу бир элес,

Качан болсо көз алдыма тартылат…(1)

Бирок, эң өкүнүчтүүсү бул бакыт көпкө узаган жок. Акынга түбөлүк күч-кубат берген улуу күч, махабат окурман күткөндөй эмес, такыр башка нукка бурулду. Көрсө, акын эт-бетинен кетип сүйгөн, жанын жанга арнап жүргөн адамынын өмүрлүк түгөйү бар экен. Акын аны кеч билсе да, ал тоскоолдук боло албады. Ал ошол учурда баарына кайыл эле, бир гана эңсегени сүйгөнүнүн жанында болуу эле, дүйнө аны менен гана түгөл болчу. Мына ушул жерден акындын лирикалык «мени» толук өз турпатында, табыгый абалында көз алдыбызга келет. Көрсө, акын көрүнгөн сулууну сүйө бербейт экен, ал турмушунда «бир элес» калтырган, түбөлүккө жүрөккө от чачып кеткен сүйүүсүн гана жашоонун кандай кырдаалы болсо да унутта калтырбайт. Ал махабат акындын жаш дүйнөсүнүн түгөнбөс, күч-кубат берчү гүл азыгы экен. Убакыт өткөн сайын анын деми өчпөй жүрөгүндө сакталып, кийинки жашоосун коштоп жүрөт. Акындын мүнөзүндөгү туруктуулукту, асылдыкты, назиктикти «Кечиргин, кечир, жаным…» деген ырынан да байкоого болот. Ошондогу «бир элес», жанга жагымдуу үн, аппак билек акындын эсинен кетпей, бир кезде сүйгөнүнүн карегин тиктеп, уурутунан өөп, анын жибектей колдору мойнуна артылып, анын жанга жагым «жаным» деген сөзүн такыр унутпайт.

Биз көрдүк кыштын каарын, жаздын жаанын…
Биз көрдүк чын сүйүүнүн аткан таңын!
Андан соң ажырашаар кездер келди,
Андан соң… айтуу кыйын аркы жагын…
Кечиргиң, кечир жаным,
Кечир баарын?(2)

(1) Жусуев С. Сыймыктуу, унутулгус өмүр. Китепте: Жүрөктө акын элеси. – Бишкек, 2012. – 40-41-б.

(2) Жогорудагы китеп. – 70-б.

Баары бүттү, өттү, кетти. Өкүнүч, арман, өмүрү унутулбас аруу сезим гана калды. Сүйүү – өкүнүч менен аяктаган тагдырдын өзү да адамдардын баарына эмес, сейрек адамдарга гана туш келүүчү бакыт. Мындай сезимди таза сактап калуу, ага бийик адамгерчилик, терең урмат менен мамиле кылуу да ар бир адамдын колунан келе бербейт. Лирикалык «мендин» ушул касиети, ырдын табигыйлуулугу окурмандын жүрөгүн жылытып, өзүнө тартып турат. Акын сүйгөн адамынын турмушун бузууга дити барбай, аны да түйшүккө салганына кабатыр болуп, кечирим сурап коштошконуна далай жыл өтсө да, анын элеси жүрөгүндө таза сакталып, өмүрүнүн кайталангыс бакыты сыңары кубат, кайрат, күч берип, жыргал сезимге ороп, аны дайыма алдыга сүрөйт. Аны «Билип кой» деген ырында мындайча берет:

Ойлоп көрсөм бир топ жашка жетипмин,
Мен кечиктим,
Сен да менден кечиктиң…
Анткен менен ошол жаштык жылдарда,

Жүрөгүмө от ыргытып кетипсиң…

Унуткандыр деп ойлобо жыргалым,
Ошол оттон дайым күйөт бир жалын!
Ошол жалын,
өмүр бою билип кой,
сен деп күйүп…
Сен деп өчө турганын!(1)

Ырды окуганда алгачкы куплеттердеги жаштык күндөрдөгү сүйүү, жаш кездеги махабаттын ысык илеби акын менен бирге окурмандын да жүрөгүн жылытып, эзилишкен эки жаштын дүйнөсү түгөл мезгилиндеги жандуу элестери сезимге дүрт эттирип от жагып, акындын жеке сезимдери окурмандын жүрөгүнөн түнөк табат.

(1) Жусуев С. Сыймыктуу, унутулгус өмүр. Китепте: Жүрөктө акын элеси. – Бишкек, 2012. – 71-б.

Лирикалык «мендин» мүнөзүндөгү адамгерчилик, туруктуулук, асылдуулук жеке эле аялзатын эмес, Ата-Мекенге, эли-жерине, тоо-ташына, жада калса ар бир талына чейин чексиз сүйүп мамиле кылгандыгынан да көрүнөт. Акын бул жашоодо байлык, бийлик үчүн эмес, табийгаттан, сүйүүдөн ырахат алып, келечек муун өстүрүп, ага таалим берип, маңыздуу жашап өтүүнү көздөйт. Ал кандай гана темага кайрылбасын, маңыздуу, ак ниет жашоого чакырык таштайт. Бул ыңгайдагы акындын лирикалык «мени» «Шүгүрчүлүк» деген ырынан айкын көрүнөт:

Аз эмес бул өмүрдө көпкө жеттим…
Чегине жеткен ким бар жетээр чектин?
Көз артсаң бирөөлөрдүн байлыгына,
Алгын деп ал байлыгын бербейт эч ким.

Дүйнөдө бар да жалган, жок да жалган…
Адаммын, бар-жогуна көнүп калган.
Алган жар, бала-чакам аман болсо,
Башканын бардыгына кылбайм арман.

Кудайым сабырсыздын басып демин,
Кырсыктан сактап турса кыргыз жерин.
Жашоодо андан ашкан бакыт барбы?
Байлыгым, кубанычым ошол менин!(1)

Демек, акын үчүн эң негизги бакыт – элинин кырсыктан тышкары болуп өмүр сүрүшү. Ал Мекенин чексиз, жасалмасыз сүйөт. Кандай күн башка түшпөсүн Мекенинин, элинин кыйынчылыгын, мүшкүлүн жүрөгү менен кабыл алып, бардыгына даяр турушу «Эске алуучу бир сөз бар», «Коркунучтуу бир суроо», «Түз сөздү түз айтуучу учур келди», «Ойлонгула», «Элиме», «Туура сөз»ж.б. ырларынан көрүнөт. Жогоруда эскертилгендей,

акындын лирикасынын эң негизги мотиви маңыздуу жашоо, адам болуу. Бирок, акын элге кызмат кылуу, Мекенди чексиз сүйүү сыяктуу идеяларды куру насаат айтып же кылган иштерине мактанып, жалган нерселерди сүрөттөө менен эмес, башынан өткөргөн турмуштук фактылар менен айгинелеп, өзүнүн адамдык жүзүн жана акындык позициясын тастыктайт.

Айрымдардын ачылганда арааны,
Айдан ачык Бөрү болуп калаары.
Айрымдардын ашынганда амалы,
Айдан ачык Түлкү болуп калаары.
Кой, кой уулум, анткенибиз жарабайт,
Адал бойдон, Адам бойдон калалы!(2)

Бул – лирикалык «мендин» жашоодогу девизи. Кандай күн башка түшсө да, ал адамгерчиликтикти, тазалыкты жогору коет, эмнени жазбасын анын индивидуалдуу дүйнөтаанымы, ар нерсеге өздүк мамилеси ачык көрүнөт.

(1) Жусуев С. Сыймыктуу, унутулгус өмүр. Китепте: Жүрөктө акын элеси. – Бишкек, 2012. – 13-б.

(2) Жогорудагы китеп. – 48-б.

Булардын баары толук калыптанып бүткөн, жашоо-турмуштун ак-карасын ажырата билип, алардын ар биринен сабак алчу жактарын ажырата алган жаратмандык сапаты жогору сүрөткердин жеке «менин» көз алдыбызга тартып, алардын баарын окурмандын «менине» айлантып жиберет. Мындай сапат нукура таланттуу акындарга гана тиешелүү.

Ошентип, бул чакан макалада Ж.Садыковдун поэзиясындагы лирикалык «мендин» көрүнүшүнүн кээ бир учурлары жөнүндө гана сөз кылдык. Акындын поэзиясындагы бул маселени тереңирээк, системалуу түрдө изилдөө үчүн анын алгачкы чыгармачылык мезгилинен көзү өткөнгө чейинки чыгармачылыгын туташ иликтөө зарыл.

## Э.ЭРМАТОВДУН ПОЭЗИЯСЫ: ИЗДЕНҮҮЛӨР ЖАНА ТАБЫЛГАЛАР

Ар кандай муундун өз таланты болот. Алар өздөрүнө чейинки адабий-көркөм табылгаларды терең өздөштүрүү менен жаңы багытка карай бет алып, өздүк стилин табуу аракетинде болоору бышык. Өзгөчө 60–80-жылдары кыргыз маданияты, искусствосу жана адабияты өнүгүүнүн апогейине жетип, кыргыз поэзиясына профессионалдык жактан даярдыгы мыкты, таланттуу акындардын жоон тобу келип кошулган. Алар: М.Абылкасымова, Ж.Абдыкалыков, Т.Кожомбердиев, О.Султанов, Э.Ибраев, Ж.Алыбаев, Т.Байзаков, Ж.Мамытов, С.Акматбекова, Т.Самудинов, А.Өмүрканов, А.Жакшылыков, А.Рыскулов, Э.Эрматов, Н.Жаркынбаев ж.б. болду. Анын натыйжасында кыргыз поэзиясы формалык, жанрдык-стилдик көп түрдүүлүккө ээ болуп, акындарыбыз поэтикалык ой жүгүртүү, образ түзүү, ар кыл сезим-туюмдарды кылдат берүү жаатында изденүүлөрүнүн мүнөзү, алардын башын бириктирген жана жекеликке эгедер кылган сапат-белгилер таасын көрүндү.

Мына ошол 70-жылдардын экинчи жарымында адабий майданга келип кошулган Э.Эрматовдун чыгармачылыгы жөнүндө сөз кылганда аны ошол кезден тартып, бүгүнкү күнгө чейинки кыргыз професионалдык поэзиянын фонунда кароо зарылдыгы туулат. Акындын 70–80-жылдардагы чыгармачылыгы өз замандаш-калемдештериндей эле тынымсыз изденүүдө болгондугу, ал дагы бир калыпта эместиги ачык көрүнөт. Өзгөчө акын алгачкы ырларынан баштап эле адам дүйнөсүнө үңүлүп, анын психологиялык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө сүңгүп кирүү аракетинде болду. Себеби, акын адабият майданына келип кошулган мезгилде кыргыз адабияты Союздук жана дүйнөлүк аренага жол салган мезгил эле. Ал гана эмес кыргыз адабияты, анын ичинде поэзияда болуп көрбөгөндөй «жаңылыктар» жаралып, тематикалык-мазмундук жактан да, формалык жактан да өзгөчө өң-түскө ээ боло баштаган. Муну ал кездеги жаш акын Э.Эрматов эске албай коймок эмес. Андан бери далай суулар агып, акындын «Ак дил», «Шаар жана тоолук», «Туяктын ыры», «Өмүр издери», «Саймалуу таш», «Махабат», «Исфайрам авазы», «Заман кайрык» жыйнактары, 7 томдук китеби жарык көрүп, тынымсыз изденүүнүн өзүнчө бир жеке этабы аягына чыккандай болду. Дүйнөлүк адабият, өзгөчө чыгыштын Низами, Яссави сыяктуу акындардын чыгармаларын которуп, жакындан тааныш болгон Э.Эрматов кандай гана темага кайрылбасын, башкача манерада жазып оригиналдуу ой айтууга, мазмундук жана формалык жактан Эрматовдук гана мүнөзгө эгедер стилдик өзгөчөлүктү табууга, өзүнөн мурдакыларды кайталап калбоого болгон аракети таасын байкалды. Бирок, эч кимге окшобой, поэзиядан орун таба коюу оңой жол эместигин, чыныгы поэзиянын касиетин ичкертен аңдап-билип, түйшүгүн тарткан акын гана түшүнөт эмеспи. «В

поэзии слово – всё, в прозе (художественной) слово – только средство… Оживленное слово – вот результат творчества поэта: оживить слово – вот его задача», – деп В.Брюсов жазгандай, акын сөз менен гана иштеп, ага баш ийет. Эгер акын ырдын тулку боюна кан жүгүртүп, сөзгө жан киргизе албаса, ал өлүк сөздөрдүн топтому гана болуп калаары да чын. Кандай гана сөздү колдонбосун аларга жан киргизип, окурмандын кан-жанына сиңирген биздин Алыкул, Байдылда, Мидин, Райкан сыяктуу акындарыбыздын ыр саптары элдик болуп кетпедиби. Ошондуктан, акын мезгилдин карама-каршылыктарын туура түшүнүп, түпкүлүгүндө адам дүйнөсүнүн татаал психологиясын ачууга басым жасайт. Акындын ырларын жеңил-желпи окуй койгонго болбойт. Себеби, ал өз ырларында жалындаган эмоцияга же уйкаштыкка эле басым жасап, ыр жаза калууну көздөбөйт, тескерисинче ырларынын мазмунунун терең болушуна басым жасап, рухий интеллектуалдык чыңалуунун негизинде жаратат. Мындай изденүү кээде жакшы натыйжа берсе, кээде жалыны жок, карандай акылга салынган, жаны жок ырлар да жазылып калат. Ал эми анын чаалыкпаган изденүүсүнүн туундусу болгон ырларын түшүнүү үчүн интеллектуалдык даярдык, адабий билим керек. Анын ырлары бир караганда жөнөкөй саптар гана сыяктуу көрүнгөнү менен анда адам дүйнөсүнүн татаалдыгы, карама-каршылыгы мол турмуш катмары жаткандай таасир калтырат. Э.Эрматов ырларынын көбүндө белгилүү бир бүтүм чыгарып, жыйынтыктуу сөз айтпайт, көбү окурмандын өз талдоосунда, өз жыйынтыгында калат да, окурманды олуттуу ойлонууга түртөт. Маселен, акындын биз жогоруда белгилеген өзгөчөлүктөрүн толук элестетиш үчүн «Шамал» деген ырын окуп көрөлү:

Тоолорум безди мени,
Сүйгөн элем назик, ысык
Аялдай, наристедей, эне-атадай
Кан-Теңирден куладым ылдый көздөй,
Телибай тентек тоскон кызыл таштай.
Бу не деген чыккынчылык,
Бийикке мына-мына учаарымда,
Түртүп ийген?
Зымырап бара жатам
Караңгы тор капчыгайга,
Өмүр бою эңсеген күн калды кайда?
Бүркүттөр шаңшыйт калкып,
Орунуң бул жерде деп
Катарына чакырышып.
Жан дүйнөм толду күчтүү
Сезимге жанар тоодой атылуучу.
Икардай канат бүтүп
кокустан сезди жүрөк
калкылдап жай учууну
Бар күчтү жыйнадым да,

бийикке жебе болуп атып чыктым.
Төмөндө чекит сымал калды кастык
Мен сүйгөн ак чач мобу тоолорунда,
Айткыла, кайда кара көралбастык!..(1)

Бул ырдын мазмунун түшүнүш үчүн кунт коюп окуп чыгуу гана керек. Анткени, ырдын сабынан жулуп, үзүп цитата келтирүү мүмкүн эмес. Анткенде ырдын логикалык биримдиги, ырдагы «мендин» психологиялык маанайы, терең лиризм, акындын турмуштук көрүнүштөргө болгон ой-толгоолору толук ачылбай калат. Мындай ырларды чечмелөөгө караганда кунт коюп, жан дүйнөгө сиңирип окуш гана керек болот.

(1) Эрматов Э.

Ыр чыныгы поэзияга мүнөздүү өзгөчөлүктөр катары конкреттүүлүк, предметтүүлүк, образдуулук сыяктуу касиетке ээ болуш керек деп келебиз. Ал эми Э.Эрматовдун ырларында абстрактуу нерселер конкреттүү нерсеге айланып, аны жаңы көркөм сөз каражаттары аркылуу өзгөчө өң-түскө ээ болуп калат. Муну чыныгы поэзияга мүнөздүү сапаттардын бири десек аша чапкандык болбойт. Романтикалык-психологиялык маанайда, жаңы көркөм каражаттарды жыш колдонгон мыкты ырлар Э.Эрматовдо аз эмес. Анын «Исфайрам» аттуу ыр түрмөгү да акындын жан-дүйнөсүнөн сызылып чыккан, турмуштук көрүнүштөрдү поэтикалык сезим-туюм чындыгына айланткан чыгармаларга кирет.

Туулуп-өскөн жерге аягым тийди бүгүн.
Дарактар балалыктын, ырындай жашыл, таза.
Дайранын каткырыгы, капырай, баягыдай!
Өрөөндө өрүкзарлуу өрөпкүп чуркайт дайра.
Бир учу таңга уланып, бир учу кеткен кайда?
Көк аалам коңгуролуу дайрага үнүн берет.
Узатат алым жакка, шуудурап мырза терек.(1)

Акындын «Исфайрам», «Саймалуу таш», «Ашуулар», «Махабат саптары», «Алыстагы жана мендеги балалык» аттуу ыр түрмөктөрүнөн акындын нагыз чыгармачылык жүзүн, кең дүйнөтаанымын даана байкоого болот. Бул ыр түрмөктөрүндө акын адам, анын жашоодогу орду, руханий жан дүйнө, жашоо, өмүр, акындык ыйык милдет, ата журт, айыл, шаар, сүйүү сыяктуу темаларды кеңири ачып берет. Мындай өзгөчөлүк бүгүнкү күндөгү кыргыз поэзиясында анча көп байкалбайт, демек муну акындын изденүүсүнөн келип чыккан табылга катары бааласак болот.

(1) Эрматов Э Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы. – Б., 2011.

Ошондой эле акындын диалогдук, монологдук формада жазылган ырлары кай бирде поэтикалык масштабтуулукту кеңейтсе, кээ бирде мындай формалык изденүү ойдогудай жемишин бербей калган учурлар да кездешет.

Дүйнөнү рухий жактан таанып-билип, кандай гана нерсени сүрөттөбөсүн, анын ички касиетин, маңызын, адам дүйнөсүн ачууга басым

жасаганы анын сүйүү лирикаларында кыйла ачыгыраак көрүнөт. Дагы баса белгилей кетчү нерсе, башка темадагы ырларына караганда акындын сүйүү лирикалары жаңы табылгаларга бай болуп, аларда жандуу, чыныгы поэзияга мүнөздүү өзгөчөлүктөр көбүрөөк көрүнөт. Сүрөттөп туюнтуунун өзгөчө манераларын издеген акын жан дүйнөнү тазартуу мүдөөсүн көздөп, муну табигый көрүнүштөрдүн ыргагы менен жуурулуштурууга жетишет. Буга «Махабат саптары» деген ыр түрмөгүн ачык далил болот. Бир ойду ар кыл өңүттөн, жаңыча көз караш менен баамдоо, байкоо, сүйүүнүн касиетин, улуулугун, ыйыктыгын даңазалоо, сагыныч, таарыныч, кусалык сыяктуу сезимдерди, абалды, көрүнүштөрдү улам жаңы ыңгайдан ачып берүү аракети ийгиликтүү ишке ашат. Сүйүү кандай гана азапты тарттырбасын, лирикалык каарман сыр жашырбаган, ойчул жана сезимтал адам катары көз алдыга тартылып, анын сүйүү кумары окурманга да өтөт.

Актанып эмне, көп сүйдүм сулуу аялды,
Ар бири бүтпөс, көркөмү ашкан баян бу.
А бирок сендей пери жок экен дүйнөдө,
Тоотпостон жүрүп өмүрүм кыркты таянды.

Гүлазык болсун өлөсө жанга илебиң,
Ак мамык болсун акактай жумур билегиң.
Бүт дүйнө бизге бут тосуп каршы чыкса да,
Жолукчу мага мезгилдин таап бир илебин…

Эмне кыл дейсиң, акыркы буйрук өлүмбү?
Сүйөмүн деп кой – мен бузуп чыгам көрүмдү.
Булактай тунук агылып турам шаңгырап,
Гүлзарга бөлөп беремин бопбоз чөлүңдү.(1)

Ал эми акындын сүйүү жөнүндөгү «Мейкиндикке сыйбаган көк желе», «Останкино, мен адашкан от» деген поэмаларында жогорку ыр түрмөктөгү ойлорун андан ары тереңдетип, сүйүүнүн катаалдыгын, өзгөрмөлүүлүгүн, татаалдыгын, өмүр, өлүм, тагдыр менен бирдикте карап, махабат кумарын образдуу жана көркөм ачып берет.

(1) Эрматов Э. Чыгармаларынын жети томдук жыйнагы, -Б. 2011. – 379-б.

Ыр – бул рух. Дүйнөдөгү ар бир улуттун, элдин ыры – анын руху. Ал адамзаттын жашоодогу деми, акыл-эсиндеги улам жаңыдан пайда болгон дүйнө таанымдардын чагылышы, ал учурдагы материалдык дүйнөнүн отчет-фактографиясы эмес, адамдын чексиз дүйнөгө кошулууга умтулуусуна, ааламдын адамзат акылына али аян боло элек купуя сырларын билүүгө, туюуга болгон аракет десек, Э.Эрматов поэзиясы так ушул өңүттөн ачылганы канааттандырат.

Э.Эрматовдун чыгармаларынын 7-томундагы «Заман кайрык» аттуу бөлүгүндө акындын көңүлүн чөктүрүп, көп ойлонткон заман ырлары орун

алган. Өз алдынча там-туң баскан баладай өлкөнүн ичиндеги жаш баладай эмчек сураган элинин карапайым жашоосун ар тараптан ачып берүү бул ырлардын лейтмотивин түзөт. Анда акындын заман темасындагы көркөмдүк жактан чабалыраак ырлары менен катар эл деп соккон чыныгы акындык жүрөгүнөн оргуп чыккан кыйла мыкты ырлары да орун алган.

Ошентип, элибиз эгемендүүлүккө ээ болуп, калем кармагандын баары акын болуп, ыр сели үрөй учуруп селдей каптап, ырынан «пыры» көп томдуктар чыгып турган мезгилде Э.Эрматовдун жети томдугу кыргыз окурмандарынын жөн гана китеп текчесин байытпастан, жан дүйнөнү тазарткан татынакай поэтикалык туундулары окурманды кайдыгер калтырбайт деп ишенсек болот.

МАЗМУНУ

Кириш сөз...............................................................3
Кайра куруу мезгилиндеги поэтикалык
туундулар...............................................................5
Катаал заман көйгөйлөрү – поэзия
кайрыктарында...................................................26
Табият – акындын жан дүйнөсү...........................165
Лирикалык «мен» жана Ж.Садыковдун
поэзиясы..............................................................175
Э.Эрматовдун поэзиясы: изденүүлөр жана
табылгалар...................................................................197
Корутунду..............................................................206

Исаева Сайра Нуркасымовна

**Кыргыз поэзиясы тууралуу айрым этюддар**

Компьютердик калыпка салган: Таалайбекова Э.
Форматы 60х84 1/16, «Times Kirg» ариби. Осфеттик кагаз.
Көлөмү – 13 басма табак. Нускасы – 500 даана.